Скирг
К-17

Нуржамал Калмаматова

# Ырга айланган арзуулар

Бишкек 2016

С
К 17.

**Нуржамал Калмаматова**

# ЫРГА АЙЛАНГАН АРЗУУЛАР

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана

**Бишкек 2016**

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 477613

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 5
К 17

Калмаматова Нуржамал
К 17 Ырга айланган арзуулар: –Б.: 2016. – 320 б.

ISBN 978-9967-28-182-0

Акындын жаңы жыйнагында эл-жер, ата-эне жана сүйүү темасына арналган ырлары өзүнүн өзгөчөлүгү, жүрөккө жакын саптары менен окурмандын көңүлүнөн түлөк табат

Токтогул
ИНВ №
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 5

К 4702300200 – 16
ISBN 978-9967-28-182-0
© Калмаматова Н., 2016



## БАШ СӨЗ

Акындар назик, сезимтал келишет. Ошондуктан көргөн нерсесин, болуп жаткан окуяларды көкүрөгү менен туюп, жүрөгүнөн өткөрүп, сөздүн "гүлүн" терип уйкаштыкка салып экинчи адамдын жан дүйнөсүнө жеткире билишет.

Руханий байлык, ички дүйнө менен "эсептешпей" материалдык байлык үстөмдүк кылып жаткан азыркы мезгилде китеп окурмандары аз болуп жатат. Жалаң интернет менен жашап калган замандаштарыбыздын арасында өмүрүн чыгармачылыкка арнап, аз каражат тапканы менен руханий чоң байлык топтогон таланттуу адамдарыбыз менен сыймыктанышыбыз керек. Алардын арасында акындардын да ролу чоң. Ким кандай ыр жаратат, уйкаштыктар сакталабы же жокпу, же аша чаап кетеби, кеп анда эмес. Кеп жүрөктөн чыккан ырларда.

Мен Нуржамалды кичинекей кезинде көрүп жүрчүмүн. Башталгыч класста окуганына карабай сөздү таптап сүйлөп, ар бир сөзгө маани берип, түшүнбөгөнүн сурап тыкан болчу. Бул жөнүндө мугалимдер да сөз кылышып калышар эле. Анда мен жогорку класстарга кыргыз тилинен сабак берчүмүн. Арадан 20 жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин капысынан фейсбук баракчасынан ырларын окуп калдым. Ортодогу жылдар аралыгындагы Нуржамалды тааныбасам да, ырлары аркылуу поэзия дүйнөсүндө жашап келе жаткандыгын билдим. Ал ар түрдүү темада ырлар жазып, өз окурмандарын топтой алыптыр.

Абасы таза, суусу тунук, жаратылышы кооз Көлдүк айылын "Көргүм келет айылымды" деген ырында сонун саптар менен сүрөттөптүр:

"Көргүм келет жаңгак менен алма коро алганын,
Жай айында нурга бөлөп ысык сонун аптабын."

Же:
“Көргүм келет жайдын күнү таңдын эми атканын,
Тээ чокудан ылдый көздөй күндүн бери акканын.”
“Бар болгула атам менен апакем” деген ырында:

“Туу тутамын акыл-насаат айтканын.
Сагынамын бизге арнап катканын,”
– деп жазат. Мында эң жөнөкөй сөздөр менен эле ата-эненин образын түшүнүктүү кылып берген. Ал эми “Куржунум” деген ырында жашоосун, өмүрүн поэзияга арнаганын төмөндөгүдөй ыр саптары менен билдирет:

“Сөз куржунун артып алып жонума,
Калемимди тиреөч кармап колума,
Жөнөп калдым өргө карай жол алып,
Акындыкты жакын тартып боорума.”

“Мен сени сүйгөн жокмун” деген ырында “жан дүйнөмдүн боштугунан, ашыктыктын коздугунан, зериккенден, терикенден, кийген кийиминден, сулуулугуңан улам сүйгөн жокмун, мен чындап эле жүрөгүмдөн сүйдүм” деп жүрөккө жетчү саптарды жазыптыр.

“Айтам дайым мен Алайдын келини,
Тапканым чын ыйык жерден теңимди.” Же :
“Таазим кылам Алай эли жалпыңа,
Сен өстүрүп берген үчүн бегимди”.

– деген саптардан автордун кыргыздын ыймандуу келини экенин окуган адам дароо эле түшүнөт. Мындай мисалдарды келтире берсек абдан көп. Нуржамалдын ырларына обончулар обон жаратып да жатышат. Бул да жакшы нерсе.

Кел, окурман, андан көрө Нуржамал Калмаматованын ыр дүйнөсүнө баш багалы да, ага чыгармачылык ийгилик каалап, келечекте алп акындарыбыздын катарынан орун алышына тилектеш бололу.

***Сүйөркулова Гүлпар***





Бар дүйнөм, бар байлыгым элестеген,
Ал менин ырга айланган арзууларым. –

деп башка акындар сыяктуу эле ыр талаасынын чыныгы иштерманы Нуржамал Калмаматова «Ырга айланган арзуулар» аттуу жаңы ырлар жыйнагын сунуштап жатат. Акын кызыбыздын бул китеби окурмандардын колуна тийип, жылуу кабыл алынышына ишеним артабыз.

Бул китепте бир кыйла окурмандардын көңүлүнөн түнөк тапчу, сезимдерди козгогон, жан дүйнөсүнө тынчтык берген ырлар камтылган. Мында сүйүү темасын калемгер жогорку деңгээлде көркөм чагылдырып окурмандарга тартуулайт.

Бизди кубандырганы Нуржамал бул китебинде сүйүү темасына гана кайрылбастан, ата-эне, эл, жер, үй-бүлө, ден соолук темасына да көңүл бургандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Албетте, ар бир инсан өз табитине жараша ырды тандап алат деген ойдомун.

Башка жандар укса макул күлүшсүн,
Бар байлыгым болуп менин үмүтүм,
Эч нерсеге теңдеши жок бул дүйнөм,
Жаралгандай жашайм жалгыз ыр үчүн.

– деп ыр жаңыртып турган соң, Нуржамалга чыгармачылык жемиштүү ийгиликтерди каалоо менен өз окурмандары дем-күч берип сүрөп турсак, чыгармачылыктагы изденүүсү, талыкпас эмгеги көркөм дүйнөдөгү бийиктиктерге жетет деген үмүттөбүз.

Бул китеби чыгармачылыктын ак жолтой , байсалдуу башаты болсун!

***Ош Гуманитардык педагогикалык институту.***
***« Музыкалык билим берүү жана психология» кафедрасынын***
***башчысы Шерматова Назирахан Толоновна***

# БАР БАЙЛЫГЫМ БАКЫТ ЖАШОО ЫРЛАРЫМ, БАШКА ЖАНГА АЙТА АЛБАГАН СЫРЛАРЫМ





## ЫРГА АЙЛАНГАН АРЗУУЛАР

Эскерип оку калкым талкуулагын,
Элиме арнап жазып тартууладым.
Бар дүйнөм, бар байлыгым энчиленген,
Ал менин ырга айланган арзууларым.

Алса эгер шум ажал менин жаным,
Акырын бүлбүл өчүп бакыт шамым.
А бирок өчпөс болуп из калтырып,
Жашаса ырга айланган арзууларым.

Коштосо ар бир күндү аруу таңым,
Коздолот калем менен арзуу багым.
Ырым бар, ырым ыйык жашоом болгон,
Бул менин ырга айланган арзууларым.

Бүрдөсүн бүчүр алып жазчу шагым,
Жазылсын калем болуп кашык каным.
Кетсе да ден соолугум бир четинен,
Өлбөсүн ырга айланган арзууларым.

Бар дүйнөм ырга айланган арзууларым.

## ЫРЛАР ЖАЗСАМ

Болду деп каниет кылам болбой калат,
А бирок тобо деймин толбой барат.
Бул өмүр кандай күндү берсе дагы,
Адамзат ашып түшүп дагы самайт.

Кудайдын бергенине каниет айткан,
Пенделер сезеличи өмүр жалган.
Байлыкты жыйнап алсам калып кетет,
Пайдалуу болсо керек ырлар жазсам.

Коротсом  ырларымды калемге мен,
Көңүлүм толукталаар өмүргө тең.
Топтой берем мага байлык болуп берет,
Ырларымды батырууга жан дүйнөм кең





## ЭСКИ ДЕПТЕР

Калып кеткен эски дептер ачылбай,
Тебеленбей турат бекем чачылбай.
Көңүл бөлүп карап койсом не болот,
Ачыл дептер сырларымы жашырбай.

Эски дептер окуюнчу калтырбай,
Чыгат сөздөр тизмектешип алтындай.
Мага керек түбөлүктүү азыгым,
Сөз бермети чыга берсин чачырай.

Катып койгон сөз бермети ачыл ай,
Ойлорум бар бир өзүңдө чалкып ай,
Сураганга берем бирок сатпаймын,
Дептеримен сөздөрүмдү казып ай.

Сени менен бир өмүргө калгыдай,
Эрким жетет жаңыртып мен алгыдай,
Касиетиң барктай билем түбөлүк,
Алмаштырбай бекитейин катып ай.

## ЫРЛАРЫМ

Ача салам дептеримди ыр жазам деп ашыгып,
Сөздөр чубайт эргүү келип жан дүйнөмдө жаңырып.
Көккө жетип бийик уччу элестетем өзүмдү,
Ошол кезде саптар турат канат күүлөп талпынып.





## ӨЧПӨСҮНЧҮ ЫРЛАРЫМ

Өмүр толкуйт сүйүнүчтөн күү чалып,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө кол салып.
Туула турган, менин күткөн ырларым,
Качан болсо келесинби нур жанып.

Көөдөнүмдө сезим турат өрт алып,
Ойлор келип алга жылат жол салып.
Көкүрөктөн чыкпай жаткан ырларым,
Кеч болсо да келесинби бел ашып.

Жан дүйнөмдү козгой берет ой калкып,
Кең ааламдай жаткан сымал бир чалкып.
Жанар тоодой чыксаң дагы жарылып,
Ырларымды топтоп алсам мен тартып.

Бүт денемди ойлор курчайт чубалып,
Сөздөр менен аралашып куралып.
Кайда барсам ээрчип жашап алгандай,
Өмүрүмдө жашай берет уланып.

Тутанып кой отко барам чок салып,
Быкшып түтөйт күйсө дедим бир канып.
Түбөлүккө өчпөс болгон ырларым,
Жүрө берчи жылдыз сымал сен жанып.

## ЫРЛАРЫМА КААЛАРЫМ

Жан дүйнөмө жарык берген жакшы тилек көп болсун.
Кайда барсам ээрчип жүргөн ыр куржунум жык толсун.
Көкөлөтүп көңүлүмдү эргүү келсе өзүмө,
Татаал жолдо тайгаланбай ырларыма кут консун.

Коштоп мени калем сабым, учсам кошо куш болсун.
Көңүлүмдөн чыгып жаткан ырларыман көл толсун.
Океандын толкунундай толкуй берчи ырларым,
Жаза берем бир өзүңдү сыйкырланган шык консун.

Көлөм эмес мааниси бар таасын сөзгө жык толсун.
Көркөм эмес курч ойлордон курчап ырым бек болсун.
Окурмандар маани берип суктанышсын өзүнө,
Түбөлүктүү сөз коштогон ырым сага бак консун.





## ЫРЛАРЫМДЫ УУРДАБА

Берсе кудай жарык болуп бул аалам
Акындыктын жолун таза куралам,
Ыр жазайын деген менен а бирок,
Уурдабачы ырларымды суранам.

Жан дүйнөмү ырларыма буралам,
Коргоп алып тикеден тик туралам,
Ыйык көрөм өзүм тууган баламдай,
Уурдабастан кете берчи суранам.

Жат бирөөнүн ырын албайм, уялам,
Келсе сөздөр калем менен туялам,
Арнап алдым өмүрүмдү өзүнө,
Жазып алып кубанам ай, кубанам.

## БАЙЛЫГЫМ

Турат бирөө колдо байлык кармаган,
Жан дүйнөсүн жыйганына арнаган.
Кепке келбей чиренип ал өмүрдө,
Өтчү сымал түбөлүктүү жалгандан.

Дагы бирөө ден-соолук деп жүгүргөн,
Байлыгым деп дал ошону түшүнгөн.
Бул өмүрдөн амандыгын тилеген,
Байлык барбы ден соолугун күтүүдөн.

Үй-бүлөм бар, балдарым бар сүйүнткөн.
Душманым бар көрө албаган, күйүнгөн.
Кандай сыноо, бакыт жашоо берсе да,
Кудайымдын закону деп түшүнөм.

Сантарым бар оргуп чыккан жүрөктөн,
Жаза салсам жеңилденип сүйүнөм.
Кереги жок мындан ашык бакыттын,
Байлыгым деп ырларымды түшүнөм.





## ТАНДАЙМ СЕНИ КАЙРАДАН

Орун алып жан дүйнөмдөн чыкпаган,
Артык көрөм жанымдан да, кыйладан,
Жашоом жоктой элестетем өзүңсүз,
Жүрөгүм да ыр жазганда жыргаган.

Чынжыр менен бүт денемди чырмаган,
Бир өзүмдөн башка жерге сыйбаган,
Жашайм билбейм аралашып өзүңө,
Ыр түрмөгү чыгып менде ырбаган.

Ыр жашоого аралашып  жашаган,
Белгисиз куш коштоп мага сайраган,
Көз алдыма келе берет тартылып,
Айланамда гүлдөй сөздөр жайнаган.

Колдоп мени белгисиз күч жандаган,
Бөлөп алат ырга салып айланам,
Мени менен кошо кетет жашоодон,
Тандайм ырым туулсам  эгер кайрадан.

## ТОСКООЛДУККА КАРАБАЙМ

Канча тоскол чыкканына карабай,
Жаза берем ырым сенден тажабай.
Жолум тороп сенден алыс түртсө да,
Кетпейм сени эч бир жерге таштабай.

Мен жашоодон бир өзүңдү тапкандай,
Жүрсөм экен ушул жолдон адашпай.
Коргойм сени суум тугөнүп калганча,
Чыкса дагы тоскоолдуктар ар кандай.

Өтөм бирок каршылыктан чарчабай,
Сен үчүн мен кыйын күндү байкабай.
Канча азап тартканымды билесиң,
Чыгып турсаң жаза берем каталбай.

Турам бүгүн өтүп күндөр ар кандай,
Тоскоолдуктар калды окшойт аярлай.
Жашоом менин бир өзүңө байланат,
Жакшы мезгил келип мага ак таңдай.





## МЕН ӨМҮРДӨ

Мен өмүрдө таптым бекен ордумду,
Өзүмө да айта албай жообумду.
Үй-бүлөнү курган менен а бирок
Ыр жазууга жайып алдым торумду.

Сунуп алдым толгон сөзгө колумду.
Сууруй албайм, торобочу жолумду.
Кадам таштап эми баскан баладай
Издеп жатам ыр дүйнөдөн тобумду.

Сураганга айтам ушул оюмду.
Ырым үчүн жарга така боюмду.
Тоскоолдукка карабастан жөнөдүм
Тосуп чыгып көтөрсөң да союлду.

Кандай сыноо берсе макул тагдырым,
Өзгөртпөймүн ырга деген оюмду.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 477613

## БАКТЫЛУУМУН

Ойлодум мен өмүрдө бактылуумун,
Сөз курап, ыр жазууга татыктуумун.
Элиме салым кошуп ырым менен,
Аралашсам акындарга акылуумун.

Күтөмүн сөздөрүмдү, сабырдуумун,
Жанымдан артык көргөн кадырлуумун.
Өлбөстүн изин сактап кала турган,
Ыр жазып өтөм деген жарык нурмун.

Өлсөм деп ырларымдан азык курдум,
Калсын деп түбөлүккө көңүл бурдум.
Сындашсын жаза берем талыкпастан,
Сөз берем ыр жазууга татыктуумун.

Тагдырым татаал жолду камдап турсун,
Жазба деп түртүп алып ары бурсун.
Баары бир жаза берем түбөлүккө,
Ырым бар ошол үчүн бактылуумун.





## КУРЖУНУМ

Сөз куржунун артып алып жонума,
Калемимди тиреөч кармап колума.
Жөнөп калдым өргө карай жол алып,
Акындыкты жакын тартып боорума.

Кыл аркандан тарткан болсун жолума,
Илип көрсүн илинбеймин торуна.
Жол алган соң артка такыр кайтпаймын,
Жетким келет акындыктын тобуна.

Түшпөйт колдон ар бир ырым боорумда,
Ыраа көрбөйм бирөөлөрдүн колуна.
Сенсиз өмүр кечире албайм, билемин,
Ыр куржунум түбөлүктүү соолуба.

## ЖАРАЛГАНДАЙ ЫР ҮЧҮН

Ойлорумдан чыгаралбай эч бүтүм,
Бул жашоодо өтүп мезгил бир үзүм.
Алпурушам тыным билбей өмүрдө,
Айткылачы деги жашайм ким үчүн?

Күрөш жүрүп жашоо үчүн күнү,түн,
Мезгил учат токтобостон жүрүшүн.
Чарк айланып кетип жатат убакыт,
Жашап өтөм, жашайм билбейм ким үчүн.

Кээ бир кезде балдарым да, сүйүктүүм,
Жат болгондой жашап жаткан өз үйүм.
Элестетем, элестетем. өзүмдү,
Жалгыз гана жаралгандай ыр үчүн.

Башка жандар укса макул күлүшсүн,
Бар байлыгым болуп менин үмүтүм,
Эч нерсеге теңдеши жок бул дүйнөм,
Жаралгандай жашайм жалгыз ыр үчүн.





# СИЗ ЖӨНҮНДӨ БҮТПӨЙ ЫРЛАР ЖАЗЫЛАР, ДАЛАЙ, ДАЛАЙ АЛТЫН СӨЗДӨР ТАБЫЛАР

## ЖАШАЙ БЕРЕМ СЕН БАР ҮЧҮН

Күткөнүм бар мени бирөө сагынган,
Бул өмүрдө жашайм анын артынан.
Тосуп алса жашообузга нур толот,
Кетпесинчи ушул мүнөз калбынан.

Маңдайыма менин гана жазылган,
Кудай кошуп өмүрүмө табылган.
Мен суу болсом бул жашоого кошулган,
Көз жетпеген океансың чалкыган.

Бул заманда жашай берсем талпынган,
Колдоп мени жөлөп жүрөт артымдан.
Сендей мүнөз адамдарда көбөйсүн,
Чыгып четтен үлгү болуп калкымдан.

Менин жашоом сага гана арналган,
Табиятым тартуу берип замандан.
Сага болгон сезимим ак түбөлүк,
Жашай берем өмүр улап артыңдан





## КУТТУУ БОЛСУН

Куттуктаймын туулган күнүң, жарыгым,
Ден соолуктун берсин кудай асылын.
Таттуу өмүр кечирем деп жашоодо,
Сени менен турмуш жолун таанылым.

Куттуу болсун туулган күнүң, жакыным,
Каалайм сага асманыңдын ачыгын.
Тирөөч болуп колдоп алып өзүмдү,
Аябайсын берип кеңеш, акылың .

Куттук айтам туулган күнүң, бакытым,
Улуу болсун айланаңа кадырың.
Баалай билем жашоодогу ордуңду,
Сен бар үчүн бийик учуп,калкыдым.

## МЕН ДЕП ГАНА СОГО БЕРСИН ЖҮРӨГҮҢҮЗ

Бир максатты көздөп алып тилегибиз,
Түбөлүккө бирге согуп жүрөгүбүз.
Кол кармашып ажырабай өтөлүчү,
Сүйүү болуп экөөбүздүн билгенибиз.

Мени гана эңсеп турсун илебиңиз,
Жалгыз сиздин болоюнчу сүйгөнүңүз.
Жашоодогу кандай учур болсо дагы,
Болгум келет, жароокерим, тирегиңиз.

Мендик болуп жашап өтүп бул өмүрдө,
Мен деп гана соге берсин жүрөгүңүз.





## ТҮШҮНСӨҢ МЕН ЖАЗАЙЫН

Жазып келем адамзаттын сүйүүсүн,
Сезимдерин, азаптарын, күтүүсүн,
Туура түшүн тагдырлашым өзүмдү,
Жашап жаткан жашоодогу күйүтүн.

Жазып жатам, дос, туугандын сүйүүсүн
Жалындаган жаштыгынан бир үзүм.
Түшүнөрсүң тагдырлашым сен мени,
Өмүрдөгү жашап жаткан үмүтүн.

Жазган болсом бул ааламдын сүйүүсүн
Жарыгын да, караңгысын, күлкүсүн.
Түшүнүп кой тагдырлашым өзүмдү,
Татаал жолдун сүйүнүчтө жүрүшүн.

Жазгым келет бул жашоодон бир үзүм,
Сүйүүлөрдүн аякташын, бүтүшүн.
Колдоп турсаң тагдырлашым ар качан,
Жазайынчы адамзаттын сүйүүсүн.

## ОРДУҢ БӨЛӨК САДАГАМ

Бир заматта өзгөрүлүп айланам,
Сыйкырына бөлөп алды карасам.
Колдо калем токтобостон чиймелеп,
Билинбестен ырга айланды заманам.

Кең дүйнөнү калем менен караган,
Айтылуу бир акын болсом Жараткан.
Арманы жок өтөр элем өмүрдөн,
Мен элимдин керегине жарасам.

Ырларымды табиятка арнасам,
Жаратылыш кооздугун даңктасам.
Ыр дүйнөңү ээрчип кеттим азыр мен
Таарынбастан күтө турчу садагам.

Ырларымды адамзатка арнасам,
Тууган, достор көп экен го санасам.
Өмүр бою жазам, жазып үлгүрөм,
Күтөсүңбү таарынбастан садагам.

Өмүрүмдү ырларыма арнасам,
Колдоп берчи капаланбай садагам.
Жан дүйнөмдө толуп ашкан сезимди,
Жалгыз гана бир өзүңө арнагам.

Бир заматта ырга айланган заманам,
Жөлөк болчу дагы канча ыр жазам,
Таарынбачы, капаланба а бирок,
Ордуң бөлөк жашоомдо сен садагам.





## МЕН БОЛОЮН

Ыраа көрүп ыйык сезим арнаганың,
Жан дүйнөңө катып бекем сактаганың,
Мен болоюн, ошол инсан мен болоюн,
Жүрөгүңдөн сүйөмүн деп тандаганың.

Кучагыңдан кетирбестен кармаганың,
Көргүң келип, көзүң тойбой канбаганың,
Мен болсом деп кыялданам, мен болсом деп,
Оюңдагы жарың болуп каалаганың.

Сүйдүм сени, сүйгөнүм деп барктаганың,
Бир өзүмө башыңды сен байлаганың,
Мен болсом ээ ошол селки, мен болсом, эх,
Өмүр бою жетелешип жандаганың.

Бөтөн жанды сүйөмүн деп айтпаганың,
Сени карап, сени ээрчип калбаганың,
Мен болоюн, чындап эле мен болоюн,
Жандай көргөн жарың сенин жайнаганың.

## МЕНИН БАКТЫМ

Жарыгым, жалгыз өзүң менин бактым,
Жашоодо жашап сенден баарын таптым,
Көздөгөн максатыма жетелесең,
Мен сага алоолонуп күйүп жандым.

Жакшынам сүйөм сени, сүйүп калдым,
Бул менин сага берген сезим, антым.
Бактыма менин гана жаралгансың,
Баалаймын ыйык, ыйык сенин баркың.

Өзүң бар өзгөрүлбөй атат таңым,
Суктанып бизди карайт күнүм,айым,
Жашоодо жалгыз сени сүйүп өтөм,
Жан биргем, жарыгымсың менин бактым.

Бир өмүр сүйүп өтөм эгер билсең,
Сен мага жаралгансың, менин бактым.





## АЛЫП КЕТЧИ

Алып кет мени жаным зоолоруңа,
Карабай бийик ашуу жолдоруңа,
Калаадан ушунчалык чарчаганда,
Ар дайым келет жериң ойлоруma.

Суктанам жериң Алай тоолоруңа,
Байлайын канатымды колдоруma,
Күүлөнүп токтобостон учалычы,
Билбеймин эчен барып тойбодум да.

Сен өскөн ыйык жериң коргонуңа,
Сүйүүнүн багын тигип коoздоймун да,
Жаныңдан эч бир жакка чыкпасам да,
Кайылмын барбай койсом борборума.

Өзүңдү өмүр бою колдоймун да,
Ээрчишип жүрө берем тоолоруңда,
Алып кет, алып кетчи бүгүн эле,
Айтылуу жериң Кызыл-Коргонуңа

## ШАМ ЧЫРАК

Жанып турчу үйүмдөгү шам чырак,
Жан дүйнөмө тегиз жанып, жаркырап.
Орун алдың жүрөгүмдүн төрүнөн,
Мээрим төгүп сезимиме ар убак.

Эркелетсең бул өмүрдө ар убак,
Жашап келем, таянып мен жол улап.
Жарык болдуң балдарыма, өзүмө,
Колдоп бизди түбөлүккө шам чырак.

Коргоп алчы караңгыда ар убак,
Жан дүйнөмө сүйүнүчтөн тартуулап.
Торол турсаң чыгарбастан жаныңдан,
Гүлгө айланам айланаңа сан курап.

Кучагыңдан чыккым келбей ар убак,
Эркелейин сүйүү кошуп тартуулап.
Таянамын бүт өмүрүм сага арнап,
Жана берчи менин сүйүүм шам чырак.





## МЕНИН ЖҮРӨГҮМ

Кетпес илдет билсең сагынуу,
Болгон үчүн сезим жактыруу,
Сени сүйгөн менин жүрөгүм,
Азап тартат болуп айыптуу.

Жан дүйнөмдө атың жазылуу,
Карегимде сенсиң тартылуу,
Сен деп соккон менин жүрөгүм,
Сезем бир күн болот бактылуу.

Сүйүп өтөм сени татыктуу,
Жашай берчи менде катылуу,
Сен бар үчүн менин жүрөгүм,
Жашайт дайым, дайым бактылуу.

Сен ойлогон менин жүрөгүм,
Кыялында жашайт бактылуу.

## СИЗГЕ

Күлмүңдөп көзүң,
Күнүмсүң өзүң,
Жан биргем менин,
Жагымдуу сөзүң.

Агарган таңым,
Асманым, айым,
Билбеймин неге,
Арбалат жаным.

Жарыгым күнүм,
Жаңырат үнүм,
Арнайын сага,
Түбөлүк сүйүүм,

Ашыкмын өзүм,
Айткандай көзүм,
Ар күнү укчу
Арнайын сөзүм.

Өтсө да кылым,
Түгөнбөй ырым,
Жазармын айтып,
Жүрөктөн сырым.





## БАКТЫЛУУ БОЛУП КЕТЕМ

Сыйкыры бул да болсо жактыруунун,
Сезимден издеп сени арттыруунун,
Сен үчүн жашап жатам бул өмүрдө,
Сүрөтүң тиктеп алып бактылуумун.

Айласын такыр таппай калтыруунун,
Амалын издейм сенден арылуунун,
Акыры мен сүйүүгө баш ийемин,
Акмалап көргөн кезде бактылуумун.

Билдиңби сага болгон сагынуунун,
Берилип сезимдерге багынуунун,
Байкабай сен жанымдан өткөн кезде,
Билгизбей өзүнчө мен бактылуумун.

## ЖАШООМ БИРГЕ

Жолугууга бүгүн сага барайын,
Мээримиңден сезимимди табайын.
Жүрөгүмдөн орун алып турасың,
Сени менен улайынчы сапарым.

Түбөлүккө бир болсун деп кадамым,
Ата-энемин ак батасын аламын.
Сага кошкон кудайга мен ыраазы,
Өзүң менен бир болууну тандадым.

Көргөн кезде арбап мени жамалың,
Сезип турам жүрөгүмдүн абалын.
Кол кармашып сени менен кетүүгө,
Жол көрсөттүң, бир болууга даярмын.

Менин жашоом өмүрдөгү ардагым,
Сезим таза, тунук болсун сапарым.
Кандай жашоо буюрса да кудайым,
Мен өзүңө канат болуп жашайын.

Өмүрүмдү, жашоомду да арнайын,
Коштоп сени караан болуп жандайын.
Сага болгон сезимимди өчүрбөй,
Ак сүйүүмдү ар күн сайын арнайын.





## БИР ӨЗҮҢСҮН

Көңүлүм ток, бирок сени кызганам,
Жашап келем сезим мени курчаган.
Сенден башка бир да жанды сүйө албайм,
Өзгөчө го менин жашоом кыйладан.

Мүнөзүң бар, эч нерсеге сынбаган,
Ак сүйүүмдү арнайынчы сыйбаган.
Сен деп жашайм бул өмүрдө түбөлүк,
Жарың менмин бир өзүңдү сыйлаган.

Жашап өтсөк бул жашоодо жыргаган,
Берекесин берсин кудай жыйнаган.
Өкүнүчтөр болбосун деймин түбөлүк,
Кетпей дөөлөт, бакыт бизден жылбаган.

Бир өзүңсүн бар бакытка чырмаган,
Кубанамын сен жанымдан чыкпасаң.
Бир өзүңсүн менин жашоо, өмүрүм,
Ошон үчүн сүйүп сени кызганам.

## КЫМБАТЫМ

Жүрөгүмдүн үнүн уккан сырдашым,
Кайгырганда капа тарткан муңдашым,
Бул жашоодо бир болууга сөз берген,
Балдарымдын атасы бул кымбатым.

Жүрөгүмдү билем сени кыйбашын,
Кучагыңа кирип алып жылбашын,
Сезимдерге бөлөнөйүн түбөлүк,
Бактым менин барктуу болгон кымбатым.

Жүрөгүмө билем башка сыйбашын,
Ак сүйүүмдүн бөтөн жанга чыкпашын,
Сезесиң го айтпасам да баары бир,
Жалгыз өзүң жүрөгүмдө кымбатым.





## КЕЛГЕНСИҢ

Келгенсиң тагдырыма себеп болуп,
Кезигип кол кармашып максат коюп.
Керемет таттуу күндөр өтүп жатты,
Кемибей ар бир күнүм гүлгө толуп.

Кечикпей келдиң жаным колуң сунуп,
Кезикпей башка жанга көнүл буруп.
Кездешкен бул өмүргө ыраазымын,
Каалаган үй-бүлөнү чогуу куруп.

Күтүүсүз кирип келдиң жолум тосуп,
Күз эле экөөбүзгө бакыт кошуп.
Күүлөнүп канат байлап жол уладык,
Көргөндөр суктангандай көнүл буруп.

## БИР ӨЗҮҢӨ

Ыр жазамын бир өзүңө талыкпай,
Куржундагы асыл сөздөн алып ай.
Келе жатам бир кемеде жол улап,
Сен бар үчүн ар бир күнүм жарык ай.

Оюмдагы болгон сөздү жашырбай,
Сырдашымсың айтам сага калтырбай.
Сага кошкон тагдырыма ыраазы,
Билем, жаным, айтып бүткүс баркың ай.

Жашоодогу тагдыр кошкон, жаным ай,
Берген кудай мүнөзүңдү алтындай,
Үйүм жарык сен бар үчүн өмүрдө,
Колдоп жүрөт мени жерге калтырбай.





## САГЫНАМ ДА

Кечиксең күтүп сени таарынам да,
Караанын көрбөй калсам сагынам да,
Көрк берип сен жашоомо кирип келсең,
Билбеймин кайра эле жазылам да.

Бул менин жакшы көргөн, жакшынам да,
Сөздөрү таттуу ширин татынам да,
Деп айтып эркелетип койсоң мени,
Сезимим сендик болуп багынам да.

Сен болсоң түркүн ойдон арылам да,
Ичимден карааныңа жалынам да,
Жумуш деп узак жолго жөнөп кетсең,
Мен сени сагынам да, сагынам да.

## СЕН МЕНИН БАКЫТЫМСЫҢ

Колдодуң, жол көрсөттүң, жетеледиң,
Коргодуң, жылуу мээрим себеледиң.
Кай күнү канат күүлөп учам десем,
Коштодуң, ишеничим бекемдедиң.

Орнотуп бакыт нурун белендедиң,
Ойготуп сезимимдин себептерин.
Орноттуң үй-бүлөмдүн туусун бийик,
Оюма коюп мени, эркелеттиң .

Сен менин жандай көргөн жакынымсың,
Сен мени колдоп жүргөн асылымсың.
Сени деп бул ааламдан жашап өтөм,
Сен менин бакытымсың, бакытымсың.

Сен мага үмүт берген жарыгымсың,
Сен мага таяныч тоо, багытымсың.
Сен менин бул жашоодо айтып бүткүс,
Сен менин өмүр жарым, акылымсың.





# СҮЙҮҮ, СҮЙҮҮ БИР БАШКАЧА КЕРЕМЕТ
# СЫЗДАП ЖҮРӨК ЖАН ДҮЙНӨҢ ДА ТЕРМЕЛЕТ

## СЕНИ СҮЙӨТ ПЕРИШТЕ

Мен сүйгөндөй сүйсө сени периште,
Менде жүрөк даабайт аны кейишке.
Ашыктыктын азабынан кыйналып,
Анда жаным айланамын дербишке.

Жардам берчи бул дайраны кечишке,
Жүрөгүңдүн тээ түпкүрүн кезишке,
Мен сүйгөндөй эч ким сени сүйө албас,
Сага, жаным, мен боломун периште.

Сүйөмүн деп айттырбачы дегизбе,
Даяр эмес сенден жүрөк безишке,
Мен сүйгөндөй сени эч ким сүйбөсүн,
Түбөлүктүү жарың болом периште.

Сени менен кол кармашып бир өмүр,
Сени сүйүп өтөт жалгыз периште.





## МЕН СЕНИ СҮЙГӨН ЖОКМУН

Жашоомду өзгөрүлтүп толтуруудан,
Алсырап жан дүйнөмдүн боштугунан.
Мен сени сүйгөн жокмун, сүйгөн жокмун,
Ашыктык азабынын коздугунан.

Бекерчи болуп алып зериккенден,
Өчөшүп кээ бирөөгө териккенден.
Мен сени сүйгөн жокмун, сүйгөн жокмун,
Жүрөгүм бөтөн жандан бекингенден.

Өзүң карап кийинген көйнөгүңдөн,
Жүзүң сүйкүм жакшына көркөмүңдөн.
Мен сени сүйгөн жокмун, сүйгөн жокмун,
Ойлой берсин сүйдү деп көпкөнүнөн.

Өмүрдүн келбес болуп бүткөнүнөн,
Арзуулар жетесин деп күткөнүнөн,
Мен сени сүйгөн жокмун, сүйгөн жокмун,
Жашообуз сезимдерге түткөнүнөн.

Мен сени бул өмүрдө сүйүп өтөм,
Чындап эле, чындап эле жүрөгүмдөн.

## ЧЫГАРАЛБАЙМ ЖҮРӨГҮМДӨН

Козголуп орун алган түнөгүмдөн,
Чийилип эч көрүнбөй сүрөтүңдөн.
Каршы бол, каршы болбо эмне кылам,
Кетейин тоскоол болбой жүрөгүңдөн.

Козгобой тынч жашаган күндөрүңдөн,
Түш болуп көрүнбөстөн түндөрүңдөн.
Суранам, суранамын макул дечи,
Чийип сал биротоло жүрөгүңдөн.

Айтамын, аргасыздан, күйгөнүмдөн,
Өзүңдү унуталбай жүргөнүмдөн.
Мен сага антип кеңеш берген менен,
Билемин чыгаралбайм жүрөгүмдөн.

Башкача сени гана сүйгөнүмдөн,
Жолуңду тосуп карап күткөнүмдөн.
Айтканга оңой экен унут деген,
А бирок чыгаралбайм жүрөгүмдөн.





## СҮЙҮҮ

Ыйлаттын сүйүү,
Сыздаттын күтүү.
Сезимге чулгап,
Кыйнадың түрдүү.

Эх, сүйүү, сүйүү,
Өзүңө тутуу.
Баарынан кыйын,
Үмүтүм үзүү.

Бул сүйүү, сүйүү,
Болобу бүтүү,
Таппадым издеп,
Өзүңдөн күчтүү.

Ыйлаттын сүйүү,
Ырдаттын сүйүү.
Ыр жаздым сүйүү.
Ыр арнайм сүйүү.

## СҮЙҮҮ ЭПКИН

Оорубу, дартпы эпкин,
Жашоомо нени септиң.
Жыргабай кыйналамын,
Сүйүү сен алыс кеткин.

Ооба дарт ушул эпкин,
Түбүмө менин жеттиң.
Түн уйкум үч бөлүнүп,
Не деген сезим бердиң.

Бул кандай сүйүү эпкин,
Башкача сезим дептмин.
Кезикпей калсаң эмне,
Өзүңдөн келди кетким.

Ааламды көрүп кезгим,
Бир мезгил сага жетким,
Каалап мен турганымда,
Алыстап менден кеттиң.

А бүгүн кыйнап мени
Эх, сүйүү, болуп эпкин,
Түбүмө менин жеттиң.





## АКЫРКЫ КАТЫМ

Жарыгым, күнүм, айым,
Жашоодо менин барым.
Эстеп сен кайра келчи,
Алгачкы жазган катым.

Сайрабай сүйүү багым,
Көңүлүм болуп жарым.
Кыйналган жүрөгүмө,
Даба сен болчу, жаным.

Жүрөктө күйбөй жалын,
Алсырап барат табым.
Өзүңдү ойлогондо,
Уйкусуз атып таңым.

Токтобой тамчы жашым,
Сүйүүдөн ооруйт башым.
Өзүңө арнап жазган,
Акыркы болсун катым.

Жообу жок калсам эгер,
Акыркы болсун катым.

## МЕН СҮЙҮҮНҮН КУРМАНЫ

Себеп болуп сезимимдин куралы,
Боломунбу мен сүйүүнүн курманы.
Жүрөгүмө калкан болоор өзүңсүн,
Сага жаным тийбесинчи убалы.

Соолубасын сезимимдин булагы,
Өнө берсин көктөп жүрөк бутагы.
Даба болуп, аяп мени карап кой,
Болбосом ээ мен сүйүүнүн курманы.

Оорубасын жүрөгүмдүн кубаты,
Тоорубасын азап, күтүү кулачы.
Сен деп жашап өтүп ушул өмүрдөн,
Эч болбосом мен сүйүүнүн курманы.

Сени күтүп жашай берип өмүрдө,
Болом бир күн мен сүйүүнүн курманы.





## АЛЫСТАДЫҢ

Тагдырга таарынганың,
Же мени сагынганың,
Эч эле билгизбестен,
Эмнеге алыстадың.

Келсе да жакындагым,
Кезикпей алыстадың.
Келет деп жолуң карап,
Узатып алыс калдым.

Билинбей атып таңым,
Убакыт жеңип баарын.
Мезгилим болуп себеп,
Сен менден алыстадың.

Бактылуу күндү таштап,
Эмнеге алыстадың?

## СУРАНАМ СҮЙҮҮ СЕНДЕН

Суранам сүйүү сенден,
Өчүңдү алба менден?
Баарына баш ийсем да,
Жүрөгүм сыздайт неден?

Өтүнөм сүйүү сенден,
Алып кет баарын менден.
Жөн жаткан жүрөгүмдү,
Азгырып алдың неден?

Кааладым сүйүү сенден,
Алыстап кетчи менден.
Ашыкча кыйнап бүттүң,
Жаңылдым билбейм неден?

Алыстап, алыс кетчи,
Суранам сүйүү менден





## ДЕГИ КАНДАЙ

Сөзүңө тойбойм, тойбойм сенин балдай,
Байкасам сүйлөй албайт эч ким андай.
Баарынан сен башкача сезилесиң,
Керемет бир сыйкыр күч сенде бардай.

Жытыңа тойбойм, тойбойм искеп, канбай,
Өзүмдү арбап алган деги кандай,
Сезимдин сыйкырына бөлөп курчайт,
Жыттагым келе берет эч бир танбай.

Жүзүңдү тиктейм, тиктейм карек талбай,
Канчалык карасам да көзүм албай.
Билбеймин сага неге тоё албадым,
Алдыңбы сыйкырыңа мени арбай

## ЖАШАЙМЫН БИРОК СЕНИ УНУТАЛБАЙ

Дидарым коё бербей унуткарбай,
Окшобойт кайра барсам мурункудай.
Түбөлүк арман болуп калсын макул,
Ал күндөр жүрөгүмдө унутулбай.

Болсом да кээде сени унуткандай,
Жүрөгүм коё бербейт унуталбай.
Өзүңдөн алыстасам боломунбу,
Деңиздин толкунуна урунгандай.

Канчалык алыстаймын деген менен,
Жашаймын бирок сени унуталбай.





## МЕН СЕН ҮЧҮН

Кусалыктан жан дүйнөмө батпай турам,
Билбейм неге мен өзүңө тойбой улам.
Сен жанымда түбөлүккө болсоңчу деп,
Кыялымда жетким келип октой учам.

Мен сен үчүн, мен сен үчүн сүйүү курам,
Сезим гүлүн ай ааламдан издеп сунам.
Арзуу болгон экөөбүздүн ошол күнгө,
Жетем деген жакындады мезгил улам.

Жетелешип сен экөөбүз барчу күнгө,
Билинбестен жакындады мезгил улам.

## АЛМАШТЫРЫП ЖАТАМБЫ?

Батпай күнүм, атпай таңым караңгы,
Бир сыйкыр күч ээлеп алып санаамды.
Канча мезгил өткөнүн да байкабайм
Торобочу сүйүү күчү адамды.

Укпай кулак, көрбөй көзүм караңгы,
Ушунчалык сыздап жүрөк санаамды.
Удургуган ойлор кетпей эмнеге,
Сүйүү деген бир балээге каламбы.

Баштап алган таштай албай кадамды,
Бүтөй албай, бүтөлбөгөн жарамды.
Жашоо нугу өз алдынча өтсө да,
Сезим деген кыйнап барат адамды.

Сүйүү гүлү курчап бардык талаамды,
Сезим уучтап козгоп жүрөк калаамды.
Сыйкырлардын сыйкырына бөлөнүп,
Башка дартты алмаштырып жатамбы.

Сүйүү, сезим кандай болот билалбай,
Башка дартка алмаштырып жатамбы?





## КААЛАП ТУРАМ

Керек эмес мени коштоп жүргөнүң,
Керек эмес жолуң карап күткөнүм.
Бир мүнөткө келсең дагы жаныма,
Керек мага жылуу сөзүң сүйгөнүм.

Каалабаймын кабак салып түтөрүң,
Каалабаймын жасалмалуу күлгөнүң
Кандай учур болсо дагы жанымда,
Каалап турам ачык кабак мүнөзүң.

Көргүм келбей жамалыңдан жүдөдүм,
Көргүм келбей үзө албадым күдөрүм.
Кайчы жолдо сен экөөбүз калсак да,
Көксөп турам жадырап сен жүргөнүң,

Каалап турам жылуу болгон сөзүңдү,
Эңсеп күтөт жакшы сөздү жүрөгүм.

## САГА БОЛГОН СҮЙҮҮМ ӨЧПӨЙ ЖАШАСЫН

Байлап бердин сен сүйүүнүн азабын.
Тартып өтөм макул сезим жазасын.
Чаң жолтпойм ошондо да өзүңө,
Мен өзүмө коюп күнөө, катасын.

Сенден алган ошол сезим санаасын,
Мен өзүңдөн көргөн сүйүү каалгасын.
Мындан ары жүрөгүмө бекитем,
Көрбөсөм да бактылуунун талаасын.

Оронбодум мен сезимдин матасын,
Албай калдым аттин сүйүү батасын.
Сага болгон кол жетпеген ошол нур,
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө жашасын.

Бүтөй албайм сезимимдин жарасын,
Билбегендей болуп балким танасын.
Караанынды көрбөсөм да кайылмын,
Сага болгон сүйүүм өчпөй жашасын.

Билесиңби, билбейсиңби өзүң бил.
Сага болгон сезим өчпөй жашаарын.





## ӨКҮНГӨНДӨ ЭМНЕ ДЕЙМИН АЙТКАНЫМА

Билесиңби муктаж элем жардамыңа,
Болуп кайыл тагдырымдын жазганына.
Жашасам да сен түшүнүп кое албасаң,
Көрөмүн да не буюрган маңдайыма.

Өкүнбөймүн сени сүйүп калганыма,
Айлангансың сезимдеги каарманыма.
Башка чарам болбогон соң эмне деймин,
Сүйүү тилеп жашап өтөм балдарыма.

Сезим деген жылдыз жанып асманыма,
Сенсиз күнүм чөкпөс болуп барганыма.
Ушунчалык бир башкача толуп турам,
Өкүнгөндө эмне деймин айтканыма.

Түшүнсөм да сенин көрүп ал,жайыңа,
Көңүлүмдү сүйүү менен байладың да.
Тоскоол болбойм сөз беремин ишенип кой,
Муктаж болуп калсам дагы жардамыңа.

## СУРОО БЕРБЕ КЫЙНАБАЙ

Суроо берип кыйнабачы жакшынам,
Сүйлөй албай неге сенден айбыгам.
Сүрүң башка болсо дагы, жүрөгүм,
Сен деп согуп жашайт сүйүү айынан.

Ошол суроо кыйнайт мени жакшынам
Опол тоодой болуп мага баарынан.
Ошончолук сыздаса да жүрөгүм,
Ойлой берем бир күн сага жарылам.

Сурооң мени кыйнайт, кыйнайт жакшынам,
Сүйүп сени мен баарыңа багынам.
Сан ойлорду ойлосом да канчалык,
Сен деп соккон жүрөгүмө жалынам.

Неге мени таштап кеттиң дебечи,
Жалгыз сени сүйүп өтөм жакшынам.





## АРДАГЫМ МЕНИН

Ааламда ажайып бир бийик тоодой,
Жүрөсүн өмүр бою мени колдой.
Ишентип мен өзүңө жашап келем,
Өмүрдө ар бир күнүм өксү болбой.

Кубанам сен бар үчүн жашоом зоодой,
Өмүрдө келесин го мени коргой.
Жанашып өткөрөлү бул күндөрдү,
Өзүңсүз жашай албайм, жолум болбой.

Ардагым жашоом өтөт сен бар үчүн,
Өзүңсүз эч нерсеге жетпей күчүм.
Өмүрдө өбөк болуп жүргөнүңдө,
Бул жашоом, ар бир күнүм болуп бүтүн.

Сыймыгым болуп менин бул өмүрдө,
Жашайлы таттуу жашап түбөлүккө.
Мезгилди, убакытты ыйык кармап,
Жетеличи максаттардын тээ түбүнө.

## ЭЛЕСИҢДИ САГЫНАМ

Кайда кеттиң кабарыңды билбедим,
Өзүңдү мен бүт ааламдан издедим.
Көрүнбөйсүн эч бир жерден, эч жерден,
Окшоштуруп канча жанды тиктедим.

Издей берип мен жашоомду жектедим,
Билбейм, билбейм канча мезгил кеткенин.
Унутамбы, себеп болуп билбеймин,
Бүгүн сени кайра неге эстедим.

Көз алдымдан кетпей сенин элесиң,
Ойлорумда, кыялымдын белесин.
Элестетип, элестетип жашадым,
Айдаса деп сен жашоомдун кемесин.

Жоготпостон сактайм сүйүү жебесин,
Сени менен элестеткен ар бир күндүн элесин.
Курчап алган түркүн ойлор чыгалбай,
Кыялымда мага кайтып келесин.

Элесиңди сагынамын, сагынам,
Сүйөрүмдү бир билип кой жакшынам.





## ЖАШООМ БӨЛӨК

Сүйөрүңдү эгер билсем каралдым,
Сени сүйүп жүргөнүмдү айтмакмын.
Үндөбөстөн тиктеп коюп айталбай,
Билбедиңби кечигип сен калганың

Жолум бөлөк, жашоом башка болорун,
Билдиң окшойт кайчы экенин жолдоруң.
Татаал жолдон тайгаланбай өтсүн деп,
Сен жөнүндө далай жолу ойлодум.

Жашоом башка мага себеп болбочу,
Үй-бүлөм бар, күткөнүм бар ойлочу.
Калкан болуп, өзүң тапкан жашооңдон,
Кайралып сен мага келбе, токточу.

## ТАППАДЫМ МЕН СҮЙҮҮНҮН УЛУКМАНЫН

Сүйүүнүн издеп таппай Улукманын,
Сүңгүгөн ойлор ороп куруткaнын.
Сүрөтүн канча тарттым байкабадың,
Сүйрөлүп жүрөгүмдүн ушул дартын.

Жүдөтүп кетпес сезим уютканын,
Жүзүмдү күтүү, азап суюлтканын.
Жүз жылда байкабастан өтөсүңбү,
Жүрөгүм издесе да Улукманын.

Күйдүрүп бир күн баарын унутканын,
Күүлөнбөй канатымдын урунганын .
Күндөрүм дал ушинтип өтсө кантем,
Күтүүдөн издейт жүрөк Улукманын.

Сүйүүнүн  дартына ал даба болор,
Таппадым эч бир жерден Улукманын.





## ООРУП ТУРАМ

Бозоргон булут каптап тooруп улам,
Ашыктык ээлеп алып колум сунам.
Жакшынам дартыма сен даба болчу,
Мен бүгүн сүйүү менен ооруп турам.

Сүйүүмдү арнап алып сен деп туям,
Ойлогон ойлорумду сага бурам.
Дидарың бир көрүүгө зар болуп мен,
Эмнеге сезим менен ооруп турам.

Сезимден курулгандай менин уям,
Жүрөгүм сени тыңдап, сени угам.
Сүйүүгө кабылганым билип койчу,
Ашыктык азабынан ооруп турам.

Тыңшачы сени  айтып маек курам,
Жазылып калабы деп балким кусам.
Түшүнчү, түшүнүп кой абалымды,
Түбөлүк сүйүү менен ооруп турам.

## АЛА-АРЧАНЫН ЖАМГЫРЫ

Кучагына кысып алса жакыным,
Ошол учур болуп менин бакытым.
Сезимдердин сыйкырына бөлөндүм,
Көрүп алып Ала-Арчанын жамгырын.

Бекем кысып кучактаса жакыным,
Жүрөгүмдө оттой ысыйт жалыным.
Күбө болуп Ала-Арчанын жамгыры,
Бир башкача төгүп жаады акырын.

Жүрөгүмдө согуп бардык тамырым,
Сезим үчүн баш бералбай акылым.
Эх, керемет, Ала-Арчанын жамгыры,
Сездирдиңби сен сүйүүнүн кадырын.

Бир башкача сыйкырына бөлөгөн,
Сагынамын Ала-Арчанын жамгырын.





## ЖАМГЫР МЕНИ ЫЙЛАТЫП

Жаады жамгыр мени дагы ыйлатып,
Жан дүйнөмө бүлүк салып, сыздатып.
Жүк баскандай кыйнап неге төктүң ээ,
Жүрөгүмдүн кан тамырын кыйратып.

Себелеген жамгыр мени ыйлатып,
Сезимдеги жаратымды ырбатып.
Сени гана эске салып олтурам,
Секетиңди алып кетчи жыргатып.

Төктү жамгыр дагы бүгүн ыйлатып,
Төңкөрүшкө жүрөгүмдү чырматып.
Түн уйкумдан сени гана көрсөм ээ,
Түп тамырым калаар беле чыйралып.

Ушунчалык жаады жамгыр ыйлатып,
Уйгу-туйгу ойлор менен кыйналтып.
Убагында барктай албай калсам да,
Уялыңкы карагансың кызгантып.

Сен экөөбүз бирге тоскон жамгырлар,
Бүгүн мени турат жаным ыйлатып.

## БАГЫНДЫРЫП АЛДЫ СҮЙҮҮ

Дүйнө мени сүйүү менен аңтарып,
Сезимине куйкалады чаңкатып.
Көзүм жумуп койбойм неге кол шилтеп,
Алган үчүн биротоло баш багып.

Аалам мени сезим менен башкарып,
Өнүп чыкты сүйүү гүлү таш жарып.
Кантип тыйып токтотомун билбедим,
Жүрөгүмдү ээлеп алса жармашып.

Угар бекен айтсам эгер жар салып,
Жүрсө кантем байкаса да таң калып.
Даба таппай калганымды билеби,
Жүрөгүмдү сууруп берсем алпарып.

Сүйүү мени ээлеп алса арбалып,
Жүрөгүмдөн чыкпай койсо байланып,
Баш ийемин, башка чарам жок менин,
Калса деймин сезим гүлү баркталып.





## БИЛЕСИҢБИ, СЕЗЕСИҢБИ, ТУЯСЫҢБЫ?

Билесиңби жалгыз сени сүйөрүмдү,
Дале үзбөй келем сенден күдөрүмдү.
Элестетип, элестетип жашай берем,
Сени менен бирге болор күндөрүмдү.

Сезесиңби сени гана сүйөрүмдү,
Келеби деп жолуң карап күтөрүмдү.
Окшоталбайм бирок сага эч бир жанды,
Мени карап жылмайыңкы күлгөнүңдү.

Туясыңбы сени сүйүп өтөрүмдү,
Көргүм келип издей берем көздөрүңдү.
Сага деген сезим мага тартуулаган,
Ошол өткөн сагынамын көктөмүмдү.

Билесиңби, сезесиңби, туясыңбы?
Тирүүлүктө сени сүйүп өтөрүмдү.

## ТОСУП АЛЧЫ

Оттой кызып турган чыгар илебиң,
Чоктой ысып калды бекен жүрөгүң.
Сенден алып бир башкача жылуулук,
Барайынчы тосуп алса Бишкегиң.

Болгум келет сенин жалгыз тирегиң,
Аткарылсын ойлогонуң, тилегиң.
Баргым келди сен жашаган шаарыңа,
Ак сүйүүнүн төшөп тосчу килемин.

Окуп сенин жүрөгүңдүн китебин,
Орун алып каларымды билемин.
Эгер калсам ошол сенин калааңда,
Айтам мен да менин шаарым Бишкегим.

Се́н жашаган сенин ыйык шаарыңа,
Барарымды, каларымды билемин.





## БАЛКИМ МАГА УШУНДАЙ СЕЗИЛЕБИ?

Ээрчишкендер баары эле сүйүшкөндөй,
Жетелешип ажырабай жүрүшкөндөй.
Балким мага ушундай сезилеби,
Бирин бири канча болсо күтүшкөндөй.

Издеп, издеп, издеп жүрүп таанышкандай,
Бир бүтүнгө айланып табышкандай.
Мага гана дал ошондой туюлабы,
Сүйүшкөндөр ажырабай калышкандай.

Сагынычты, кусалыкты билбегендей,
Эмне экен, азап күтүү сезбегендей,
Башка жанды мен ушундай ойлоп алып,
Ылгап бизди, бизди балким ченегендей.

Сүйүштүрүп бирок баарын бербегендей,
Бул бакытка сен экөөбүз келбегендей.
Биз ушундай болуп мүмкүн жаралдыкбы,
Арман болуп, алыстатып жетпегендей.

## ОЙЛОНОМУН

Сүйгөнүм чын, сагындым деп ыйлабай
Улам айтып, айта берип сыздабай,
Тынч жашоонун жолун тандап а балким,
Кетсем окшойт сени дагы кыйнабай.

Ооба сүйдүм мен санаадан чыгалбай,
Ойлорумду неге турам жыялбай.
Тынч коёмун жүрөгүмө катып мен,
Түбөлүккө сактаймын дейм чыгарбай.

Эгер калсам кабарыңды угалбай,
Ойлогондо кетем билем туралбай.
Тынч коёмун деген менен а бирок,
Билбеймин ай курган жүрөк чыдабай.

Ойлономун ой түбүнө жеталбай,
Ортодомун бир багытка бет албай.
Сен деп соккон менин ушул жүрөгүм,
Тынч коёрун билбейт неге чечалбай.





## КЕТТИҢ БИРОК

Табиятым бизди коштоп ыйлагандай,
Жаай берди кечээ күнү тыным албай.
Кетким келбей тура бердим аргасыздан,
Кучагында көз жашымды токтото албай.

Турганымда сени менен коштошо албай,
Ушунчалык төктү жамгыр токтоно албай.
Ыйлай бердим, ыйлай бердим кошулуп мен
Тиктеп алып мен өзүңдөн көзүм албай.

Кучактадың кысып мени уктагандай,
Чындап эле аядыңбы бир сөз айтпай.
Жамгыр менен кошо ыйлап турган менен,
Кетким келди ээрчип алып сенден калбай.

Бул жашоонун бизге болгон жолу тардай,
Кала бердим сагынычым эч таркабай.
Мени аяп, мени аяп үндөбөстөн,
Кеттиң бирок мени менен коштошо албай.

## КААЛАДЫМ НЕГЕ?

Кайрылып мага кайра келбешиңди,
А бирок мени гана эстешиңди.
Билсем да, билген менен эмне кылам,
Кааладым сен жанымдан кетпешиңди.

Өзүңө бул өмүрдө жетпешимди,
Баштасак кайра баштан кеч дешиңди.
Билемин билип туруп бирок неге,
Кааладым бир күн мени кел дешиңди.

Башка жандын сүйүүсүн сезбешимди,
Жүрөгүм сени тандап, сен дешимди,
Ооба мен билип туруп анан дагы,
Кааладым жалгыз сени эстешимди.

Күн өтсүн, жылдар өтсүн, кылым өтсүн,
Кааладым мени сүйүп, мен дешиңди.





## БЫЙЫЛКЫ ЖААН

Түнөрүп тосуп булут асманымды,
Табият дагы ыйлап баштадыңбы.
Тартуулап келдим быйыл эгер билсең,
Тазартып ал дегендей жамалымды.

Бозоруп дагы булут каптадыңбы,
Баш ийбей аткарып сен талабыңды.
Баары бир ыйлай бердиң токтобостон,
Баштагы жаз окшотуп кабагыңды.

Эстетип ошол өткөн май айымды,
Эркиме койбой козгоп жаратымды.
Эмнеге дал ошондой жаадың экен,
Эсимден кетпесин сен каалаadыңбы.

Кайрадан булут ороп калбадыңбы,
Кайталап ошол күнгө барбадыңбы.
Канчалык окшобосун десем дагы,
Качанкы май айындай жаабадыңбы.

Өзүмө өчпөс сезим алып келген,
Өткөргөн ошол жаздай жаабадыңбы.

## КЫЙНАБАЧЫ КАБАРЫҢДЫ БИЛГИЗБЕЙ

Кыйнабачы кабарыңды билгизбей,
Жүдөп кеттим тебеленген кийиздей.
Караанынды көргөн кезде а балким,
Ушул күндөр унуткарар билинбей.

Табалбастан кыйналамын сени издей,
Толкуп барат жүрөгүм да деңиздей.
Сен жолумдан тосуп алсаң эртерээк,
Убакыттын ар бир күнүн кемитпей.

Кыйналдым мен келесиңби кечикпей,
Түшүнө албайм же каламбы кезикпей.
Жок дегенде кабарыңды билгизчи,
Калса дагы сенин жолуң чечилбей.

Кыйнабачы кабарыңды билгизбей,
Үзбөйм үмүт калсам дагы кезикпей.





## КЫЗГАНАМЫН

Уккум келбейт жат бирөөнүн сиз дээрин,
Жан дүйнөңдү ээлеп алып бийлерин.
Каалабаймын бөтөн жандын эч качан,
Сүйүп сени мендей болуп издерин.

Көргүм келбейт көзүн албай тиктерин,
Сага арнап сезимин да бүт эркин.
Кызганамын мендик гана болсоң деп,
Кызыкмын ээ неге минтем билбедим.

Укпайынчы башка жандын сүйөрүн,
Алоолонуп сен деп гана күйөрүн.
Сезип турам сыздайт менин жүрөгүм,
Ыш оронуп кызганычтан түтөрүн.

Мендей болуп жат адамдын ыйларын,
Сүйүп сени, сагынычтан сыздарын.
Каалабаймын, кызганамын эмнеге,
Болсоң экен менин, менин кымбатым.

## БИЗ ЭКӨӨБҮЗ

Ажыратпа тагдыр бизди себепсиз.
Сезим, сүйүү кадырына жетебиз.
Биз экөөбүз бирибизге бирибиз
Ушунчалык зарыл, анан керекбиз.

Турмуш бизди бөлө көрбө себепсиз.
Түйүнүн да тунгуюктун чечебиз.
Ажырагыс ыйык болуп жаралган,
Бирибизден бирибизге белекбиз.

Жашоо кантип алыстатсын себепсиз.
Биз экөөбүз сүйүшкөндөр демекбиз.
Түбөлүккө бир бүтүнгө айланып,
Таттуу сезим дайрасын да кечебиз.

Күттүр мейли жылдар бизди себепсиз.
Биз баарына чыдап жашай беребиз.
Ажыратпа, алыстатпа тагдырым,
Сыноолордун сыноосун да жеңебиз.





## КАНДАЙ СЕЗИМ

Сүйдүрөсүң жатканымда тынч алып,
Күйдүрөсүң калганымда кыйналып.
Кандай сезим алып келдиң билбедим,
Жүдөтөсүң неге, неге мынчалык?

Сагынтасың жүрөгүмдү сыздатып,
Таарынтасың көңүлүмдү муздатып,
Кандай сезим тартууладың билбедим,
Багынтасың бир өзүңө чырмалтып.

Сүйүнтөсүң кээ бир кезде жылмайтып,
Күйүнтөсүң башкалардан кызгантып,
Кандай сезим жарып чыккан жүрөктү,
Сүрдөтөсүң тиктей албай, кылчайтып.

Кандай сезим, кандай сезим билбедим,
Жүрөгүмдү ээлеп барат ырбатып.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ЭРКЕСИ

Билбеймин ай, болбогонго таарынып,
Кайра эле кабарлашсаң сагынып.
Арбаламын сен ааламдын эркеси,
Калганбыз го бир сезимге кабылып.

Көп сүйлөбөйм билем, балким тартынып,
Кое албаймын бул мүнөзүм калтырып,
Капаланба сен дүйнөнүн эркеси,
Ошон үчүн калгансын ээ жактырып.

Жан дүйнөмдүн, жүрөгүмдүн эркеси,
Кана эркиң, кана күчүң жетсечи,
Ал багытка мени кошо ала кет,
Чакыргансыйт сүйүү гүлзар белеси.





## ИЗДЕП КЕЛЕМ

Тынчым кетип эч нерсеге карабай,
Уйкум качат ар бир түндө санааркай.
Жете албаган жердин түбү болсо да,
Сени издейм, издей берем тажабай.

Сага болгон сезим дале таркабай,
Далай мезгил өтүп барат байкалбай.
Оюм жеткис сен бийикте болсоң да,
Издей берем эч бирөөгө айталбай.

Билесиңби, мен күтүүдөн чарчабай,
Күнбү, түнбү мезгилимди тандабай.
Алты кабат аалам кезип кетсең да,
Издеп келем эч көңүлүм жай албай.

Издеп келем, издей берем өзүңдү,
Сага болгон сагынычым таркабай.

## МЕН СЕН ҮЧҮН БИЙЛЕЙИНЧИ

Албай көзүм, жалгыз сени тиктейинчи,
Сага болгон кусалыкты билбейинчи,
Ак сүйүүмдү сезээрсиң деп акырындап,
Сезимиңдин гүл багында бийлейинчи.

Сүйүү гүлдүү көйнөгүмдү кийейинчи,
Ылгап баарын, кайра карап иргейинчи,
Сага болгон сезимимди байкарсың деп,
Жүрөгүңдүн түпкүрүндө бийлейинчи.

Азап, күтүү, сагынычты билбейинчи,
Ойлорумду кыштай кынап тигейинчи,
Ашыктыктан азгырылып кеткким келбейт,
Эч карабай жат сезимди ким дейинчи.

Бөтөн жандын жүрөгүнө кирбейинчи,
Азгырылса жан дүйнөмү тилдейинчи,
Сени гана сүйүп өтүп бул жашоодо,
Сендик болгон сүйүү үчүн бийлейинчи.





## КЕЧ АҢДАДЫМ СҮЙҮҮМДҮ

Эх, жан дүйнөм неге мынча эзилип,
Бир башкача дүйнө болуп сезилип,
Сүйөөрүмдү, сүйөөрүңдү аңдабай,
Канча мезгил өткөрүп ай кечигип.

Ал сүйүүбүз жүрдү кайда бекинип,
Сезбедикби же каталык кетирип,
Бир туугандай кабыл алып жүргөмүн,
Койсоң мени сен үйүмө жеткирип.

Сөздөрүңө чычаладым секирип,
Урушканмын кагып сени жекирип,
Ойлоп көрсөм мен ошондо сүйүпмүн,
Кеч түшүндүм бүгүн сага кезигип.

Сени ойлоп ойго батам телмирип,
Өткөн күнгө өкүнөмүн теригип,
Кеч байкадым, кеч аңдадым сүйүүмдү,
Кайра сага калганымда кезигип.

## КЫЛЫМГА ТЕТЕ БИР КҮНҮМ

Сени сүйдүм, сен да сүйдүң жактырып,
Балким жаштык, биз тагдырдан жаңылып
Бүт өмүрүм арнай албай калгамын,
Бир күнүмдү сага коём калтырып.

Эстейм сени ушунчалык сагынып,
Издеп келём караанынды зарыгып,
Өмүр бою ойлойм бирок билесиң,
Бир күнүмдү сага берем тапшырып.

Кыялымда сүрөт болуп тартылып,
Биздин сүйүү кылымдарда айтылып,
Кала берээр, андан көрө а балким,
Бир күнүмдү сага арнайм батынып.

Тагдырыма койгон менен таарынып,
Алган болом бул турмушка катылып,
Бир кылымга тете болгон бир күнүм,
Сага арнайм эгер билсең айттырып.





## БИР КҮН ЖАШАЙМ БАКТЫЛУУ

Бир башкача сезим ээлеп жактыруу,
Кусалыкка ороп алды сагынуу,
Өмүр бою азап тартып өткүчө,
Сени менен бир күн жашайм бактылуу.

Жүрөгүмдө жашасаң да катылуу,
Кыйналамын сүйгөн менен татыктуу,
Эмне кылам азап тартып бир өмүр,
Жашайынчы бир күн гана бактылуу.

Тагдыр бизге берсе дагы жаңылуу,
Өчпөй атын жүрөгүмдө жазылуу,
Сүйгөнүң чын, сүйгөнүм чын болгон соң,
Биз жашасак жетет бир күн бактылуу.

Сен экөөбүз азап тартып кыйналбай,
Жашасак ээ бир күн гана бактылуу.

## СҮЙҮҮ МАГА

Сүйүү мага ачып коюп эшигин,
Кусалыкка ороп берди кешигин,
Сагынычтан кыйналамын эмнеге,
Кабыл алып алган менен сезимин.

Сүйүү мага койбосо да талабын,
Тартып жатам кусалыктын азабын,
Түшүнсөм да түшүнө албай кыйналам,
Көнбөй неге, үйрөнө албай сабагын.

Сүйүү мага угузса да кабарын,
Бүтөй албай, ката албай жаратын,
Башкаларга арзуу чыгар а балким,
Тунгуюктан көргөндөймүн караанын.

Сүйүү мага эч айтпаган абалын,
Аткаралбай жатат окшойм талабын,
Жылуу мээрим менен мүмкүн оросо,
Улап кетем чалынбастан сапарын.

Чалынсам да эмне кылам айлам жок,
Улай берем, улап келем сапарын.





## ЭЧ КИМ АЙТПАС ДЕП ОЙЛОНОМ

Жүрөгүңө жеткенимде туу сайып,
Тынч жашаган жан дүйнөңө чуу салып,
Бир башкача сезимдерге бөлөсөм,
Анда болбойт менин сүйүүм  бул айып.

Ойлоруңдан кетпей койсом кубантып,
Кыялыңда жашасам ээ суктантып,
Сен экөөбүз сезим жолун бир тапсак,
Сага болгон менин сүйүүм бул бакыт.

Барганымда тосуп алсаң жылмайып,
Жүрөгүңө алсаң эгер сен катып,
Тартууласам сага ыйык сезимим,
Менин сүйүүм кантип болсун бул айып.

Сага болгон сезимимди арнасам,
Эч ким айтпас деп ойлоном бул айып.

## КЕЛЕСИҢБИ КУСАЛЫКТАН КУТКАРЫП

Келесиңби бул азаптан куткарып,
Тосуп алам бир башкача кубанып,
Сага болгон кусалыгым таркаса,
Сонун күндөр башталат ээ уланып.

Чаңкаганда сезимиме суу барып,
Калар беле жан дүйнөмө нур жанып,
Келгениңде мен жанымдан чыгарбай,
Түбөлүккө алып калсам суранып.

Барат күнүм сагынычтан узарып,
Бүтпөй койду, качан бүтөт чубалып,
Жалгыз сени күтө берет жүрөгүм,
Келип кетчи кусалыктан куткарып.

Тосуп алам кучак жайып өзүңдү,
Келесиңби кусалыктан куткарып.





## БИЛСЕҢ ЭКЕН

Сени дегдеп сыздайт ооруп жүрөгүм,
Билбептирмин мындай болуп жүдөөрүм,
Сагынычтын санаасынан чыгалбай,
Өтүп жатат, өтө берет күндөрүм.

Билип койчу мен кыйналып сүйөөрүм,
Сенсин менин, сенсин жалгыз күтөөрүм,
Сагынычтын санаасынан чыгарчы,
Каалап турам ушул күндүн бүтөөрүн.

Мени ойлоп, мага жалгыз күйөөрүм,
Мендик болуп, мени гана сүйөөрүм,
Болуп берчи даба болуп дартыма,
Сени сүйөм, үзбөй үмүт, күдөрүм.

Сендик болуп жашап өтүп дүйнөдөн,
Билсең экен жалгыз сени сүйөөрүм.

## КЫЯЛЫМДА ЖАШАЙСЫҢ

Жашадың менин кирип кыялыма,
Айланып сүйүү өмүр булагыма,
Жан дүйнөм сени издеп тапкан үчүн,
Көрк берип сезим жашоо чырагыма.

Жашоодо айланып сен кымбатыма,
Жан күйөр ыйык болгон сырдашыма,
Өмүрдө өчпөс ыйык сүйүү бердиң,
Жан кирип сезимимдин кылдарына.

Жетелеп ак сүйүүнүн жыргалына,
Сен жаша жалгыз менин кыялымда,
Сезимдин сен шаарынан тосуп алсаң,
Экөөбүз жомок жашоо курганыма.

Сайраган булбул конуп бутагына,
Угузуп сүйүүбүздү бүт баарына,
Ошентип кыялданып жашай берем,
Ар дайым  жазып сени ырларыма.





## КУСАЛЫГЫМ СЫЙБАЙ БАРАТ

Кусалыгым сыйбай барат сага болгон,
Жан дүйнөмө сагынычтын ыйы толгон,
Ызаланам, ызаланам сага жетпей,
Күтө берип карап улам сени жолдон.

Сагынычтын санаасынан мени жойгон,
Мезгил келсе бул азапка бөгөт койгон,
Жалгыз гана сен болосуң дартым үчүн,
Жароокерим, жаным менин сен да ойлон.

Эх, жүрөгүм кусалыкка эчак тойгон,
Сүйүү менен азап кошо эзип болгон,
Ушул күндүн таштап баарын артка деги,
Алып кетчи сен жаныңа мени  колдон.

Кусалыгым кусалыктан сыйбай барат,
Алып кетчи сен жаныңа келсе колдон.

## АЙТТЫРЫП КОЙ, БИЛГИЗИП КОЙ КАБАРЫҢ

Билгизип кой, билгим келет кабарың,
Кандай сенин болду экен абалың,
Издеп келем, издей берем сагынып,
Көрө албадым эч бир жерден карааның.

Дал ошондой болгон чыгар жамалың,
Турат менде сенден калган жаратың,
Жаздыгыма катып алган сүрөтүң,
Мага берген сенин болду азабың.

Айттырып кой жок дегенде кабарың,
Алыс болсо эгер сенин сапарың.
Амандыгың билсем эле түшүнчү,
Аз да болсо санаам тынчып каларын.

Уккум келди кусаланып кабарың,
Болдум бекен балким сенин арманың,
Биз кездешип, биз жолугуп өткөргөн,
Ушул жолдо калган эле кадамың.

Айттырып кой, билгизип кой кабарың,
Ушунчалык көргүм келет жамалың.





## КАЙСЫЛ КҮНҮ КУБАНАТ?

Дареметим жетпей сезим куйкалап,
Жан дүйнөмдү бир сыйкыр күч уйпалап.
Сени таппай издеп, издеп кыйналам,
Кайда кеттиң экен колуң булгалап.

Сезимимди алсам дагы жулмалап,
Мүмкүн болсо жетип мезгил кубалап.
Орун алып чыкпай койду эмнеге,
Жүрөгүмөн куса кетпей уялап.

Ушул күндөр бүтпөй канча уланат,
Кусалыктан келип мени куткарат.
Деп ойлонуп карай берем жолуңду,
Жүрөгүм да балким бир күн кубанат.

Сени сүйүп калган менин жүрөгүм,
Качан билбейм кайсыл күнү кубанат.

## БИЛИП КОЙ

Сүйдүрөсүң жаным мени мынчалык,
Билсең эгер жүргөнүмдү кыйналып.
Туңгуюктан чыгып кетем билип кой,
Жок дегенде карап койсоң кылчайып.

Күттүрөсүң жаным дагы канчалык,
Өтпөй калат, эх, убакыт кашайып.
Жолуң карап жол алайын болбосо,
Бүт ааламга сүйөөрүмдү жар салып.

Күйдүрөсүң жаным канча чок салып,
Ансыз дагы кыйналамын от алып.
Сүйүү деген азап экен билип кой,
Түшүрө албай турам сага тор жайып.

Жүдөтөсүң дагы канча ыйлатып,
Сезимимди өчүрбөчү кыйратып.
Жалгыз сени сүйүп өтөм билип кой,
Кетесиңби кайра мени сыздатып.





## КАЛЫСТЫК

Бул өмүрдө болсо эгер калыстык,
Ал күндөрдү кайра баштан жаңыртып,
Сени менен кол кармашып түбөлүк,
Албайт белем эчак эле табышып.

Эгер чындап болгон болсо калыстык,
Жан дүйнөбүз кусалыкты батырып,
Сагынычтын азаптары кыйнаган,
Арабызды бөлбөйт эле алыстык.

Бул ааламда жашаганда калыстык,
Мына бүгүн, бүгүн мына табыштык,
Деп ошентип ажырабай экөөбүз,
Жүрөр белек мезгил менен жарышып.

Балким келер эми бизге калыстык,
Согот эле бирдей жүрөк кагышып,
Көздөрүбүз үмүт нурун өчүрбөй,
Бир бүтүнгө бирикмекбиз арзышып.

## СЕЗИМИҢ

Мендик болгон болсо сенин сезимиң,
Бөтөн болуп туюлат, эх, чечимиң.
Жүрөгүмө даба болор ишенем,
Жылуу сөзүң, жакшынакай мээримиң.

Мен сүйүүдөн жалгыз сага кезиктим,
Түшүнө албай не каталык кетирдим.
Мендик болгон сезимиңе ишенем,
Туура эмес айтып алсам кечиргин.

Жүрөгүмдүн ачып сага эшигин,
Азап тартып сени сүйүп эзилдим.
Бакытымдын жолун издеп жатканда,
Мендик гана болду бекен сезимиң.

Бул өмүрдө сенин гана теңиңмин,
Билбейм сага неге мынча берилдим.
Ээлеп алган жүрөгүмдүн төрүнөн,
Жашай берсин мага болгон сезимиң.





## ЭКИНЧИ

Жакшылыктан, жакшы күндөн кезикчи,
Жан дүйнөңдөн жаман ойду кемитчи.
Кучагыңдан чыгарбайсын эмнеге,
Көрбөчүдөй болуп мени экинчи.

Жүрөгүңдөн чыгарбастан бекитчи,
Айта албай сүйөм жаным сеничи.
Жолугабыз сөз беремин кайрадан,
Сен экөөбүз далай ирет экинчи.

Нур дүйнөгө мени алып жеткирчи,
Ушул күндү таштап артка кетирчи.
Жолугушуп бир болобуз а балким,
Кайра жашоо берген болсо экинчи.

Чын дүйнөдө  бир болобуз деп ойлойм,
Келбесек да бул өмүргө экинчи.

## АЗЫР НЕГЕ САГЫНАМ?

Сен сүйүүнүн дайрасынан кезигип,
Келгениңде калган элең кечигип,
Бирок сени унуталбайм эмнеге,
Ошол күндөр калса дагы эскирип.

Жат адамдай калсам эгер сезилип,
Коштошсом да ал күндөрдү кетирип,
Неге сени эстей берем билбедим,
Сүйүү бердиң жүрөгүмө жеткирип.

Катсам эгер сезимимди бекитип,
Калбайт тура көнүп мага бекинип,
Сүйөөрүңдү мен билгенде эртерээк,
Жүрөгүмө жасайт белем секирик.

Азыр неге сагынамын билбедим,
Азап тартып, айласызмын жеңилип.





## СҮЙӨ БЕРЕМ

Эп көрбөсөң кантем анан айтканымды,
Макул таштап жибересиң асманыңды.
Ошондо да сүйүп сени өтөрүм чын,
Өзгөрүлбөй тартып сезим азабыңды.

Алик албай балким менин саламымды,
Куюн коштоп жөнөтөрсүң шамалыңды.
Мен баары бир сени жалгыз сүйө берем,
Эч бирөөгө көргөзбөстөн мазагыңды.

Күтпөсөң да бир күн сага барарымды,
Бороон менен оросоң да кабагыңды.
Менин сүйүүм жарык нурун чачар эле,
Жат адамга байкатпастан жамалыңды.

Аяп койчу жок дегенде жаратымды,
Кастарлаймын жайсаң мага канатыңды.
Эки дүйнө мен өзүңдү сүйүп өтөм,
Аткарайын айтчы, айтчы талабыңды.

## СУРАНАМЫН

Алдабаймын, алдаба деп айтпачы,
Жаман ойду тебелебе, баспачы.
Менин сүйүүм сага гана арналат,
Жүрөгүңө бекем, бекем сактачы.

Таштабаймын, таштаба деп айтпачы,
Кучагыңдан кетирбестен кармачы.
Мени сүйгөн болсо эгер жүрөгүң,
Мени гана, мени гана тандачы.

Качалбаймын, качпасаң деп айтпачы,
Каршы болбойм, сезимиңди арначы.
Чындап эле сүйгөн экен жүрөгүң,
Жанымдан сен ээрчип алып калбачы.

Күтүп өтөм, күтпөдүң деп айтпачы,
Бөтөн жандын жүрөгүнө батпачы.
Кадырыңа жетерим чын билип кой,
Суранамын кереги жок, башкасы.





## БИЛГИЗБЕЙМИН СЕНИ СҮЙГӨН АЗАБЫМДЫ

Кантип мени сүйдүрүп сен алганыңды
Жүрөгүмө сезим отун жакканыңды,
Билгизбестен, байкатпастан жүрө берем,
Мен алыстан тиктеп коюп жамалыңды.

Уйку көрбөй атырып мен таңдарымды,
Сени сүйгөн жан дүйнөмдө арманымды,
Билсең эгер, эч билгизбей өткүм келет,
Күтпөй сенден сезимдеги жардамыңды.

Тигилип мен тиктейинчи карааныңды,
Уксам дагы угайынчы кабарыңды,
Ойлорумдан жалгыз сени издей берем,
Угузбастан улап жашоо сапарымды.

Сүйдүм сени, сүйөмүн деп айтканыңды,
Сезим гүлүн жалгыз мага арнарыңды,
Мен ошентип түшүмдөн көрүп келем,
Көтөрө албай сүйүү берген азабыңды.

## АЙТА КӨРБӨ ЖАКШЫНАМ

Дагы мени таш боор дедиң жакшынам,
Жетпейм сага боорукерлик жагынан.
Жан дүйнөмө суу сепкендей кыйнаба,
Айта бербе, эч айтпачы жалынам.

Уккум келбейт ошол сөздү жакшынам,
Сүйгөн үчүн жүрөгүңө катылам.
Кусалыктын черин жазып жолугуп,
Келеби деп күтүп сени сагынам.

Ал сөз үчүн ооруп жүрөк таарынам,
Ойлор басып алоо отко кабылам.
Канат күүлөп коштоюнчу өзүңдү,
Таш боорсуң деп айта көрбө жакшынам.

Таш боорсуң деп айтпайсың ээ жакшынам,
Сени ойлоп, сага гана жагынам.
Сенден башка менин кимим бар дейсиң,
Жүрөгүмө жалгыз сени батырам.





## ТҮШҮНӨӨРСҮҢ БИР КҮН МЕНИН АБАЛЫМА

Азгырылып ашыктыктын азабына,
Түштүм окшойт мен сезимдин казанына.
Чыгалбаймын, эч чыгалбай кыйналамын,
Жол табалбай жок дегенде кадамыма.

Сапырылып мен сүйүүнүн шамалына,
Жетип келдим сан ойлордун арасына.
Урунамын өөдө-төмөн урунамын,
Сезимдерден убайымды тапканыма.

Зарыктырып жолотподуң карааныңа,
Ашыктыктан сүйүп сени калганыма.
Сыздатасың билип туруп сыздатасың,
Кайда кеттиң зар какшадым саламыңа.

Сагындырып көргөзбөгөн жамалыңа,
Бир күн сага жетип учуп барамын да.
Кетпей койсом жаныңдан кетпей койсом,
Карап койчу түшүнүп сен абалыма.

Эч убакта кучагыңдан чыккым келбейт,
Түшүнөрсүң бир күн менин абалыма.

## МЕНИН СҮЙҮҮМ

Сени сүйдүм башкача сезим каптап,
Жүрөгүм алоолонот болуп аптап.
Ашыкча ашык болуп калган үчүн,
Сезимим кое албады мени таптап.

Жан дүйнөм бул сезимди алган жаттап,
Чыгарбай жүрөгүмө койдум каттап.
Сен бар үчүн сендикмин деп өмүрдө,
Сүйүүмдү арнап сага өтөм барктап.

Сүйүүдөгү антымды алсам актап,
Сезимимди билип кой сага сактап.
Жат адамга жолотпой өтөрүм чын,
Жакшынам сездиң бекен сен да тактап,

Жүрөгүңдүн төрүнөн орун алып,
Жашай берет сезимим сени даңктап.





## ДЕБЕЧИ

Азап тарттым, алдагансың дебечи,
Тагдыр бизге болсо кантем себепчи.
Жан дүйнөңдү кубанычка толтуруп,
Дал ошондой тосуп алам, келсеңчи.

Талкаландым, таштап кеттиң дебечи,
Тартуулачы сезимиңди десеңчи.
Таң нурундай жарык берип жашоомо,
Таза сүйүү сен да мага берсеңчи.

Кыйнагансың, сүйдүргөнсүң дебечи,
Же бердиңби сен да мага кезекти.
Азап тарттым, кусаландым, кыйналдым,
Не дей алам, бирок болбойм серепчи.

Алдагансың, таштагансың дебечи,
Билесиң го болгон анын себеби.
Сен экөөбүз табышканда кайрадан,
Андай сөздүн балким жоктур кереги.

## ТОЙБОЙМ, КАНБАЙМ ҮНҮҢӨ

Тойбой сенин, тойбой сенин үнүңө,
Сүйлөшүүнү күтөм жаным күнүгө.
Телефонду кармап алып колума,
Чалабы деп тиктей берем үңүлө.

Канбай сенин, канбай сенин үнүңө,
Ал ан сайын элжиреймин күлкүңө.
Эң жакыным болуп мага телефон,
Аз да болсо жардам берер сүйүүмө.

Жыттап мени, жыттап менин жүзүмө,
Келчи бир күн конуп сүйгөн гүлүңө,
Чыгарбачы кучагыңа катып сен,
Кубандырчы мени жаным күнүгө.

Тойбой, канбай кыйналамын үнүңө,
Чыдамым да жетпей барат күтүүгө.
Алыстыкты жакындатчы жакшынам,
Кирип келип даба болуп сүйүүмө.





## ЖАКТАЙМ СҮЙҮҮ ИЛИМИН

Кантип сенин тузагыңа илиндим,
Изденүүгө жол алгандай билимим.
Жүрөгүңө сүңгүп кирип окусам,
Сөз беремин жактайм сүйүү илимин.

Келбейт кайра, кайра сенден чийилгим,
Каалайм неге дагы ошондой кийингим.
Сезимдердин илимине бет алып,
Мен сүйүүдөн бүгүн кайра тирилдим.

Айтчы деги, деги сенин кимиңмин,
Азап тарткан адамзаттын биримин,.
Сага болгон сезимимди коргогон,
Ыйык мага ошол сүйүү илимим.

Сен деп гана, сени сүйүп жашаган,
Коргогонго жетер менин билимим.

## ЧАКЫРБАЧЫ КОШТОШУУГА?

Убакыт бербей жаным ойлонууга,
Чечимиң койбой туруп ортобузга.
Сен менин сүйөрүмдү билет десем,
Чакырдың анан кантип коштошууга.

Бул ойду чамам жетсе токтотууга,
Аңтарып чачар элем тоого, сууга.
Азаптын азаптарын тартсам дагы,
Жол бербейм сени менен коштошууга.

Өзүңдү алыстатып коргонууга,
Билбеймин эмне себеп болгонуна.
Мен сени бир башкача сүйүп жүрөм,
Ыйлатпа чакырып сен коштошууга.

Үмүтүм эч өчүрбөйм ойлон туура,
Салгандай болду сөзүң мени ууга.
Жол алып азап берип кете берчи,
Чакырба баралбаймын коштошууга.





## ЖОЛУГУУГА БАРАТАМ

Болжогон ошол жерге жолугууга,
Ойлогон ойлорумду толтурууга,
Сыздаган жүрөгүмдүн дабасын таап,
Баратам мен өзүмдү сооротууга.

Өзүңө убакытым коротууга,
Сөзүңө жооп даярдап кол сунууга,
Сагыныч, кусалыктын азаптарын,
Жардам бер баратамын бошотууга

Сүйүүнүн чебин бекем орнотууга,
Бактылуу күндү ойлоп колдонууга,
Баратам кучагыңды ачып койчу,
Көксөгөн ыйык жерге, жолугууга.

Баратам, баратамын жолугууга,
Сырдашып, жарпым жазып олтурууга.

## БОЛГОН ЭМЕС ЭЧ КИМИМ

Аңтарба деп жүрөгүмдүн сезимин,
Келип турат мен көргөзбөй бекитким.
Ишенбейсин неге мага билбедим,
Сенден башка болбосо да эч кимим.

Ачсам дагы жүрөгүмдүн эшигин,
Жасалмадай болуп сага сезилдим.
Ишеничтин дабасына жеткирип,
Жардам берип, аяп койчу мезгилим.

Ушунчалык келбесе да кетиргим,
Сезимимден издей бердиң кемтигин.
Кыйналсам да кайчы жолдо калалбай,
Мен баары бир, мен баары бир жеңилдим.

Сага деген сезимимди бекиттим,
Күнөө тапсаң менден эгер кечиргин.
Сенден башка жүрөгүмдү ээлеген,
Болбойт дагы, болгон эмес эч кимим.





## КЕЛЕСИҢБИ ОШУМА

Келем дечи, келип кетчи Ошума,
Кучак жайып даярданам тосууга.
Сүйүүбүздү колдоп берер а балким,
Сыйыналы Сулаймандын тоосуна.

Барам дечи сенин шаарың Ошуңа,
Бакыт туусун кармап алып колуңа.
Жалгыз сага арнап койгон сезимден,
Ак сүйүүмдүн гүлүн төшөйм жолуңа.

Жөнөйм дечи менин шаарым Ошума,
Макул болуп, жан дүйнөмө, оюма.
Салкын желдин шамалына ыргалып,
Сырдашалы Ак-Бууранын боюнда.

Келесиңби ыйык шаарым Ошума,
Кең пейилдүү элим тосот кошула.
Сени сүйгөн жүрөгүңдүн ачкычын,
Үмүттөнөм алабы деп колуна.

## УНУТАЛБАЙМ

Муктаж болуп кала бердим мээримиңе,
Ашыктыктан азгырылып сезимиңе.
Жүрөгүмдүн дартына сен даба болор,
Бал тамызып алгансыңбы эриниңе.

Азап тартып сүйүп өтсүн дедиңби не?
Калды кетпей ошол күндөр карегимде,
Сыйкырлаган кучагыңды сагынамын,
Түбөлүккө унутпаймын ал эсимде.

Сени күтүп,биз жолуккан жай кечинде,
Сырдашчубуз бир башкача жан эргите.
Баары калды, кала берди келбес болуп,
Жалгыз дарак күбө болуп жол четинде.

Тойбой калдым, жарпым жазып мээримиңе,
Алсыздыктан тагдырыма жеңилдим не?
Мейли унут, мен унутпайм, унуталбайм,
Сүйгөн үчүн жалгыз сени, сен эсимде.





## ТАШ БООР БОЛСОМ

Таш боор болсом неге сага сүйлөдүм,
Башка жанды карабадым,күйбөдүм.
Дегдеп турса жалгыз сен деп жүрөгүм,
Четке кагып мен өзүңдөй сүйбөдүм.

Таш боор болсом неге сен деп ыйладым,
Жүрөгүмө азап берип,кыйнадым.
Тандап алган жалгыз сүйүүм сен болуп,
Сезимимди кыялбадым, кыйбадым.

Таш боор болсом неге сен деп сыздадым,
Жан дүйнөмө баталбадым, сыйбадым.
Санаалардын дайрасынан чыгалбай,
Азаптарды мен өзүмө жыйнадым.

Таш боор болсом,токтоналбай ыйладым,
Сүйүп сени көз жашымды тыйбадым.
Санап саатты,карап күтүп жолуңду,
Ушунчалык билбейм неге кыйналдым.

Таш боор дебе сени сүйүп ыйладым.
Таш боор болсом неге сүйүп кыйналдым?

## БИЛБЕЙМ СЕНИ УНУТКАНДЫ

Кыдырып кетким келди булуттарды,
Көргөзбөй мен эч кимге буулукканды.
Кусалык,кусалыгым сыйбай келет,
Кыйналдым билбей сени унутканды.

Көрбөдүн көз жаштарым куюлганды,
Күтүүдөн үмүт өчпөй күйүп жанды.
Күн болуп карегимден кетпей койдун,
Кантейин,билбейм сени унутканды.

Кайталап тосо берем ушул таңды,
Ким билет сенде баары унут калды.
Карегим издеп келет чарчабастан,
Көнө албай жаным сени унутканды.

Күтпөчү жаным менден унутканды.





## САГА БАРАМ

Бүгүн барам жаным сага камынып,
Кучагыңды ушунчалык сагынып.
Көрсөтпөчү, көргөзбөчү эч кимге,
Алайынчы жүрөгүңө жашынып.

Мен жөнөдүм сезимиңе багынып,
Гүл аңкыган ак сүйүүмдү жамынып.
Калайынчы түбөлүккө орун бер,
Мүмкүн болсо жүрөгүңө батырып.

Ооба барам бүгүн сага батынып,
Өткөн күндү баарын артка калтырып.
Нур төгүлгөн сезимдердин отунан,
Бакыт жолу турсун бизге ачылып.

Кандай учур болсо мейли күтүп ал,
Сага барам, сага жетем ашыгып.

## БАКТЫЛУУ БОЛУП КЕТЕМ

Сыйкыры бул да болсо жактыруунун,
Сезимден издеп сени арттыруунун,
Сен үчүн жашап жатам бул өмүрдө,
Сүрөтүң тиктеп алып бактылуумун.

Айласын такыр таппай калтыруунун,
Амалын издейм сенден арылуунун,
Акыры мен сүйүүгө баш ийемин,
Акмалап көргөн кезде бактылуумун.

Билдиңби сага болгон сагынуунун,
Берилип сезимдерге багынуунун,
Байкабай сен жанымдан өткөн кезде,
Билгизбей өзүмчө мен бактылуумун.





## МЕН САГА КЕТКИМ КЕЛЕТ

Адашып арзууларым ыйлаганда,
Алыстык алсыратып кыйнаганда,
Айттырбай мен өзүңө кетким келет,
Асылым арман толуп сыйбаганда.

Бозоргон бүдөмүк ой чырмаганда,
Буулуккан бук кусалык чыкпаганда,
Бүт баарым арнап, арнап кетким келет,
Билдиңби, билген мени чанда ганда.

Жүрөгүм, жүрөгүңдү тыңдаганда,
Жан дүйнөм жарпын жазып жыргаганда,
Жаныңдан чыккым келбей жүрөр белем,
Жакшынам мен өзүмдү тыйбаганда.

Мен сага кетким келет, кетким келет,
Муңайып кусалыгым сыйбаганда.

## САГЫНЫЧЫМ

Болбогондой мен өзүңө таарынычым,
Козгойт неге сага болгон сагынычым.
Санаалардын дайрасына сүзүп жүрөм,
Сүйүп калган окшойм сени асылым чын:

Сүйбөчүдөй болуп сени жаңылыпмын,
Убактылуу өзүмө мен жагыныпмын.
Тартуулаган сезимиңдин баркын билбей,
Убакытка шылтоо айтып жашыныпмын.

Көтөрө алгыс өчпөс сезим калтырыпсың,
Кетпес болуп карегимде калыптырсың.
Сүйгөн менен кайыл элем бүт баарыңа,
Билбейм неге ушунчалык сагынтыпсың.

Сүйбөчүдөй болуп жүрүп бүгүн мына,
Козгойт неге сага болгон сагынычым.





## СЕН МАГА КАЙРЫЛБАГЫН

Сезимим катып алдым, таарынбагын,
Сүйсөм да келип кайра жаңылбагын.
Сакталып кала берсин ачылбастан,
Сен мага кайрылбагын, кайрылбагын.

Ооба, чын, сени сүйүп,жактырганым,
Озунуп келген сага жакындагым.
Ортодонон чыга берип тоскоолдуктар,
Ошентип алыс калдым, алыстадым.

Алыстап калганыңда сагынганмын,
Ар күнү күтүп кайра жалынганмын.
Айталбай сени сүйүп калган үчүн,
Акырын жүрөгүмө багынганмын.

Кайрадан жүрөгүмө катылбагын,
Карааным көрүнгөндө алыстагын.
Кайталап сезим отун арнабачы,
Канатым билесиңби кайрылганын.

Сен мага кайрылбачы, кайрылбагын.

## КУСАЛЫКТЫН КӨЙНӨГҮ

Билесиңби сагынычтын көйгөйүн,
Сезесиңби убакыттын өткөнүн.
Күтүп келем качан чечип кетет деп,
Сен кийгизген кусалыктын көйнөгүн.

Суктанамын сүйүүсүнө өзгөнүн,
Кубанамын эстеп жаздын көктөмүн.
Үмүт үзбөй жашап келем өзүң деп,
Таштай албай кусалыктын көйгөйүн.

Келесиңби күлмүңдөтүп көздөрүң,
Кел дейсиңби арнап айтып сөздөрүң.
Жарк деп жанып сен жашоомо кирип кел,
Чечип менден кусалыктын көйнөгүн.

Көргөн жоксун көз жашымды төккөнүм,
Билген жоксун жаздыгыма көлдөдүм.
Бир күң келип кусалыгым таркатып,
Жаңыртып кой жок дегенде көйнөгүм.





## УЯЛАМЫН

Түшүмө кирбеңизчи суранамын.
Ансыз да сүйүп сизди убарамын.
Канчалык ашык болуп калган менен,
Көргөндө тиктей албай уяламын.

Жолумдан көрүп сизди кубанамын.
Көзүмдү аргасыздан куткарамын.
Жок дегенде түн уйкум тынч болсо дейм,
Жалт карай албай дагы уяламын.

Сезимим айталбаган бул арманым,
Билсе деп тилек кылам мен ар дайым.
Ашыктык тузагына иле албай,
Мен сизге убарамын, уяламын.

## ТАРТУУЛАСАМ

Тартууласам макул элем жанымды,
Анан дагы аппак аткан таңымды.
Чаң жолотпой таза, тунук сактаган,
Сүйүүдөгү айтып бүткүс антымды.

Тартууласам макул дечи башымды,
Сен дегенде ичпей күтүп ашымды.
Кандай бакыт болор эле уксам мен,
Жан дилиңден айтым турсаң атымды.

Тартууласам сага арнап баарымды,
Мээрим, сезим, жашоо, өмүр, бактымды.
Арманы жок өтөр элем дүйнөдөн,
Көңүл бөлүп карап койсоң жарыңды.

Тартууласам, тартууласам баарымды,
Сага болгон таза, тунук антымды.





## ЖАШАЙТ МЕНДЕ ЭЛЕСИҢ

Кайсыл күнү, качан мага келесиң,
Жан дүйнөмө такыр тынчтык бербейсиң.
Ушунчалык сагынгандан өзүңдү,
Көз алдыман кетпей койду элесиң.

Мага келип мээрим төгүп кетпейсиң,
Кээ бир кезде үмүт берип кел дейсиң .
Ушунчалык таш боор беле жүрөгүң,
Байкабайсың, күтөрүмдү сезбейсиң.

Айтчы деги качан мага келесиң,
Билем сени кадырыма жетесиң.
Татаал жолдон сууруп алчы өзүмдү,
Түбөлүккө жашайт менде элесиң.

Качан келип, кайда алып кетесиң,
Түзөлүчү жашообуздун белесин.
Тагдырыма себеп болор бир өзүң,
Сезимимди бир күн сен да сезерсиң.

## КЫЯЛЫМДА

Эркелетчи эркелейин кучагыңда,
Мээримиңе муктаж болуп турганымда.
Сени менен бактылуу болуп бир күн,
Жашайынчы жок дегенде кыялымда.

Сүйлөп берчи сезимдердин бутагында,
Шыңгыр таза добушуңду угамын да.
Элестетип мен өзүмдү сени менен,
Жашап келем баары жомок кыялымда.

Кучактачы кубат алам кучагыңда,
Күн төбөдө күбө болуп турганыңда.
Бир башкача сезим курчап ээлеп алып,
Сени менен жашай берем кыялымда.

Алып кетчи жашайм сезим уясында,
Айтпасам да баарын билип туясың да.
Аалам кезип жетелешип сени менен,
Жашап келем, жашай берем кыялымда.





## КАЛГАНЫМДА

Калганымда сени менен таанышпай,
Жүрөр белем бул сезимге багынбай.
Арзуу кылып эч ойлобой өзүңдү,
Балким, балким, тынч болмокмун сагынбай.

Келген менен ыйык сезим айттырбай,
Алоолонот бир башкача жалындай.
Ал кечеден жолукпасак экөөбүз,
Калмакмын мен мындай сезим арттырбай.

Койбойт белең жүрөгүмө катылбай,
Жүрөр элем мен өмүргө таарынбай.
Бул сезимди билбей өтүп дүйнөдөн,
Калар белем балким сага кабылбай.

Сезим жашайт үмүт кошкон жалындай,
Жан дүйнөмдүн жашоо берген багындай.
Арабызды бөлүп турган алыстык,
Жолуктурчу бир күн мага айттырбай.

Калганымда сени менен таанышпай,
Калар эле канча ырлар жазылбай.

## СЕНИ КАЛДЫМ ЖАКТЫРЫП

Сен жөнүндө угам бир күн жаңылык,
Атың турат жүрөгүмдө жаңырып.
Жакшы көргөн күнөөм үчүн өзүңө,
Каалаганым жалгыз гана жакшылык.

Жүрөгүмдө атың өчпөйт жазылып,
Эч бирөөгө айталбадым, жашырып.
Бул сезимдин сыйкырынан чыгалбай,
Неге калдым экен сени жактырып.

Айткым келет уксаң эгер жарылып,
Сүйөмүн деп, сүйөмүн деп жалынып.
Кандай сезим ээлеп алды өзүмдү,
Билем сени калганымды жактырып.

Башкаралбай бул сезимди эмнеге?
Калдым экен сени сүйүп жактырып.





## ӨМҮРҮМДҮ САГА АРНАЙМ

Тартуулап мен өзүңө жарык маанай,
Айтайын түгөнгүчө сөзүм калбай.
Сезилет сезимдерим эмнегедир,
Экөөбүз жаңы жашоо баштагандай.

Жөлөк болуп жүрөйүн сени жандай,
Түбөлүк сүйүп өтөм аппак таңдай.
Эс алып тоо койнуна барган кезде,
Булбулдар суктанышсын коштоп сайрай.

Угамын сөздөрүңдү эч бир канбай,
Жүрөсүн ак сүйүүмдү сен да баалай.
Таттуусун кечирели бул өмүрдүн,
Табият коштосунчу бизди баамдай.

Мен үчүн биздин жашоо таттуу балдай,
Түгөнбөгөн арзуум ал аппак таңдай.
Айланам күбө болуп турган кезде,
Өтөмүн өмүрдү сага арнай.

## КЕЛБЕЧИ СЕН

Келбечи жашоомо себеп болуп,
Кезикпей калсаң гана гүлгө конуп.
Тынч өмүр кечирсем деп ойлоп анан,
Алганда жүрөгүмө бөгөт коюп.

Келбечи акмалап сен жолум тосуп,
Алгандай энчилеп ай мени кооруп.
Сүйүүгө жолобоймун көңүл калган,
Сөзүмө турайын мен чекит коюп.

Келбечи бүтсө дагы дайра соолуп,
Ээрибейт, калган жүрөк музга тоңуп.
Жөн эле саламы түз болсок экен,
Койгондо жүрөгүмө кулпу коюп.





## ОЙНОБОСОК ЖАШЫНМАК

Болсо дагы жашооң мага табышмак,
Адат болду күндө сени сагынмак.
Сен алыста, мен бул жерде жүрөмүн,
Ойногонсуп бул өмүрдө жашынмак.

Сүйөм десем жашоом болот жалтырак,
Ойлор басат эстегенде калтырак.
Жолугушчу жолдор бардыр буюрган,
Ойнобостон жүрсөк экен жашынмак.

Жан дүйнөңө тоскоол болуп асылмак,
Сүйүүдөгү көз жаштардан арылмак.
Илдет болду неге бирок билбедим,
Астыдагы күндөрүм ай табышмак.

## МЕН КҮТКӨНДӨЙ БОЛСОҢЧУ

Мен күткөндөй боло албады кабагың,
Түнт болот го күндөн күнгө жамалың.
Билбейм мага салкын болуп калгандай,
Түз болсо деп күтүп келем саламың.

Себеби не бир сөз мага айтпадың,
Суроо берем, суроомо жооп таппадың.
Күлүп тоскон мээримиңе муктажмын,
Барбы балким ичке каткан арманың.

Катуу кысып колумду сен кармадың,
Сөз айтууга келип бирок даабадың.
Көңүлүң суз, шайыр мүнөз жоголуп,
Билбей жатам эмне азап тартканың.

Бүркөбөчү ачык болсун кабагың,
Кыйналбастан айтчы мага абалың.
Кошуп алба, окшоп мен да баратам,
Баш ийкөөгө араң гана жарадың.

Үндөбөйсүн, мен да үндөбөй караймын,
Тиктеп алып сөз айталбай кайтамын,
Кетирбестен кармап турган өзүмдү,
Бир кездеги шайыр мүнөз жамалың.





## ЖҮРӨМ СЕНДЕН БЕКИНИП

Калып кеткен сезим козгойт эзилип,
Алың жеткен болсо койчу кечирип.
Айылыма барган кезде ар качан,
Капилеттен калбайын дейм кезигип.

Жүрөгүмө калгым келбей жеңилип,
Сүйгөнүмө мен жеткендей сезилип.
Жан дүйнөмдү өзүң ээлеп алгандай,
Күндөрүмө кубанганмын берилип.

Сенин сүйүүң калса мейли эскирип,
Сезим күчүн күнөөлөбө жекирип.
Кайсыл мезгил барсам дагы жериме,
Менин күнүм өтөт сенден бекинип.

Күткөн менен калдың эле кечигип,
Бүткөн экен башым эчак чечилип.
Тоскоолдуктан чыгалбадым суурулуп,
Жүрө берем аяп сени, бекинип.

## АТЫРДЫМ ЖАЛГЫЗ БИРОК УШУЛ ТАҢДЫ

Кыйнаган кандай сезим мендей жанды,
Сени деп канчалаган жашым акты.
Телефон колдон түшпөй тигилемин,
Тиледим атпасын деп ушул таңды.

Өзүнсүз билем мага сезим жарды,
Канчалаган күндөрүм артта калды.
Сырдашып телефондо сени менен,
Атыргым келди билсең ушул таңды.

Айлуу түн кучагына мени алды,
Өткөндүн элестерин эске салды.
Алыстык бөлүп биздин ортобузду,
Атырдым жалгыз бирок ушул таңды.





## ЖОГОТУП АЛДЫМ

Баркымды бил деп багынып сага барбадым.
Сооротуп алып өзүмдү өзүм алдадым.
Сен күтчү жолдор али да тоскон өңдөнөт,
Билбедим неге унутуп сени калбадым.

Көңүлү калып, күтсүн деп сага кеч бардым.
Шылтоолор айтып, эмнеге сени алдадым.
Түшүнгөн менен кеч болуп калды а бирок,
Акыры сен да башканын жолун тандадың.

Биз баскан жолдо кыз-жигит азыр көйкөлөт,
Ээрчишип жүрсө бактылуу болуп көрүнөт.
Элестеп кетет эсиме келип ал күндөр,
Мезгилди карап, суктанып оюм өзгөрөт.

Биз жүргөн жолдор суз болуп дагы көрүнөт,
Көргөндө кээде түш сымал болуп өрүлөт.
Байкатпай келип астымдан тоскон күндөрүң,
Эстесем азыр ойлорго курчап чөмүлөт.

Жоготтум сени бак-дарак гүлүн ачканда,
Үлгүрбөй калдым бакыттын даамын татканга.
Таанышкан күнүм али да кетпейт эсимден,
Кеч күздө эле, биринчи жааган ак карда.

Коштошуп менден колуңду үзүп кетпедиң,
Үмүтүм үзбөй келет деп сени энседим.
Астымдан чыгып үн катпай басып кеттиң сен,
Ошондо билдим жоготуп алган экенмин.

## КЕЛИПСИҢ СЕН КОЛУҢА ГҮЛҮҢ АЛЫП

Келгенсиң сен айылга мейман болуп,
Эс алып жылдагыдай жайды тосуп,
Караанын көрүнгөндө канча кыздар,
Калп деле туз, күкүрт деп сурап коюп.
Акмалап карап калат кошуналар,
Сен келип үйүбүзгө шаңды кошуп.

Колуңа гитараңды кармап алып,
Өзгөчө мукам обон үндү салып,
Тек гана ырдап берсең баарыбызга,
Айылдан төмөн жерде бакка барып,
Кызганып айылымдын кыздарын ай,
Келишет балдарыбыз топту жарып.

Өзгөрүп убактылуу жигит чанып,
Болбогон сөздөрүнөн айып табып,
Эх, бөлөм, келип калсаң айылыма,
А балким кээ бирине бүлүк салып.
Арадан аз убакыт өтсө кайра,
Билинбей орду ордуна түшүп калып.

Жайында биздин үйдө жылдыз жанып,
Бүт айыл көңүл буруп сени таанып,
Өзүңдөн үлгү алып иним дагы,
Кармаган гитараңды кыңылдатып.
Оюмда эч нерсе жок жүргөн элем,
Келипсиң сен колуңа гүлүң алып.





## КҮТҮҮ

Дарак калды жалбырагы күбүлүп,
Жерге түшүп алсыз, араң сүзүлүп,
Күттүм сени ошондо да келбедиң,
Каламбы дейм үмүтүм да үзүлүп.

Же калбадым бир өзүңдөн түңүлүп,
Жоголдуң ай сезимимди күйгүзүп,
Арзуум болуп түбөлүккө калдыңбы,
Алайын деп дагы бир аз сүйдүрүп .

Сүрөтүңдү тиктей берем үңүлүп,
Элестетип көргөн сымал сүйүнүп,
Жыл айланат карайм сенин жолуңду,
Жүрөсүңбү күз келет деп күттүрүп.

## ТАГДЫРЫМ БАШКА

Сен көрдүң мени ак жоолук башка салынган,
Байкабай келип күтүүсүз өттүм жанындан.
Ишене албай кылчактап улам карайсың,
Арыла албай жатканда сезим дартынан.

Жашоону кара, белгисиз болуп жазылган,
Көргөзбөй, айтпай буюрган бизге тагдырдан.
Бактылуу бол деп ичинден айтып калгандай,
Колуңду шилтеп баскандай болдуң артымдан.

Белегиң болду түбөлүк мага калтырган,
Эч кимге айтпай жүрөккө сени жашырган.
Өзүңдөн калган сезимди даңктап өтөмүн,
Өчпөгөн сүйүү сүрөттөй элес калтырган.

Сезимдер курчап жакшы сөз укчу жарыңдан,
Эскирсин сүйүү дабасы сага табылган.
Бактылуу өмүр кечирсең экен түбөлүк,
Тагдырым башка экенин билчи сагынсаң.





## ЭНЧИЛЕДИМ

Башканы күттүм бирок кезикпедим,
Алоолоп өчпөй койду сезимдерим,
Жашоодо бөтөн жанга ыраа көрбөй,
Сүйүүмдү билсең сага энчиледим.

Сезимдин бир тамчысын кемитпедим,
Каректен кетпей такыр элестериң,
Кошулуп бир дайрага сүзгүм келди,
Өзүмдү мен өзүңө энчиледим.

Качанкы каталыгың кечиргемин,
Кааладым сенден башка кезикпесин,
Өмүрдө сени менен бир болом деп,
Жанымды, жашоомду да энчиледим.

# МЕН КҮТТҮМ СЕНИ

Мен күттүм сени, күтпөгөнгө аргам жок,
Дабасын таппай сооротом бирок айлам жок.
Каректе калган элесиң чыкпай эсимден,
Күнөөсүз жүрөк сыздады кантем алы жок.

Мен күттүм сени, эмнеге билбейм, тажабай,
Берилип алып башканы такыр карабай.
Өзүңдөн бөтөн пендени такыр күтпөдүм,
Мезгилдер өтүп, убакыт кетип байкалбай.

Сезимдер өчпөй жүрөктө калат сакталып,
Элесиң кетпей каректе калган кадалып.
Мен күттүм сени, али да күтүп жүрөмүн,
Кайдагы жомок кыялды ойлоп алданып.

Мен күттүм сени, мезгилдер жылга алмашып,
Убакыт өтүп, жылдарым жылга жармашып.
Күтүүдөн жүрөк томсоруп неге баратат,
Мезгилдер дагы баратат окшойт саргайып.





# АЙЛАНДЫҢ

Айландың сен жашоомдун кымбатына,
Ишенем бөтөн жанга кыйбашыңа.
Ар күнү жаза берем бир өзүңө,
Қалдыңбы каарман болуп ырларыма.

Айландың өмүр берген ак таңыма,
Нотасы болуп ырдын саптарына.
Ар күнү кубанып мен жашай берем,
Ашыкча ашык болуп калганыма.

Айландың өмүр шерик ардагыма,
Кудайым жазып менин маңдайыма.
Эркелеп күндө сени тосуп алат,
Жүгүрүп кучак жайып балдарың да.

Өкүнүбөйм сени сүйүп тапканыма,
Муктажмын ар бир күнү жардамыңа.
А мүмкүн тиктеп гана койсоң керек,
Арнаган ырларыма, жазганыма.

## МЕН СЕНИ СҮЙӨМ

Кездешип махабаттын майданынан,
Чок терип гүл оронгон аптабынан,
Мен сага өчпөс сезим тартууласам,
От кечип ар бир ырдын саптарынан.

Жолугуп ак сүйүүнүн талаасынан,
Кол сунуп сезим гүлдүн калаасынан,
Барганда аяп мени тосуп алчы,
Арылтып жүрөгүмдүн санаасынан.

Кезигип тирүүлүктүн марасынан,
Сени деп чыктым сезим капасынан,
Түбөлүк сүйгөн мени бирөө бар деп,
Билип жүр адамзаттын арасынан.

Толуктап махабаттын дабасынан,
Жол улап бийик ашуу дабанынан,
Өтөмүн сени сүйүп аалам күбө,
Ант берип адамзаттын арасынан.





## СЕЗИЛДИҢ

Көздөрүң жалгыз мени тиктегендей,
Жүрөгүң жан шеригин издегендей,
Түбөлүк сени менен бир болом деп,
Сезилдиң ал кечеде бийлегендей.

Бул кече экөөбүзгө бил дегендей,
Сендикмин деп кирпигиң ирмегендей,
Оюмдун баарын туюп, коштоп анан,
Сезилдиң сен башыңды ийкегендей.

Жүрөгүм сезим курчап ээлегендей,
Жан дүйнөм бөтөн жанга бербегендей,
Музыка токтобостон уланса деп,
Сезилдиң сен жанымдан кетпегендей.

Ошол кечти сагынамын эңсегендей,
Ойлор курчап сезимиме эрким жетпей,
Бактыма себеп болуп жолукса деп,
Элестетем бир күн сага кездешкендей.

## СҮЙӨМ ДЕБЕ

Сүрөтүм тиктеп алып сүйөм дебе,
Бул сезим ыйык неме, ыйык неме.
Жүзүмдү карап анан көрбөгөн соң,
Үнүмдү угуп мени сүйөм дебе.

Жашоом жок бир өзүңсүз, күтөм дебе,
Далайга келип кетер мындай неме.
Баарлашып бирок мени билбеген соң,
Өмүрүм өткүчөктү күтөм дебе.

Башыңа бакыт кушу конот дебе,
Каалаган ой- максатың болот дебе.
Бактылуу бул сезимди баалай билем,
Тынч алып же оюма койбойт неге.

Эх, сезим көңүлүмө толбойт неге,
Башканы сүйүп калсаң болбойт беле,
Бактыңа жаралган да бирөө бардыр,
Бактыма себеп болдуң сүйөм дебе.





## КҮТТҮҢБҮ?

Күттүңбү жолум карап,
Жебесин сааттын санап,
Барганда мен Ошума
Бир күнүң мага арнап.

Чачыңды сылап тарап,
Жаштыкты эңсеп, самап,
Келер деп күттүң бекен
Өзүңдү, мени аяп.

Ачылып дагы барак,
Айыгар сезим жараат,
Күтүп ал бүгүн мени
Келет деп жолум карап.

Күтүп ал күттүрбөстөн,
Үмүтүм өчүрбөстөн,
Барганда мен Ошума
Кайтайын өкүнбөстөн.

## ТҮШҮМӨ НЕГЕ КИРДИҢ

Түшүмө кайра неге кирдиң экен,
Ойготуп уктап жаткан сезим деген.
А балким жолугам деп айталбастан,
Жол карап бүгүн мени күттүң бекен.

Өзүңдү эстегенде күйүп кетем,
Алоолоп оттой ысып турат денем.
Унутам деп аракет кылган менен,
Түшүмө неге бүгүн кирдиң экен.

Өзүңдү эстегенде жашып алдым,
Кулпулап сезимимди катып салдым.
Түшүмө кирбей койсоң эмне болмок,
Эстесем өткөн мезгил болуп алтын.

Жашоодо издеп жүрүп эмне таптым,
Баалабай кетирдикпи сүйүү баркын.
Алыстап калганыма өкүнөмүн,
Ойлоном мен тагдырга эмне жаздым.





## СЕНСИЗ

Сенсиз дагы таңдар атып, кеч кирет,
Кудай мени жакшылыкка жеткирет.
Күнөөлөбөйм тагдыр бизге буюрган,
Ар бир адам каталыкты кетирет.

Сенсиз дагы дайра толуп суу агат,
Талааларда чөптөр өсүп, гүл ачат.
Оңдоп алам ооруп турган көңүлдү,
Калган болсо жүрөгүмдө жаракат.

Сенсиз дагы торгой учуп үн салат,
Обончулар оболотуп күү чалат,
Өкүнүбөймүн артта калган өмүргө,
Токтобостон мезгил жылып баратат.

Сенсиз дагы жашоо өтүп уланат,
Ар бир күнгө үмүт конуп уялайт.
Мезил келсе тартуу берип жашоомо,
Сезимдердин дайрасына сүзө алат.

## КЫШТЫН ТҮНҮ

Кыштын түнү сезимимден гүл аңкып,
Тээ төбөдө турган тиктеп ай калкып,
Сени менен кол кармашып кетүүгө,
Даяр элем карды жирeп бир басып.

Ызгаар суук, шамал коштойт күү чалып,
Сүйлөбөйсүн, билбейм неге үн катып.
Түнт мүнөзүң Алыкулга окшотуп,
Бирок сүйдүм сезимдерим күч алып.

Кыштын күнү өтө берди уланып,
Сөз айтпадың балким менден уялып,
Алыкулдай элестетип өзүңдү,
Жүрө бердим мен ошого кубанып.

Сүйдүм сени алоолонуп, от жанып,
Жүрө бердиң үндөбөстөн сыр катып,
Туура келди мен алыстап кетүүгө,
Калсаң дагы кетпечи деп суранып.





## СҮРӨТҮҢДҮ ТАРТАМЫН

Мезгилдин агымына башым ийип,
Мээримдүү бул өмүрдүн нуру тийип,
Мелмилдеп чалкып жаткан көл боюнда
Мен сенин сүрөтүңдү тарттым чийип.

Эркимди ээлеп алды сезим кирип,
Эзилип кан аккандай жүрөк тилип.
Эрмегим болуп алдың билбеймин ай,
Эмнеге ырлар жазам сага чийип.

Жан дүйнөм кыйналганын койчу билип,
Жашоомо кетпес нурду бердиң илип,
Жашырып бул сезимди каткан менен,
Жүрөгүмдөн чыгаралбайм неге чийип.

Сүйүүмдү билбесең да бул өмүрдө,
Сүрөтүң тарта берем бирок чийип.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОГОНДО

Каптаган боз тумандын күүгүмүндөй,
Бүдөмүк ойлор деги койду бүтпөй.
Кеткениң түшкө кирип кыйнай берет,
Айтпастан жол алып сен мени күтпөй.

Кайчылаш жолдо калдым сезим түтөй,
Өзүңдөн калса дагы жарат бүтпөй.
Келет деп боз тумандын арасынан
Издеймин дале сенден үмүт үзбөй.

Эгерде жолукпасам, сени сүйбөй,
Тынч өмүр өтөр беле балким күйбөй.
Жоголуп боз тумандын арасына
Кыйнадың түшкө кирип эч бир бүтпөй.





## СЕЗИМИМДИН ГҮЛ БАГЫ

Мээрим берип тиктер эле күн дагы,
Коздугуна суктангандай бүт баары.
Чаң жолотпой жалгыз сага арнаган,
Соолуп барат сезимимдин гүл багы.

Аярлачы, акырындап сүй аны,
Алмаштырып өстүрө албайм гүл жаңы.
Тамырына суу жүгүртүп карап кой,
Арбалаарсың келсе эгер убагы.

Кайсыл мезгил, күтүп алат түн дагы,
Жүрөгүңө жол көрсөтөр күн таңы.
Сагынганда саргайгандай сезилет,
Сага деген сезимимдин гүл багы.

## ИЗДЕДИМ БАКТЫЛУУЛАР АРАСЫНАН

Сезимдин гүл оронгон шактарынан,
Жолуксаң ырларымдын саптарынан,
Мен сени элестетип издей берем
Бактылуу адамзаттын катарынан.

Көрүнүп жалгыз сенин асманыңдан,
Жел болуп сылап өтсөм жамалыңдан,
Байкаба, мен ошого макул элем
Бул жашоо, тирүүлүктүн арасынан.

Көрүнбөй күндүн калкып батканынан,
Байкатпай таң агарып атканынан,
Бекинип жүрөгүңө жетип барып,
Коргосом ысык суутун аптабынан.

Арылам мен ошондо арманыман,
Сырымды жүрөгүмө катканыман,
Мен сени көргүм келет эгер билсең,
Бактылуу адамдардын арасынан.





## СҮЙӨМ ДЕП КЕЛИП ЖҮРӨТ МЕНИН АЙТКЫМ

Болсо да баа жетпеген асыл,алтын,
Билемин өтө ыйык анын баркы,
Акырын кучагыма кысып алып,
Мен сага келип жүрөт бир сөз айткым.

А балким билгиң келбейт анын баасын,
Арзанга баалайсыңбы мүмкүн наркын,
Айтууга даай албаган ошол сөздү,
Мен сага келип жүрөт күндө айткым.

Уу болсун, мүрөк болсун кантем жаным,
Ичемин ошол сөздүн билсең антын,
Бир жанга угузбастан ыйык сөздү,
Тек гана келип жүрөт сага айткым.

Ойлоном жалгыз өзүң менин бактым,
Айтамын сен бар үчүн жашоом жаркын,
Кучактап кулагыңа шыбырап мен,
Сүйөм деп келип жүрөт билсең айткым,

Кучагымдан чыгарбай кайталап мен,
Сүйөм деп келип жүрөт күндө айткым.

## КИРЕЙИН КЕТПЕЙ ТҮШҮҢӨ

Окшобой күнүң күнүңө,
Ой курчап ээлеп жүзүңө,
Жүрөгүң сенин сыздатып,
Жетемин шашпа түбүңө.

Айланып сенин түнүңө,
Оролуп сезим жүзүңө,
Өзүңдөй мен да сыздатып,
Кирейин күндө түшүңө.

Ишенбе жүрөк күчүңө,
Илинип калба күйүткө,
Дал өзүңдөй сыздатып,
Кантесиң кирсем түшүңө.

Барамын сезим үйүңө,
Багынып калба сүйүүңө,
Санычч сени курчасын,
Кетпейин кирип түшүңө.

Канчалык качсаң жолотпой,
Өч алам кирип түшүңө.





## ИЗДЕП ЖҮРӨМ

Кыялданган арзууларды калтырып,
Жан дүйнөмө кусалыкты батырып.
Кайда кеттиң кабарыңды билгизбей,
Издеп сени таппай жүрөм зарыгып.

Же калдыңбы, калдың бекен таарынып,
Андабастан не сөз айттым жаңылып.
Издеп жүрөм, издей берем тажабай,
Сени, жаным, ушунчалык сагынып.

Мен сүйүүнүн азаптарын жамынып,
Эч бирөөгө көргөзбөстөн жашынып.
Көз жашымдын тамчысын да билгизбей,
Издеп келем бир башкача сагынып.

## КӨРГӨЗҮП КОЙ ЖОК ДЕГЕНДЕ КАРААНЫҢДЫ

Көргөзбөй койсоң эгер жамалыңды,
Урданып анда бир күн барамынбы.
Айтпаймын, эч бирөөгө айталбаймын,
Алыстан тиктеп карайм карааныңды.

Жолотпой койсоң айтып талабыңды,
Түшүнбөй сагынычтан абалымды.
Жок дегенде, жок дегенде мени карап,
Кабыл ал баш ийкеген саламымды.

Билгизбей коёсуңбу кабарыңды,
Ырбатып аласыңбы жаратымды.
Саламым алик алба макул анда,
Алыстан көргөзүп кой карааныңды.

Карааның бир көрүүгө зар болгондо,
Карап сен көтөрүп кой маанайымды.





## ЖАЗЫЛБАЙ КАЛАТ ОКШОЙТ ТААРЫНЫЧЫҢ

Таркабай сага болгон сагынычым,
Айныды кусалыктан акылым чын.
Көрөм деп карааныңа зар болгондо,
Күчөдү билбейм неге таарынычың.

Сен мага жол көрсөткөн багытымсың,
Сезимге шоола чачкан жарыгымсың.
Бир өмүр өзгөрүлбөй сүйүп өтөм,
Болсо да мага болгон,таарынычың.

Сен менин, менин гана жакынымсың,
Өмүргө келген жалгыз бардыгымсың.
Миң жылга сүйүүм өчпөй жашай берем,
Жүз жылдык босо дагы таарынычың.

Билбеймин, билбей турам таппай айла,
Жазылбай калат окшойт таарынычың.

## МЕНИН СҮЙҮҮ БАГЫТЫМ

Өзгөртпөчү, өзгөрүлбөйт багытым,
Болгон болсо балким сага кадырым.
Жүрөгүмдүн азыгына айланып,
Сен элесиң өмүр, сүйүү бакытым.

Жан дүйнүмө жашоо берген тамырым,
Жалгыз сенсиң менин сүйүү тарыхым.
Алыстасаң макул менден алыста,
Эч өзгөрбөйт сага сүйүү багытым.

Жетип турат бардыгына акылым,
Алыстайсың, алыстайсын акырын.
Үндөбөсөң макул мага үндөбө,
Буралбайсың жүрөгүмдүн багытын.

Жүрөгүмө сүңгүп кирип чыкпаган,
Жалгыз сенсиң менин сүйүү багытым.





## ТАТААЛ ТУРА ТААРЫНЫЧЫҢ

Татаал экен жаным сенин таарынычың,
Кыйын тура билбедим эй жазылышың.
Баарын жууп кетти окшойт ошол учур,
Билгизбейсин жоголгондой сагынычың.

Ооба татаал, өтө татаал таарынычың,
Ушунчалык кыйын окшойт жазылышың.
Кандай айла табарымды билбей анан,
Жетпей калды жаным сага акылым чын.

Татаал болгон болсо мүмкүн сагынычым,
Бирок сага эч болбогон таарынычым.
Капалансам мен өзүмө коюп күнөө,
Оңой эле болот менин жазылышым.

Сени мынча татаал мүнөз ойлобостон,
Эч таркабай жүргөн эле сагынычым.
Жүрө берем сени дайым сагынып чын.

## ТАР БОЛУП КЕТЕТ

Тар болуп көчөлөрү кең калаанын,
Мас болуп кирип алып мен санаанын.
Жүргөндө неге көзгө урунбадың,
Кас болуп көргөзбөдүң сен караанын.

Жаз болуп көрүнөйүн мен талаанын,
Мас болуп гүлүн искеп сен санаанын.
Жүргөнүң көрүп калсам чыдабаймын,
Таш болуп катыбаймын жок талабым.

Күз болуп сени сүйгөн, эх, арманым,
Түш болуп көрүнбөстөн бер жардамың,
Сагынып, ушунчалык сагынганда,
Тар болуп кетет ушул кең ааламым.

Өзүңдү көргүм келип сагынганда,
Тар болуп кетет ушул кең ааламым,





## СҮЙҮҮМ МЕНИН ӨЗГӨРБӨГӨН

Сагынычтан көз жашым өзгөрбөгөн,
Карегимден али да бөксөрбөгөн.
Жүрөгүмдү сыздаткан кусалыгым,
Өзүңө билгизбеген, көргөзбөгөн.

Чыдап жүрөк өзүң деп өрттөнбөгөн,
Сүйүү көйнөк кийсем да көйкөлбөгөн.
Билип кой түбөлүктүү сага деген,
Жүрөгүмдө сезим бар көөнөрбөгөн,

Жат бирөөнүн сезимин көтөрбөгөн.
Жакшы сөзүн арнаганга көздөбөгөн.
Мен сен деп, сени ойлоп жашай берем,
Сүйүүм бар бир калыпта өзгөрбөгөн.

Сен үчүн түбөлүктүү өчпөс болгон,
Сүйүүм бар, сүйүүм менин өзгөрбөгөн.

## КОРКОМУН КАЙРА СҮЙҮҮ ЖАҢЫЛЫШТАН

Айталбай тагдырыма таарынычтан,
Кыйналып келем неге сагынычтан.
Абайлап мен сүйүүнү карасам да,
Коркомун кайра андан жаңылыштан.

Издеймин куса сенден арылыштан,
Жолотпой сагынычты батырыштан.
Бул арал неге мени тороп алган,
Коркомун мен сезимден жаңылыштан.

Сүйүүнүн айтканына багыныштан,
Сезимдин азабына кагылыштан,
Коркомун көз жашыма убал эле,
Кайрадан сезбей калып жаңылыштан.

Канчалык жүрөк сыздап ыйласа да,
Коркомун сүйүү сенден жаңылыштан.





## БИР БОЛСО ДА ОЙЛОРУБУЗ

Бир болуп жашаса да ойлорубуз,
Кайчылаш өтүп, аттиң, жолдорубуз.
Кай күнү, кайсыл күнү сен экөөбүз,
Барганда күбө болот тоолорубуз.

Бир максат, бирге тилек ойлорубуз,
Биз үчүн ачылса да жолдорубуз.
Өз эмес, өзгө жанды ойлогонго,
Кармашпай калган эле колдорубуз.

Бир болуп өтө берет ойлорубуз,
Бирикпей калган эми жолдорубуз.
А балким айттырбастан келеби деп,
Али да күткөн чыгар коргонубуз.

Бир болгон билем, билем ойлорубуз,
Бирикпей калган аттиң жолдорубуз.

## ЖҮРӨК ТАБЫМ

Көтөрүлүп кусадан жүрөк табым,
Көңтөрүлүп кыйналат менин алым.
Сезимдин саратаны кыйраткандай,
Даба жок күйүп барат сүйүү багым.

Сагыныч коштоп күндө атып таңым,
Саргайып кусалыкка батып жаным.
Өзүңдөн башка мага даба жоктой,
Келе алабы ордуна жүрөк табым.

Арылбай кусалыктан менин башым,
Ачылбай сагыныччтан кабак кашым.
Эх, сезим, кетпей тороп кыйнадыңбы?
Кыш дале, бүрдөй албай сүйүү жазым.

Өз ордуна а балким келип калар,
Кусалык коштоп келген жүрөк табым.





## КАЙРА КЕЛБЕ ЭКИНЧИ

Сезимдердин тийип мага эпкини,
Бир заматта өзгөрүлтүп кейпимди.
Тынчтык бербей жүрөгүмдү сыздатат,
Кандай балээ торойт билбейм эркимди.

Баш оорутуп каптап сүйүү эпкини,
Баарынан да катаал болуп мээрими.
Башкаралбай акылымдан адашсам,
Кандай болот жүрөгүмдүн чечими.

Күчтүү экен сезим, сүйүү эпкини,
Суранамын келбе, келбе экинчи.
Көрсөң дагы жолобостон өзүмө,
Менден алыс, алыс кетип бекинчи.

Ушул болсо жүрөгүмдүн сезими,
Кайра келбе, келбе мага экинчи.

## БИЗГЕ СҮЙҮҮ КЕРЕКТИР

Ушул жашоо жаратканда белектир,
Тагдыр бизге тартуулаган себептир.
Таарынычтар эч болбосун ортодо.
Балким бизге сүйүү гана керектир.

Кол кармашып жашоо нуру келеттир,
Арзуу болгон мезгил узап кететтир.
Колдонолу убакытты уттурбай,
Жаратканым бизге бакыт себеттир.

Дабан ашып эчен дайра кечеттир,
Сезим нуру далай жолду кезеттир.
Араздашпай ынтымакта бололу,
Мындай сүйүү бизге гана жететтир.

Болбогонго таарынышпай өтөлү,
Дагы бизге сүйүү, сүйүү керектир.





## КАПАЛАНБАЙ КЕЧИРЧИ

Кыйналып жүрөк туйлап таарынычтан,
Кай күнөөм үчүн билбейм жаңылыштан.
Капасын эмне деймин, эмне деймин,
Себебин таппай издейм арылыштан.

Сөздөрүм тийип катуу кагылыштан,
Жүрөгүң көтөрө албай жанчылыштан.
Жакшынам турганыңда сен таарынып,
Арга жок болгон өндүү жалыныштан.

Капасын балким мага сагынычтан,
А мүмкүн мени жаным кызганычтан.
Кечирчи суранамын, кечирип кой,
Кезигип барам бир күн айттырбастан.

Не дедим, эмне дедим кечирип кой,
Кай күнөөм болсо дагы жаңылыштан.

## СЕНИ СҮЙГӨН БИРӨӨ БАР

Арбап алдың мени карап тиктечи,
Алыс калсам алсыратпай издечи.
Айталбастан сени сүйгөн бирөө бар,
Жүрөгүңө бөтөн жанды илбечи.

Жүрөгүңдү какса бирөө ким дечи,
Сезимимдин ээсин таптым бил дечи.
Билгизбестен сени сүйгөн бирөө бар,
Жүз жыл бою сүйүп өтөм билсеңчи.

Кирбесинчи жат сезимдин кирнеси,
Сайылбасын, кыйнабасын ийнеси.
Бөтөн жанга ыраа көрбөй кыйналам,
Сүйүп жашайм сени, жаным, билсеңчи.

Аалам кезип кетсең эгер жүр дечи,
Сендикмин мен сен да мени сүй дечи.
Жүрөгүңдүн төрүнөн сен орун бер,
Барам бир күн айттырбастан күт дечи.





# АСЫЛЫМ ӨМҮР ЖАРЫГЫМ, ЭНЕ-АТАМ МЕНИН БАКЫТЫМ

## АПАМА

Апакем, асыл апам,алтын апам,
Сиз мен үчүн болосуз тоодой караан.
Кудайдан ден соолук тилеп келем,
Бакубат жүрсөңүз тынчыйт санаам.

Көрбөңүз дейм балдарыңыз кайгысын,
Көп жашаңыз көрүп жашоо бактысын.
Бөлөнүп сыйыбызга ар убак,
Айтып дайым кеп кеңештин жакшысын.

Болуп дайым атакемдин жанында,
Сыйга бөлөйт балдарыңар баары да,
Өмүр берсе тилек тилеп ар качан,
Атам экөөң ажылыкка баргыла.





## ЖАШООНУ АПАМ БЕРГЕН

Эң алгачкы таң атканын апам мага көрсөткөн,
Өмүр тилеп, жашоо берип, түн уйкусун үч бөлгөн.
Аябастан жанын дагы бала үчүн арнаган,
Барктайлычы эне затын түбөлүккө өмүрдөн.

Күн нуруна эң биринчи апам мени бөлөгөн,
Соолутпастан сактай билип жүрөгүнө гүл өскөн.
Апа ыйык, апа назик айкөл келет баарынан,
Сыйынамын эне заты бир өзүңө өмүрдөн.

Ай шооласын бул жашоодо апам мага көрсөткөн,
Бала үчүн ар бир күнүн аябастан өмүрдөн.
Апа сулуу, апа тунук сый көрсөтөм ар дайым,
Сыйлап өтсөм арманым жок сизди дайым көңүлдөн.

Бул ааламда жашоо үчүн мага жолду ачкансың,
Эне деген атын сактап кайратыңдан кайтпайсың,
Кыйналбачы, апакем ай, убайымга түшүп сиз,
Тобокелге барып анан түйшүгүмдү тарпагын

# АПАКЕМ МЕНИН СҮЙҮКТҮҮМ

Көтөрүп сен балдарыңдын түйшүгүн,
Апакем ай, көргөзбөстөн күйүтүң,
Атамдын да жогун бизге билгизбей,
Чоңойтконсуң ыйык болгон сүйүктүүм.

Апакем ай, тийип турган күнүмсүң,
Барганымда кучак жайган үйүмсүң,
Ошондогу сенден алган тарбия,
Актасам ээ жок дегенде бир үзүм.

Апакем ай, кантип актайм үмүтүң,
Айтчы мага, айтчы мага сүйүктүүм,
Туу тутамын өмүр бою өзүңдү,
Ааламдагы айтып бүтпөс сүйүүмсүң.

Атакемдин ордун бизге билгизбей,
Жашагансың, жашайсың ээ сүйүктүүм.





# АТАМ МЕНЕН АПАКЕМ

Тийип турган күндөй болуп мээрими,
Ыйык болгон бала үчүн сезими,
Өзгөчө жан атам менен апакем,
Кудайымдын периштедей теңиби?

Кубанычым, бул жашоомун шериги,
Нурга бөлөйт кайталангыс сезими.
Мага арнап бул өмүрдү ыйгарган,
Атам, апам жан дүйнөмдүн теңири.

Сагынганда жазып келем черимди,
Уккум келип ак батаңды, кебиңди.
Балаң үчүн аябайсың билемин,
Тосуп жүрөк, чокко салып этиңди.

Таппайм билем силердеги мээримди,
Актаймынбы ак сүтүңдү, сезимди.
Бар болгула ыйык болгон өмүрдө,
Туу тутамын ата, апа пейлиңди.

## БАР БОЛГУЛА АТАМ МЕНЕН АПАКЕМ

Туу тутамын акыл насаат айтканын,
Сагынамын бизге арнап катканын,
Тээ алыстан балам келип калса деп,
Курут, майы, алма, өрүк, жаңгагын.

Алыстамын ата, апа ардагым,
Тийсе экен деп тилек кылам жардамым,
Экөөңөрдөн алган улуу тарбия,
Кетирбестен жүрөгүмө сактадым.

Жашоодогу жароокерим кымбатым,
Салыштырам жасаганың, кылганың,
Даамдуу тамак жесем дагы апаке,
Сең жапкандай ысык нанды туйбадым.

Өмүрдөгү улуу тоом, кымбатым,
Үлгү болуп турат сенин турпатың,
Мага айткан алтын сөзүң атаке
Адамдардан издеп бирок таппадым.

Бар болгула атам, апам канатым,
Силер барда ачык менин асманым,
Бул жашоону жарык кылып өмүрдө,
Ден соолукта болгулачы ар дайым.





## АТАКЕМ

Көрүп калса алыс жолдон караанымды,
Кучак жайып тосуп сурап абалымды,
Мээрим төгүп эркелетип күтүп алган
Асыл болгон атакемди айтайынчы.

Кеңеш берип аябайсың жардамыңды,
Камдап баарын бересиң го тапканыңды,
Ак батаңды алган соң атакебай,
Жолдор узак үйүмө кайтайынчы.

Сапар улап мен өзүңө барбадымбы,
Сүйлөшөмүн эске салып балалыкты,
Сүйүнүчтөн атакем да кубангандай,
Сагынычым жазылып мен жол алдымбы.

Угуп келем акыл насаат айтканыңды,
Билем ата үлгү алып жатканымды,
Ден соолугуң бекем болсун, бекем болсун,
Атакебай туу тутамын акылыңды.

## АТА-ЭНЕ

Тарбиясын берди бизге баалабай,
Багат анан түйшүгүнөн чарчабай.
Баркын билип, урматтасак, сыйласак,
Ата-энеден эч нерсени аябай.

Бала үчүн баарынан да кем кылбай,
Эмне десең берет четтен санабай.
Жанын берип тикесинен тик турган,
Жүрөлүчү ата-энени ардактай.

Жөлөк эле төрт тараптан колдогон,
Мээнет менен арыбастан чоңойткон.
Аздык кылат ата менен энеге,
Курчап берип алтын менен орогон.

Алмаштырбайм байлык менен акчага,
Алтын болсун, жакут болсун башкага,
Өмүр бою керек мага ата-энем,
Аалам бүтүп ара жолдо калсам да.





## АТА-ЭНЕМЕ БАЛАМЫН

Ачтым бүгүн өткөн күндүн барагын,
Көргүм келип балалыктын жамалын.
Менден алыс болсо дагы а балким,
Берейин деп балдарыма сабагын.

Салыштырам ошол мезгил кабарын,
Элестеген жашоого бир карашын.
Балалыктын баары окшош турбайбы,
Байкаганга көз жүгүрткөн талабын.

Ойногонун көрүп алып баламдын,
Аяганы элестеди алардын,
Жыгылганда таяп мени тургузган,
Көз алдымда атамдын да, апамдын.

Кара бүгүн балдарыма апамын,
Узаткамын балалыктын сапарын.
Эркелетип азыр дагы колдогон,
Атама да, апама да баламын.

## АПАКЕМ

Дүйнө таанып бул ааламдын сырларын,
Жарык күндүн өткөрүп мен жылдарын.
Апакем бар бул өмүрдө мен бармын,
Тартуулаган таттуу жашоо жыргалын.

Асыл апам таянаарым, кымбатым,
Айтсам угар, ишеничим, сырдашым,
Сиз бар үчүн бул өмүрдө жашап мен,
Жыгылбастан, тайгаланбай кыр аштым.

Өзүңүз бар толуп дүйнө кырманым,
Жашап өтөм бул ааламдын жыргалын.
Барктап алам башым ийип, апаке,
Бар байлыгым, бактым болгон кымбатым.





## «АПАКЕМ ООРУБАСЫН!»

Жер көтөргүс жүктү арттым жонуңа,
Канча түйшүк илип бердим мойнуңа.
Ошондо да жалгыз мага чыдаган
Апакем ай, сен эч качан ооруба.

Ороп мени жылуу жумшак тонуна,
Сөз тийгизбей жакын тартып бооруна.
Жөлөп алып кир жугузбай чоңойткон
Апакем ай, сен эч качан ооруба.

Эмне кылсам коюп менин оюма,
Карматасың тапканыңды колума.
Бар жыйганын бала үчүн арнаган
Апакем ай, сен эч качан ооруба.

## АПАКЕМ БАР МЕН БАРМЫН

Дүйнө таанып, бул ааламдын сырларын,
Жарык күндүн өткөрүп мен жылдарын,
Апакем бар бул өмүрдө мен бармын,
Тартуулаган таттуу жашоо жыргалын.

Асыл апам таянарым, кымбатым,
Айтсам угар, ишеничим, сырдашым,
Сиз бар үчүн бул өмүрдө жашап мен,
Жыгылбастан, тайгаланбай кыр аштым.

Өзүңүз бар толуп дүйнө кырманым,
Жашап өтөм бул ааламдын жыргалын.
Барктап алам башым ийип, апаке,
Бар байлыгым, бактым болгон кымбатым.





# АЙЫЛЫМ АЛТЫН ТУУРУМ БИЙИК БОЛГОН, БЕРЕКЕ ЫНТЫМАКТЫН НУРУ ТОЛГОН.

## АЙЫЛЫМДЫ ДАҢКТАСАМ

Туусун бийик көтөрүп алып айлымды,
Таныткым келет атагың айтып баарыңды.
Атактуу элим, айтылуу жерим Көлдүгүм,
Кастарлап сенин данктаймын улуу баркынды

Көкөлөп турса асабаң сенин алыска,
Астыга озуп жеткирбей бардык жарышта.
Көлдүктүн уулу, жеримдин кызы болот деп,
Коргосо баары жараса балаң намыска.

Желбирей берсин желегиң бийик көкөлөп,
Жүгүндү, жерим, балдарың, кызың көтөрөт.
Айлымдан чыккан атактуу далай инсандар,
Ааламды таанып, ааламга сени көрсөтөт.





## МЕНИН ЖЕРИМ

Эстен кетпейт тээ талаада эгин жыйнап жүргөнүм,
Орок оруп, чөбүн жыйып, айлымдагы күндөрүм.
Мезгил жетип биз чоңойдук, кош айтышып өзүңдөн,
Ошол мезгил ошол күндү сагынамын, күтөмүн.

Алтын уям, асыл жерим айланайын Көлдүгүм,
Керек болсо жаным курман, өзүң үчүн өлөмүн.
Берип мага тарбияңды адам болуп өскөмүн,
Улуулуктун символундай бир өзүңдү көрөмүн.

## КӨРГҮМ КЕЛЕТ АЙЫЛЫМДЫ

Күтөмүн мен таңдын атып, күндүн кайра батканын,
Жаратылыш ажары кооз, булбул сайрап жатканын.
Көргүм келип жайдын ысык саратандуу аптабын,
Жөжөлөрүн ээрчитишкен өрдөк суута акканын.

Көргүм келет жаңгак менен алма короо алганын,
Жай айында нурга бөлөп ысык сонун аптабын.
Көргүм келет кумга оонап ойноп жүргөн балдардын,
Суута түшүп кайра чыгып балык болуп жатканын.

Күтөмүн мен тээ талаада эгин бышып калганын,
Чөбүн жыйнап, орок оруп чөп жыттанган жай айын.
Көргүм келет айылымдын кайталангыс ажарын,
Анан дагы чаң учуруп малдар келе жатканын.

Көргүм келет жайдын күнү таңдын эми атканын,
Тээ чокудан ылдый көздөй күндүн бери акканын.
Көргүм келет айыл ичи таң нуруна бөлөнүп,
Түтүн чыгып ар бир үйдө жаңы күндүн башатын.

Көрсөм деймин айылымда күндүн секин батканын,
Жумуш бүтүп, салкын түшүп элдер келе жатканын.
Көргүм келип суктанамын, айылымдын ажарын,
Билбей анан убакыттын кандай өтүп жатканын.





## ЖЕРИМЕ БОЛГОН КУСАЛЫК

Көңүлдө туйлап бир нерсе такыр чыкпаган,
Көөдөндү ээлеп туруштук бербей сыздаган.
Түшүнө албай өзүмө өзүм кыйналдым,
Оюмдан кетпей кусалык ороп ырбаган.

Жан дүйнөм менден кетирбей кармап чырмаган,
Көңүлгө келип туйлатып менде тынбаган.
Себебин таппай издеген менен аргам жок,
Кусалык балким мыжыгып алып тырмаган.

Ээледи мени кыл аркан менен кылдаган,
Эзилип турган ылайга салып сындаган.
Эскирип барат, эсимден чыкпай кыйнады,
Жериме болгон кусалык чиркин ырбаган.

Бөксөргөн ойлор толалбай неге чубалган,
Эсимде менин тоолорум тосуп куралган.
Айылыма болгон кусалык менден жазылар,
Кубанып тосуп жолумдан тоссо кутман таң

Кусалык мүмкүн тоолордон гана жазылган,
Чер жазып барсам тосуп ал мени астымдан.
Бөлөнгүм келет нуруңа сенин ар дайым,
Агарып аткан айылым сенин таңыңдан.

Эмнеге экен кусалык ороп кыйнаган,
Оюмду ээлеп, көңүлдөн такыр чыкпаган.
Чиймелеп жазам ошондо да кетпеген,
Айлыма болгон кусалык турат сыйбаган.

## АЙЫЛЫМДЫ КАРАСАМ

Ойлор чубап ой түбүнө жетпеген,
Жолдор узак жетчү жерди эңсеген.
Тээ төмөндө айлым турат кыймылда,
Тоо башында ойго батам, термелем.

Оо, айылым, дүрбү салып карасам,
Түркүн кыймыл эмгек менен жашаган,
Элим турат тосуп алам дегенсип,
Меймандостук, ата-салтын сактаган.

Дүрбү менен алыстарга көз салам,
Анан дагы мектебимди карагам.
Айланаңда кыбыраган окуучуң,
Келгенсийт ал уясына балапан.

Адырларга көз жүгүртүп карасам,
Талаасында мал жандыгы жайнаган.
Айыл элин дүрбөлөңгө салып бир,
Аркасында малчы жүрөт кайтарган.

Кокту, колот ортосунда суу аккан,
Күнгөй, тескей элим анда жашаган.
Менин айлым берекеси төгүлгөн,
Суктанышып не бир жандар караган.

Чака алып суу көтөргөн келиндер,
Элим жүрөт кең пейилдүү, кеменгер.
Жумуш менен алек болуп ар бир жан,
Бекер жүрбөйт бул айылга келгендер.

Эх, айылым, дагы сени карасам,
Мотурайган балдар жүрөт санасам,
Ойноп-күлүп эч нерседен бей капар,
Оюн ойноп, оюнчугун талашкан.

Тээ бийиктен мен өзүңө көз салам,
Намыстуу бул элим сенден садагам.
Түбөлүгү түпкүлүктүү жеримден,
Канат кагып коргоп сени айланам.





## КӨЛДҮГҮМ

Көңүлүм эмнегедир уйгу-туйгу,
Ойлорум алыстарга алып учту.
Айылым сени эстеп куса болом,
Үйрөндүм мен өзүңдөн улуулукту.

Жүрөгүм эңсей берет жылуулукту,
Өзүңдөн издеп келем сулуулукту.
Айылым сага болгон кусалыктан,
Ырым бар сага арнап айтам укчу.

Көлдүгүм кучагыңды кенен жайып,
Жаңгактуу токойлоруң бир ажайып.
Тоо-Дыйкан, Алай-Булак,Ничке-Сайды,
Араласам каламын бир тазарып.

Шамал-Терек тосуп алчы колуң сунуп,
Баркыңды билбептирмин сенде туруп.
Мына эми бир көрүүгө зарыгамын,
Алыстан Көлдүк деген атың угуп.

## АЙЫЛЫМДЫ ОЙЛОСОМ

Сагынганда, сагынганда айлымды,
Таштап коюп, колду шилтеп баарымды,
Кетким келет эч нерсеге карабай,
Арнап алып аябастан жанымды.

Эстегенде, эстегенде айлымды,
Тынчтык бербей туйлайт нерсе жанымды,
Кайыл болуп баарын таштап калаага,
Жалгыз гана алып кетсем башымды.

Ойлогондо, ойлогондо айлымды,
Тамак өтпөй, ичким келбей ашымды,
Канат күүлөп учуп жетсем токтобой,
Күтө албай атпаса да таңымды.





## АЙЫЛЫМА БАРСАМ

Жүрөгүм толкуп айлыма барсам кокустан,
Астымдан тосуп жеңелер чыгат жоолукчан,
Чайларын берип, дасторкон жайып узаткан,
Меймандос алар жашоонун жолун улантkan.

Эркелеп дайым айлыма келип олтурсам,
Апакем менин айланып тосуп жолумдан,
Кагылып менден садагаң болуп кетем деп,
Кулачын жайып жайнатып баарын колунан.

Кубаныч коштоп айлыма келсем кокустан,
Алтындай атам ак бата берип олтурган,
Жеңилдеп калам кусалык тарап ар качан,
Кубаттап чыгат атакем менин жолумдан.

Сүйүнүч менен айлыма карай жол чыксам,
Жаш балдар тосуп, жүгүрүп калат жолумдан,
Унутпай мен да оюнчук алып аларга,
Кубанып калат таркатып берсем колумдан.

Айлыма карай жол тартып калсам кокустан,
Күчүгүм дагы шыйпаңдап карап жолумдан,
Сүйүнүп калам берерге таппай эч нерсе,
Ойлонбой калам чыгып бир кетет оюмдан.

Жөн гана барсам кусалык жазып келсем деп,
Белегим камдап ар кимге атап берсем деп,
Батасын алып атакем менен апамдан,
Кусалык жазып, кубаныч алып келсем деп.

## ТААНЫТКЫМ КЕЛЕТ АЙЫЛЫМДЫ

Туусун бийик көтөрүп алып айылымды,
Тааныткым келет атагын айтып баркыңды.
Атактуу элим, айтылуу жерим Көлдүгүм,
Кастарлап сени көтөрсөм улуу баркыңды.

Желбиреп турса желеги менин айлымдын,
Жетине албай кубанып сага жалындым.
Таанымал канча элимдин жүгүн көтөргөн,
Чыксын сенден атактуу кыргыз далайың.

Көкөлөп турса асабаң сенин алыска,
Жеңсе экен деймин жеткирбей бардык жарышта.
Көлдүктүн уулу, айылдын кызы болот деп,
Коргосо экен жарап бир балаң намыска.

Желбирей берсин желегиң бийик көкөлөп,
Жүгүңдү жерим балдарың, кызың көтөрөт.
Көлдүктөн чыккан атактуу болгон инсандар,
Ааламды таанып, ааламга сени көрсөтөт.





## ЭХ, КӨЛДҮГҮМ

Балалыктын таттуу күнүн өзүң алып калгансың.
Таалим берип өстүрүп сен улуу жолго салгансың.
Ажары кооз табиятың арбап турат өзүмдү,
Эх, Көлдүгүм, алыстагы балдарыңа армансың.

Улуу элдин урпактарын улап келе жатасың.
Жамандыгын чыгарбай сен, айтпай катып алгансың.
Келечекке үлгү болгон уул-кызың бар өзүңдө,
Эх, Көлдүгүм, кыргызымдан асыл жерди тапкансың.

Сагынычым таркабаса убайымга салгансың.
Жакшылыгым ашырып сен жол көрсөтүп баргансың.
Мен өзүңдө төрөлгөмүн,сууңду ичип чоңоюп,
Эх, Көлдүгүм, кусалансам кусалыкты жазгансың.

Канча кызды батырып сен келин кылып алгансың,
Уул-кызыңды өстүрүп ай учуруп да жаткансың.
Чыгып кеткен адамдарың бир өзүңдү сагынар,
Эх, Көлдүгүм, эл журтума ыйык болуп калгансың.

## АЙЫЛЫМ

Мен бүгүн бир өзүмө берем сурак,
Чыкты го айттырбастан ойлор чубап.
Айлыма эмне жумуш жасадым деп,
Оюмдан ушул суроо кетпей турат.

Жан дүйнөм айылымды дегдеп турат,
Барганда мен өзүңдөн алам кубат.
Жөн гана келип кетчи деген сымал,
Айылым карап жолду тосуп чыгат.

Сагындым кызым сени деп туюлат,
Көргөзбөй кусалыктан жаш куюлат.
Айылым алтын уям менин жерим,
Жашарып жаз келгенде бир кубулат.

Сөзүңдү угуп жатам деп туюлат,
Ырымды уккан кезде миң кубулат.
Сен үчүн жумуш жасай албасам да,
Жазамын айылыма ырды курап.





## МЕН ӨСКӨН ЖЕРИМ

Айылымдын ажайып сулуу келбети,
Айтып бүткүс, бак дарагы, талы, тереги.
Суусу бир тунук колоттон агып шырылдап,
Керемет жерим Көлдүктө кооз жер бети.

Желбирей берсин айылымдын бийик желеги,
Өркүндөп өссүн кулпуруп жашоо эртеңи.
Жаштары чыксын элимдин жүгүн көтөргөн,
Актался анан ата-эненин мээнети.

Кыздары сулуу мончоктун эле бермети,
Көргөндөр айтат Айчүрөк сындуу элести.
Уулдары чыкса намыска жарап ар качан,
Камчыга сап Айкөл Манас келбети.

Бакайдай болгон аталар айтса керээзди,
Апалар айтып сөздөрүн кошуп тилекти.
Ак бата берген карылар төрдүн коногу,
Келечек үчүн үлгү болушса эртеңки.

Жеримде кенен элимди багар байлыгы,
Айылым сулуу жерлердин болуп асылы.
Жашасын журтум ынтымак өмүр кечирип,
Сеземин жерим өзгөчө сенин баркыңды.

## ТООЛОРУМА

Кетким келди тоолорума эмнегедир ашыгып,
Чарчаганда алгым келди кучагыңа жашынып.
Турам бүгүн жүрөк дегдеп, жете албай ойлонуп,
Кеткис болгон кусалыкка, сагынычка кабылып.

Кечир мени баралбасам айтып алып жаңылып,
Жөнөп калсам капысынан башка себеп табылып.
Кала берем көргүм келип өзүм жүргөн жерлерим,
Көз алдыма келесиңер тоолорум ай агылып.

Өскөнмүн мен көз алдыңда,ысык суукка кагылып,
Жашайм бирок сенден алыс, бүгүн сени сагынып.
Ар бир минут, ар бир күнү оюмдасың тоолорум,
Баргым келет эртеби, кеч сагынычым калтырып.





## САГЫНУУ

Жүрөгүмө дагы тынчтык бербеген,
Көңүлүмдө бир нерсе бар эңсеген,
Түшүнүксүз түйшүк болуп сезилет
Кыялданып бийиктикке жетпеген.

Айылымдын ар бир күнү элестеп,
Ошол күндү күтөм кайра келер деп,
Жаанда калып мал издеген күндөрүм
Убагында болгон экен керемет.

Тоого чыгып кой артынан жүгүрүп,
Тамак-ашым камдап алып түйүнүп,
Кечке дейин түйшүк тарткан күндөрүм
Эстеп бүгүн сагынамын сүйүнүп.

Көк шиберге бекинип биз ойногон,
Балабыз да оюнга эч тойбогон,
Ойноп жүрүп койлор калып унутта
Кеч киргенде эстеп алып ойлонгон.

Отун терип тескей бетте жүргөнүм,
Кеч кирсе деп кечти дайым күткөнүм,
Чарчап келип сабак карап кечинде
Эске түшөт ошол жаштык күндөрүм.

Сагынам, эстей берем, сагынам,
Көз алдыма тасма болуп тартылган,
Өтсө дагы мезгилибиз өзгөрүп,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө калтырам.

## АСТЫМДАН ТОСОТ ТАҢ НУРУ

Жадырап чыгып астымдан тосуп алса деп,
Үмүтсүз жүрөк жанданып бир аз калса деп,
Таң атпай туруп айылга карай жол алдым,
Көңүлүм толуп өзүңдү көрүп кайтсам деп.

Күлмүңдөп чыгып күн сымал тосуп алса деп,
Көздөрүм менин көргөндө канып кайтса деп,
Таң аткан кезде шооласы жерге жайылган,
Жөнөдүм бүгүн жеримди көрүп кайтсам деп.

Бийиктен карап таң нуру тегиз атканын,
Жашоонун күнү башталып сенде жатканын,
Көрсөм деп эңсеп өзүңө жөнөп баратам,
Ажары тоонун күн сылап ылдый акканын.

Таң нурун кара өзгөчө сулуу, керемет,
Жолумду карап сүйкүмдүү болуп кезигет,
Кош келгин деп бетимден сылап өткөндөй,
Кулачын жайып кең дүйнө айлым керилет.

Кең аалам жерим керемет күчтү берсе деп,
Кучагын жайса төрүнө жетип алсам деп,
Таң нуру коштоп өзүмдү тосуп алар деп,
Жөнөдүм бүгүн сагыныч жазып келсем деп.





## КӨЛДҮК СЕНИ САГЫНАМ

Сагынганда айылымдын суусу мага элестеп,
Күткөн сымал шылдырап ал качан кызым келет деп.
Арбап турат анан дагы өзгөчө бир табият,
Жөнөп калам жол арбыбай Көлдүк сага жетем деп.

Тоо алмаңды жеген кезде, кайра жайда келем деп,
Убаданы берген элем жерим аны сезет деп.
Баралбадым тоолорума канча мезгил өтсө да,
Күттүң бекен жолум карап, качан келип кетет деп.

Чегирткенин үнү дагы айлым сенде ажайып,
Жай мезгилде Көлдүгүмдө чөп жыттанган тазарып.
Келе жаткан малдын чаңы даба болуп өзүмө,
Эстегенде ал күндөрдү балалыкка алпарып.

Тоодон келет куржун толо, каймак, майын артынып,
Ышкын менен кымыздыгын турам азыр сагынып,
Балалыктын таттуу күнү калган экен жеримде,
Күткөн күндөр эске түшөт чоң атамды жашынып.

## ТООЛОРУМА МЕН БАРСАМ

Көлдүгүмдүн тоолоруна мен барсам,
Тоо койнуна бөлөнүп мен эс алсам,
Таштан ташка урунган тунук сууңдан,
Колум менен ичип, ичип бир кансам.

Аралап тоо гүлдөрүн терип алсам,
Бир жыттап моокумуна эми кансам,
Үзүп алып соолутуп эмне кылам,
Жөн гана тоо гүлдөрүн араласам.

Көк шиберди аралап мен да бассам,
Кере кере абасынан бир дем алсам,
Убактылуу болсо да черим жазып,
Сагынычым жазылып анан кайтсам.

Тоолорума көз жүгүртүп карасам,
Толкунданым өзүңдөн эргүү алсам,
Колдой берчи тоолорум түбөлүккө,
Кылымдарга кала турган ырды жазсам.





## МЕНИН ЖЕРИМ

Менин жерим бейиш төрдүн гүл багы,
Сонун чыгат тээ чокудан күн дагы.
Суктанамын, тажабаймын өзүңө,
Көргөн кезде айылымдан күн, айды.

Менин жерим бул ааламдын гүлзары,
Коoздугуна таңданышат бүт баары.
Мындай үндү мен калаадан укпадым,
Жай келгенде коштоп түнү сүтагы.

Менин жерим өмүрүмдүн булагы,
Таза, тунук, дартка даба суулары.
Талаасында мал жандыгы жайнаган,
Так секирип ойнойт кара улагы.

Менин жерим жаштыгымдын уясы,
Тойбой калган балалыктын кусасы.
Кайсыл күнү барсам дагы жериме,
Ачык турат кош келгин деп кучагы.

## КӨЛДҮГҮМ СЕНДЕН АЙЛАНАМ

Береке толуп кайнаган,
Багында булбул сайраган,
Балалык күнүм өткөн жер,
Көлдүгүм сенден айланам.

Алмасы бышып жайнаган,
Жеген бир адам чанбаган,
Дартыма даба болосуң,
Көлдүгүм сенден айланам.

Көргөндө адам таңданган,
Ийгилик коштоп жандаган,
Жашоонун доору өзүңдө,
Көлдүгүм сенден айланам.

Өзүңө арбап байлаган,
Жаңгагын терип талаадан.
Бейиштин төрү элестеп,
Көлдүгүм сенден айланам.

Барганда чыгам санаадан,
Эс алып келсем калаадан,
Көз мончок илип кетейин,
Көлдүгүм сенден айланам.





## КЕРЕМЕТ ГО КӨЛДҮГҮМДӨ ЖАШАГАН

Керемет го Көлдүгүмдө калып бир күн жашаган,
Мээрим төгөт жан дүйнөмө булбул үнү сайраган.
Беттен сылап салкын шамал эркелетип өткөндөй,
Эргүү алып турам бүгүн кучагында кайрадан.

Тээ талаанда килем болгон, түркүн гүлдөр жайнаган,
Көлдүк жерим ажайып кооз көргөн адам арбалган.
Кудай берген табиятын сактай билчи түбөлүк,
Канча мезгил алмашса да, жапжаштыктан тайбаган.

Таазим кылам мен өзүңө улуулукту тандаган,
Умтула бер бийиктикке, канат болом кааласаң.
Көтөрсөм да жүгүң сенин, аздык кылат мен үчүн,
Болоюнчу тумар сага, коштоп сени жандаган.

Көз мончогум илип алып түбөлүккө караган,
Эмгектенсем мен өзүңө өмүрүмдү арнаган.
Кучагыңдан чыксам дагы арбаламын баары бир
Кызы болом Көлдүгүмдү өмүр бою даңктаган.

## АЙЫЛЫМДЫ САГЫНАМ

Кое албай жерге жанымды,
Эсептеп күндө таңымды,
Сагынам сени айылым
Бозоргон дагы чаңыңды.

Тамызган киндик каныңды,
Азандап койгон атымды,
Актасам экен айылым
Баалайын билип баркыңды.

Сагынам дагы наныңды,
Курут, май, сүтүң, баарыңды,
Алмаңды терип ойногон
Бейиштин төрү багыңды.

Тунук суу аккан сайыңды,
Тоолору бийик жайыңды,
Түркүн куш сайрап таңшыган
Сагынам жетпей айлыңды.

Арнайын жашоо баарымды,
Ал тургай кашык канымды,
Өзүңө жетсем айылым
Өткөрүп ар бир таңымды.





## АЙЫЛЫМ ДЕСЕМ

Айылым десем ар качан,
Ак жоолук дайым салынган,
Ак калпак баштан түшпөгөн,
Эне - атам түшөт эсиме.

Айылым десем ар качан,
Топурак кумга оонаган,
Мал кубалап коогалаң,
Жаш балдар түшөт эсиме.

Айылым десем ар качан,
Суу бойлоп терип бүлдүркөн,
Каймагын тартып сүтүнөн,
Күндөрүм түшөт эсиме.

Айылым десем ар качан,
Тоолордон тунук суу аккан,
Колоттон чөбүн жыйнаган,
Ошол мезгил эсимде.

Айылым десем ар качан,
Агарып аткан таңдардан,
Кечке чейин тыным жок,
Күндөрүм келет эсиме.

# АЙЫЛЫМА БАРГАНДА

Ооба, башка байкаганга маанайым,
Айылымдын көрүп бүгүн ак таңын.
Бир башкача сезим курчап өзүмдү,
Кучагыңа келген кезде ар дайым.

Бала күнгө барып алып ырдагым,
Келди анан ойноп, ойноп жыргагым.
Алтын уям, асыл жерим өзүңдө,
Калса дагы ошол жаштык жылдарым.

Баа жетпеген асыл жерим кымбатым,
Бар байлыгым ыйык болгон кыйбасым.
Барган кезде мен айлыма ар качан,
Апакемдей сезилесиң сырдашым.

Айылымда күндүн сонун батканы,
Бир керемет көрүнөт кооз асманым.
Бала күндү эске салып өзүңдөн,
Жаштыгымды көргүм келет ар дайым.





# КӨЛДҮГҮМ

Ыйык жерим, ырыскылуу Көлдүгүм,
Сага дайым тарта берет көңүлүм:
Кашык каным калбаса да мейличи,
Арнап өтөм мен өзүңө өмүрүм.

Баскан изим, бакытымсың Көлдүгүм,
Сыймыктанып айтам сени төркүнүм,
Кең пейилдүү тунук кыргыз жашаган,
Тилеп келем мен элимдин өмүрүн.

Ата Журтум, алтын уям Көлдүгүм,
Ажайып кооз бир башкача көркөмүң.
Суктандырган сулуу жерге барганда,
Жай алгандай болот менин көңүлүм.

Асыл жерим, Ата Журтум Көлдүгүм,
Арнап өтөм мен өзүңө өмүрүм.

## ТОСУП АЛЧЫ МЕНИН КИЧИ МЕКЕНИМ

Тааныштырам балдарыма мен чоңойгон айылды,
Кең талаасын, токойлорун, көргөзөмүн баарыны.
Билсин булар бир кездерде апамдын бул жери деп,
Айтып берем анан дагы кен пейилдүү калкымды.

Тааныштырам мектебимди өзүм окуп чоңойгон,
Талыкпастан билим алып окууга да тойбогон.
Билсин дедим балдарым да менин уям болгонун,
Билим алып окуса деп менин жолум жолдогон.

Салам айтып, бата тилеп тааныштырам баарына,
Тууган, урук, досторума, айтор Көлдүк журтуна.
Билсин деймин кайда жүрсө тага журтум болот деп,
Берип турса ак батасын калкым менин дайыма.

Тосуп алчы айлым менин, анан дагы мектебим,
Тууган урук, эли журтум, менин кичи мекеним.
Мейман болуп сый бөлүшүп,кара кайтып келемин,
Сагынганда бир мезгилде айтам сага келерим.

Келип кетем, бирок сага мейман болуп калгамын,
Кызмат кылып элим үчүн пайда бере албадым.
Кайда болсом сени эстейм менин туулган айылым,
Бирок билем сага болгон сагынычтын кадырын.





# КЫРГЫЗДЫН ЫЙЫК ЖЕРИ – КАЛКЫМДЫН БИЙИК ДЕМИ.

## ТАЛАС

Кыргызымдын жүрөгү жерим Талас,
Кылымдарга жакшылык кетпей жанаш.
Керемет бир башкача сезилесиң,
Арбагы колдогондой атам Манас.

Кең пейил, баатыр келет эли Талас,
Акыйкаттык, ар намысы болуп талаш.
Чыркыраган чындыктын туусун кармап,
Урпактары аталат Айкөл Манас.

Бейиштин гүл багындай жери Талас,
Ынтымактуу, ырыскылуу эли Талас.
Жакшылыгың ашырып мен өзүңдүн,
Ырлар арнап жаза берем сага Талас.





## КАРА-ШОРО ЖАЙЛООСУ

Асманы жакын, бийик тоосу курчаган,
Тоодо кийик, улар жүрөт суктанткан.
Касиеттүү Кара-Шоро жайлоосу,
Өзгөнүмдү жүрөгүсүң туйлаган.

Канча жанга өмүр берип чыйралткан,
Дары суусу ден соолукту чыңдаган.
Табияттын элге берген энчисин,
Сактайлычы коргой билип кыйладан.

Улуу тоого келсе керек көп адам,
Эли тосот кош келгин деп сыйлаган.
Баалуу сөздөн жомок куруп өзүңдү,
Акындарың ыр жаратып ырдаган.

Керемет жер кучак жаят суналган,
Кең ааламда эс аласың жыргаган.
Ыйык ушул Кара-Шоро жеримди,
Улуулугун айткандар көп сыйлаган.

Шылдыраган тунук суусун тыңшасаң,
Өзгөчө бир муза коштойт чырмаган.
Кандай сонун Кара-Шоро жерибиз,
Табиятың сактала бер сынбаган.

# АЛАЙ ЖЕРИ

Асманы тиреп тоолору бийик чалкыган,
Чыйырчык ашсам керилип тосот астымдан.
Алайдай ыйык керемет жерде жашаган,
Айланып кетем касиет улуу калкымдан.

Көз жетпей бийик тоолору жатат суналган,
Буркурап жыты арчалар менен чырмалган.
Бүркүтү учуп, булбулдар сайрап таңшыган,
Өзгөсө сулуу Алайдын жери кыйладан .

Ак көңүл эли, меймандос болуп жашаган,
Үлгүлүү калкы кыргызга мисал катардан.
Жеринде калган касиет турат сакталып,
Түгөнбөйт сөзүм Алайды дайым айткандан.

Өзгөчө экен Алайдын жери башкадан,
Кайраттуу эли эмгектен такыр качпаган.
Кулпурган жерим өнүгүп гүлдөп өсө бер,
Баргандын баары өзүңө гана арбалган.





# КЫЗЫЛ-КОРГОН

Тескей тарап бийик зоолор курчаган,
Күңгөй жактан тоолор турат куралган.
Айтылуу Алайдагы Кызыл-Коргон,
Айтышат эли аны Кызыр конгон.

Баарынан ата салтын бийик койгон,
Кең пейил эли чыгат тосуп жолдон.
Тарбиясы сакталган Курманжандын,
Берекеси төгүлгөн Кызыл-Коргон.

Кышы ысык, жайы да салкын болгон,
Көрөсүн өтүп жатып айыл жолдон.
Кең аалам бейишине кулач жаят,
Керемет жерде экен Кызыл-Коргон.

Айылынын арасына арча толгон,
Табият бир өзгөчө сулуу бойдон.
Кудайдын кудуреттүү жери беле,
Чынында аты ыйык Кызыр конгон.

Жаштары жумуш бербей алат колдон,
Ыйманга, ырыскыга эли толгон,
Түбөлүк сактай бергин касиетиң,
Айтылуу Алай жери Кызыл-Коргон.

## КЫЗЫЛ-КОРГОН

Жери кенен, табияты таптаза,
Айтып бүткүс, ырга салса, мактаса.
Касиеттүү Кызыл-Коргон жеримди,
Баркта элим күчүң жерде калганча.

Кызыл-Коргон жери ыйык жашаса,
Тал-тереги өсөт сууга жанаша.
Бийик зоолор канат болуп өзүңө,
Көз тийгизбей кудай сени сактаса.

Жакшы сөзүн баары сага арнаса,
Кулпурасың жапжаш болуп башкача.
Суктанышат канча адамдар өзүңө,
Жүгүн сага эч бир пенде артпаса.

Каректеги көздөй кылып сактаса,
Алаканга салып алып барктаса.
Өсө берет ыйык болгон улуу жер,
Кызыл-Коргон жан дүйнөсү таптаза.





## ТААЗИМ САГА ӨЗГӨНҮМ

Баркыңды билип баалаган мезгил убагым,
Башымды ийип өзүңө таазим кыламын.
Батаңды алып өзүңдө өсүп чоңойгон,
Бактылуу бүгүн Өзгөндүн кызы чырагың.

Байырлап сени канча бир улут сыйганын,
Бериптир кудай жалпыга арнап ыйманын.
Божурап сенде ынтымак өмүр кечирген,
Бейиштин төрү Өзгөнүм асыл кымбатым.

Берилип сенде жаштардын кызмат кылганын,
Бакыттын нуру, асабаң бийик турганын.
Бааласа болот Өзгөндүн ар бир атуулу,
Бабадан калган мунараң ыйык тумарың.

Бейиштин гүлүн кудайым сага арнаган,
Берметтей таза күрүчүң жайнап турганын.
Бакубат жашоо символу болгон Өзгөнүм,
Баалайын сенин кетирбей сактап мурасың.

## ӨЗГӨНҮМ

Өрүшү жайык өзгөдөн артык Өзгөнүм,
Өзүңдү сүйүп өмүрдө жашап өтөмүн.
Өкүнүч билбей өзүң бир колдоп турганда,
Өзгөнүм сени өзгөчө жакшы көрөмүн.

Өзгөгө сени кор кылбай айтып сөздөрүм,
Өзөктөн чыккан өлөңүм сага төгөмүн.
Өлбөстүн ырын калтырып жазып түбөлүк,
Өмүрүм арнап, өзүңдү даңктап өтөмүн.

Өткөрүп мезгил өзүңө келсем көрөмүн,
Өзгөнүм менин өнүгүп, гүлдөп өскөнүн.
Өзгөрүп сен да өзгөгө мисал боло бер,
Өзүңдөй жерди шаңга бир келет бөлөгүм.

Өзгөнүм сенде өзгөчө жазың,көктөмүң,
Өзүңдөн көрсөм асмандан жамгыр төккөнүн.
Өмүрүм алат эргүүнү жыйнап өзүңдөн,
Өтөйүн жерим керек бир болуп жөлөгүң.





## СОГОНДУ

Көргөн кезде бийик, бийик тоолорду,
Ойлоносун таза тунук ойлорду.
Кучагына тартып турса табият,
Күбө болуп көз салгандай Согонду.

Курчап турган Кара-Булак зоолору,
Көз тийгизбей ыйык бул жер коргойлу.
Ынтымактын, ырыскынын төрүндөй,
Сезилесиң Алай жери Согонду.

Ата салты улуулуктун символу,
Келип кетчи бул айылга бир жолу.
Берекенин бейишиндей элестейт,
Тосуп алса кучак жайып Согонду.

Күбө баары, суу бойлогон жолдору,
Бөлөп турса тунук суусу ортону.
Күн чыкканда Чимийкенин башынан,
Кубат алат мээриминен Согонду.

## ӨЗГӨНҮМӨ

Айтканга болот ырыстуу жердин өскөнүн,
Агылып сенде береке дайым төккөнүн.
Алтындан кымбат айтылуу кыргыз жеринде,
Ааламга даңкың кеткенин айтам Өзгөнүм.

Береке куту, биримдик гүлү ачканын,
Бактылуу адам өзүңдө жашап жатканын.
Баркыңды сенин бааласам дагы Өзгөнүм,
Баралбай сага алыста жүргөн балаңмын.

Агарып аткан таңыңды келет карагым,
Ай калкып жүргөн асмандан сулуу жамалың.
Ааламга жолду өзүңдөн баштап уладым,
Асылым жерим Өзгөнүм сен деп айтамын.

Булбулдар конуп талыңда сайрап жатканын,
Буулуккан кезде угалбай издеп таппадым.
Бурулуп сага жеталбай келем Өзгөнүм,
Баркыңды жерим алыста жүрүп бааладым.

Аралай албай мунарам алыс калганын,
Айталбай даамын күрүчтөн болгон тамагың.
Алыста жүрүп сагына берем ар качан,
Ажайып кооз Өзгөнүм билем жамалың.





## ЫССЫК-КӨЛГӨ ЖОЛ АЛДЫМ

Тосуп ал ыйык жердин толкундары,
Жети-Өгүз, Чолпон-Ата, Тоңум дагы,
Ак-Суунун, Түптүн мына жерин көрүп,
Баратам Ысык - Көлүм жолукканы.

Кара-Кол, Балыкчынын шамалынан,
Сылатып алайынчы жамалымдан,
Эргүүнү жыйнап алып көлүм сенден,
Кайтамын кайра бир күн сапарымдан.

Эх көлүм ырлар арнап жазайынчы,
Өзүңдөн топтоп эргүүнү алайынчы,
Балыктай болуп мен да сууңа түшүп,
Керемет сезимиңе канайынчы.

# ЫСЫК - КӨЛ

Сырдаштым сыр бөлүшүп бир башкача,
Кете албай жээгиңден мен таң атканча.
Өзүңө арнап жазган ырларымды,
Толкунуң толкуп коштойт мен айтканча.

Окшоттум аруулуктун асылына,
Керемет ыйык жердин бакытына.
Тазарттың жан дүйнөмдүн жарпын жазып,
Жетемин көлүм сенин кадырыңа.

Окшоттум билбейм сени жакыныма,
Күч кошуп бердиң менин акылыма.
Эс алып барган эчен адамдардын,
Күбөсү болдуң сезим тагдырына.

Колдодуң мезгилинде Чыңгызыңды,
Анан да баалай билип уул- кызыңды.
Арманы болуп калдың Алыкулдун,
Ысык - Көл кыргызымдын ырыскысы.

Эх, көлүм, буюргансың кыргызыма,
Көрк берип көктөгү да жылдызыңа,
Бар болчу түбөлүккө атың өчпөй,
Сакталып ыйык көлүм кылымдарга.





# ЫСЫК-КӨЛСҮН

Күн өтсүн, байкалбастан мезгил өтсүн,
Карылык келип мейли чачым төксүн,
Анда да жапжаш болуп кала берчү,
Түбөлүк ыйык болгон Ысык - Көлсүн.

Ай өтсүн, ааламда жашоо өтсүн,
Жыл өтсүн, жылып алга кылым өтсүн,
Баарына бермет болуп кала берчү
Керемет, кең пейилдүү Ысык - Көлсүн.

## ЖАН ДҮЙНӨМДӨН ӨЧПӨС НУРДУ ТАБАМЫН, ӨЗҮМӨ ДА ЫРЛАР АРНАП ЖАЗАМЫН.





## ӨЗҮҢҮЗДӨЙ БОЛСОМ ДЕЙМ

Ааламда кайталангыс асыл адам,
Туу тутуп, даңтап алаар асылзаадам.
Кыялданам мен сиздей боломун деп,
Түбөлүк өзүңүздөй таштайм кадам.

Түзөтүп, түзөтөйүн болсо катам,
Окшошалбайт окшоймун, ойго батам.
Өзүңүздөй болалбай калсам эгер,
Кантип анан тынчалып уктап жатам.

Ойлор басат тынчыбай менин санаам,
Өзүңүздөй кеңейсин турмуш талаам.
Сиз өстүргөн бегимдей болсо деймин,
Небереңиз, үйдүн куту болгон балам.

Бир өмүр таазим этип сыйлап өтүп,
Өзүңүздү үлгү кармап, даңктап алам.

## МЕЗГИЛ ӨТӨТ

Бул өмүрдү берсе кудай аябай,
Көп ырларды жаза берем чарчабай.
Калса дагы артта калып көп күндөр,
Мааниси жок болгон өңдүү байкалбай.

Бала күндүн барктуулугу баркталбай,
Ошол мезгил калды таза барактай.
Эске салып көп ырларды жазайын,
Алтын доордун асылдыгын ардактай.

Кээде калам эмнегедир санааркай,
Кайрыламын издеп бирок табалбай.
Жаза берем, барктай берем а бирок
Таппаган соң кайдадыр ал калгандай.

Токтой турчу жаштыгым сен алдабай,
Сен да мени таштап кетпе байкатпай.
Колдон келсе мезгилимди бааласам,
Өтөт күндөр эч нерсеге карабай.

Жаштык кетсе мезгилимди тандабай,
Эми гана башталган бир барактай.
Сезген менен бул да кетет билинбей,
Алып учат алтын доорун карматпай.

Мезгил өтөт билинбестен байкалбай,
Ар бир күнүм шамал өңдүү карматпай.
Түшүп алып кемесине өмүрдүн,
Кете берем кантем анан чайпалбай.





## ЖАМГЫРДАЙ АКЫН МЕН БОЛОМ

Пайдасы тийген жамгырлар сага окшогон,
Ыр жазгым келет табият менен коштолгон.
Керекке жарап суусап турган учурда,
Жерге сиңген жамгырдай акын мен болом.

Себелеп жааган жамгырлар сага окшогон,
Ыр жазсам экен пайдасы болуп коштогон.
Жерге сиңбей айласы кеткен суу сымал,
Өзүмдү кээде ыңгайсыз акын окшотом.

Бозоруп жааган жамгырлар сага окшогон,
Сөздөрүн таппай аргасыз саптар коштогон,
Маанисиз жааган жамгырдай сезип өзүмдү,
Кунарсыз жазган акынга өзүм окшошом.

Тажатып жааган жамгырлар сага окшогон,
Ыр жазсам кээде акындар кошуп койбогон.
Түгөнсө экен ушунун жазган ыры деп,
Өзүмдү кээде тажаткан акын окшотом.

Күттүрүп жааган жамгырлар сага окшогон,
Купулга толгон ырларды жазсам ойлоном.
Түгөнбөс байлык ырларым болуп сакталып,
Күттүрбөй келген акындын бири мен болом.

Кеч күздө жааган жамгырлар сага окшогон,
Ойлорум чубайт ыр түрмөк менен коштолгон.
Көөдөндөн чыккан сөздөрдү бекем курадым,
Кечигип келген акындын бири мен болом.

Күтүүсүз жааган жамгырлар сага окшогон,
Көркөмдөп жазган сөздөрүм менен коштолгон.
Ырларым угуп окурман мага таң калган,
Кадимки эле акындын бири мен болом.

## ЖАЗДЫ КҮТӨМ

Жазды күтөм бак-дарактар гүл ачкан,
Жер жарылып чөптөр чыгып келаткан.
Жан дүйнөмө жаңы жашоо баштаган,
Айланамда булбул куштар үн каткан.

Жазды күтөм жамгыр тынбай себелеп,
Жан дүйнөм да бир өзгөчө эркелеп.
Терезеден тиктеп алып асманды,
Көпкө турган өзүнчө бир керемет.

Жазды күтөм жашоомо ал дем берет,
Сыйкырына ороп алчу күч келет,
Гүл аңкыган ушул соонун мезгили,
Жаштыгымдын тамчысындай сезилет.

Жазды күтөм жашоо нугун баштаган,
Жаралгандай бул өмүргө кайрадан.
Элестетип жаны үмүт өзүңдөн,
Тилеп бизге тиричилик арнаган.





## ӨТКӨН КҮНҮМ САГЫНАМ

Олтурамын өткөн күндү барактай,
Мага болуп ошол күнүм сабактай.
Эмнегедир эске салып кыйналам,
Убагында калгандаймын баалабай.

Өткөн күнүм мага болуп канаттай,
Учкан сымал ошол мезгил чарчабай.
Калса дагы кайрылбастан а бирок,
Убагында бала күнүм бааланбай.

Сүрөт болуп баркын билбей калгандай,
Таттуулугун неге анда айталбай.
Кетирдимби ошондогу күндөрдү,
Айтсам келбейт, кайрылбастан жалгандай.

Капас торго балалыкты салгандай,
Ошол мезгил артта калды кайрылбай.
Эске салып эми эстеп олтурам,
Балалык доор болгон тура алтындай.

Күлүп тосот бала күнүм жаркылдай,
Тиктей бердим сүрөттөрүм калтырбай.
Ошондогу таттуу кыял мезгилдер,
Келген сымал бир өзүмө айттырбай.

## МЕНИН ЖАШООМ

Мектеп калды кол булгалап узаткандай кутулуп,
Коштошалбай классташтар ыйламсырап буулугуп.
Туш-тарапка тарап кеттик, калды менин айылым,
Таттуу болгон балалыкты колдон алып жулдуруп.

Келдим мен да жат чөйрөгө, дептер китеп кармаган,
Бийик койгон максат менен билим жолун тандаган.
Татаал экен, таттуу экен студенттик ал күндөр,
Ыраазымын ата-энеме ошол күндү арнаган.





## КОШУЛАЙЫН АКЫНДАРДЫН КАТАРЫНА

Аралашып акындардын казанына,
Ар кыл ойго чөмүлүп жатканымда.
Ыр жазам деп аракет тарткан менен,
Же бир жолу кошулуп албадымда.

Кошулам деп акындардын катарына,
Миң кыл ойго чөмүлүп алганымда.
Сыноолорго кабылып бир убакта,
Же көңүлүм бир жолу калбады да.

Ыр жазам деп күн же түн мен убара,
Көңүлүмдө эмнелер бар сураба.
Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн орун алган,
Сөздөр чыгат, ойлор чубап кураганга.

Жан дүйнөмдөн ойлор оргуп жатканда,
Жүргүм келет түбөлүктүү ыр жарата.
Аралашам баары бир эртеби кеч,
Акындардын айтылуу саптарына.

## ЖАШООМДУН ЖОЛУ

Астымдан тоскон жолдорум узак көрүнөт,
Көз жетпейт бирок жашоомдун жолу өңдөнөт.
Артымды карап бурула албай кылчаям,
Астыга сүйрөйт белгисиз болгон сөлөкөт.

Жолдорум менин эки жол болуп көрүнөт,
Бирөөсү жеңил, бирөөсү татаал өңдөнөт.
Баш жетпей такыр аргасыз болуп турганда,
Тандагын бирин дегенсийт мага сөлөкөт.

Тандасам эгер татаалы мага көрүнөт,
Үй-бүлө күтүп, балдарды багып жол жүрөт.
Кайын журт менен ата журтка тең карап,
Дасторкон жайып,кызамты менен төгүлөт.

Жеңилин карап тандаса мүмкүн көрүнгөн,
Өзүңдү карап аргасыз ойго чөмүлгөн.
Түйшүктөн качып жеке башын ойлогон,
Эмнени күтүп, эмне деп өтөт өмүрдөн.

Татаал жол тандап талыкпай жашап өмүрдөн,
Үй-бүлө куруп, жашоону улайм көңүлдөн.
Өзгөчө болбой эл менен куруп мамиле,
Ынтымак нурун карманып өтөм өмүрдөн





## КЕТЭЭР ДҮЙНӨ БАР ЭКЕНИН БИЛЕЛИ

Кетээр дүйнө бар экенин билбесем,
Ойлонбосом, көңүлүмө илбесем.
Билбей жүрүп өткөрүп бул өмүрдү,
Кеч болгондо мен өзүмдү тилдесем.

Түбөлүктүү ал жашоону сезбесем,
Кадырына, баркына да жетпесем.
Азгырылып убактылуу күндөргө,
Болбой калаар кеч болгондо эңсесем.

Бул жалгандын түбүнө ким жетпеген,
Ким бар экен бул өмүргө келбеген.
Түз жүрөлү ыйман жолун тандап биз,
Кудай баарын көрүп билип теңеген.

Бул жалганда калбайт эч ким кетпеген,
Болбойт анан суракка жооп бербеген.
Кудай баарын көрүп турар төбөдөн,
Өмүр кетет эч ким ага жетпген.

## БАЗАР

Көксөгөн максат көңүлдө ойлор сабаалап,
Көңүлүм неге көкөлөп учуп баратат.
Соода деп келип отурган менен базарда,
Менде да кээде түркүн ойлор жаралат.

Миң түркүн кесип ээлери жүрөт базарда,
Ойлору бийик тилекте жүрөт алар да,
Араба түртүп ак мээнет менен иштеген,
Жаш балдар жүрөт, аталар жүрөт катарда.

Жашынан келип эмгеги сиңген базарга,
Аталар менен апалар жүрөт катарда.
Чайын ич деп, тамагын же деп кыстаган,
Чайчысы менен ашпозчусу бар арада.

Көңүлүңдү чөктүрүп да кетет адамдар,
Арканңдан аңдышып бар жогуңан кабардар,
Окшошкон товар алып келип сен саттың деп,
Пейлин бузган көралбас дегендери да бар.

Бул базарда сурап көр эмнелер баары бар,
Түркүн товар, кийим кече, азык дагы бар.
Керек жарак эмнелерге муктажсың келсең,
Карызга да берип иймей деген жагы бар,





## КӨРҮНӨТ ЖАТ

Жат болуп бөтөн жердин айы,күнү,
Окшобой жылдызы да, асман,түнү.
Убактылуу Ошумдан алыстасам,
Тозок болуп сезилди оору үйү.

Ооба жат абасы да, суусу да жат,
Ашыгып кетким келди жериме бат.
Дартыман арылып мен барам Ошум,
Оорудан алыстатып өзүңө кат.

Баары бир өтпөгөндөй убакыт,саат,
Байырлай албай койдум мээримин таап.
Канчалык окшош болуп атса таңы,
Мен үчүн эч окшобой көрүнөт жат.

Ошумду, Ошумду мен сагынганда,
Көзүмө тааныш жер да көрүнөт жат.

## СТУДЕНТТИК МЕЗГИЛИМ

Ак-Бурараны көргөн кезде эске түшүп жамалым,
Кандай таттуу күндөр эле жапжаш болуп саамайым.
Кайталангыс аруу, таза өмүрдөгү мезгилдер,
Ал башкача өткөн экен жашообузда ар дайым.

Жаштыгымдын эң бир таза алып калган жамалын,
Алтын доордун ошондогу айтпасам да сабагын.
Чогулганбыз бир казанга студент деп аталып,
Кайталангыс өткөн экен эми кайдан табамын?

Айткан менен билинбестен узап барат карааның,
Келчи, досум, кетирбестен бүгүн эске саламын.
Себеп болуп достошконбуз айткылачы, курбулар,
Студенттик ал күндөрдү анан кантип танайын.

Студенттик мезгилим ал жаштыгымдын жамалы,
Студенттик мезгилим ал алтын доордун барагы.





## БҮГҮН МЕН

Жеримден алыстамын, алыстамын,
Жат адам болуп менин таанышканым.
Ден соолук өз ордунда болбой аттиң,
Үйүмдү ушунчалык сагынганмын.

А мүмкүн ыйык жердин багындамын,
Сыноонун, сыноолордун шагындамын.
Оорунун, бул чөйрөнүн арасынан,
Ооба мен келип турат алыстагым.

Көксөдүм ушул дарттан арылаарым,
Болбосун бул өмүргө таарынганым.
Себепчи болгон менен дарыгерим,
Кудайым билем сага жалынамын.

Мен бүгүн алыстамын, алыстамын.
Үй бүлө, Ошумду, эх, сагынгамын.

# МЕНИ КҮТКӨН БИРӨӨ БАР

Жаркылдап ачып кабагын
Астымдан тосуп ар дайым.
Мени күткөн бирөө бар, ал –
Алтыным апам ардагым.

Ак бата берип ар качан,
Көрүнсө эгер карааным,
Мени күткөн бирөө бар, ал –
Ардагым атам каралдым.

Жүгүрүп тосуп ар дайым,
Кечиксем күтүп каларым,
Мени күткөн бирөө бар –
Сүйүктүү менин балдарым.

Ачык болуп жамалың,
Жакшы сөзүң айтасың,
Мени күткөн бирөө бар, ал –
Жолдошум жашоом, жарыгым.

Кучагың ачык ар дайым,
Көрүнүп калса карааным,
Мени күткөн бирөө бар, ал –
Кең аалам болгон айылым.





# СТУДЕНТТИК МЕЗГИЛИМ

Жүрөгүмдө жашай берчи сүйкүм элес,
Таттуу күндөр эске түшөт кайра бербес.
Сүрөттөрдө сакталган го түбөлүккө,
Студенттик күндөрүм ал бир келбес.

Жүрөгүмдө дагы жашайт жаркын элес
Жашоодогу жаштыгыма толгон белес.
Карегимде сакталган өмүр бою,
Студенттик күндөрүм ал бир келбес.

Өмүрүмдө жашай берет алтын элес,
Ай-ааламдан таппаган жаштык белес.
Көңүлүмдө ар дайым сактап жүрөм,
Студенттик мезгилим кайра келбес.

Өмүрүмдө кайталангыс кымбат неме,
Баркыңды баалап алсам болбойт беле.
Жаштыгымдын символу болуп келген,
Студенттик күндөрүмдү арман дебе.

## ЖАЗА БЕРЕМ ДЕПТЕРИМЕ

Көңүлүм капаланып калган кезде,
Дептерим калтырбастан мени эсте,
Бугумду бир өзүңдөн чыгарамын,
Оюма түркүн кыял ойлор келсе.

Жадырап жакшылыгым айткым келсе,
Дептерим түшө калат менин эске.
Жашоомдун бүт сырларын сага айтам,
Оюмдан ыр түрмөгү чыгып кетсе.

Ыр жазам калем кармап кээ бир кезде,
Теңебейм мен өзүмдү эч нерсеге.
Кошулуп акындарга аралашпай,
Чиймелеп жаза берем дептериме.





## САГЫНАМЫН МЕКТЕБИМ

Кайрылып мектебиме келгенимде,
Көз салам агай, эже, кечээкиме,
Өткөргөн өзүңдөгү күндөрүмдү,
Сагынам билсем дагы келбесине.

Кайрадан бөлөнүп мен сезимине,
Олтуруп классыма, мектебиме,
Арадан жыйырма жыл өтсө дагы,
Мен бүгүн жазгым келди дептериме.

Жол салдың алтын уям эртеңиме,
Катарга кошсоң дагы эл, жериме,
Окүнөм өткөн күндү сагынып мен,
Жомоктой күндөр өтүп кеткенине.

Таазим кылам агай, эже, мектебиме,
Тартуулап сонун доорду бергениңе,
Классташ курбуларым жолугушуп
Баралы бала күндүн берметине.

## МЕН АЛАЙДЫН КЕЛИНИ

Айтам дайым мен Алайдын келини,
Тапканым чын ыйык жерден теңимди,
Таза кыргыз, Айкөл кыргыз жашаган,
Сонун экен элинин да пейили.

Ээлеп алган бир жигитиң эркимди,
Таптым ыйык мен ошондон мээримди,
Таазим кылам Алай эли жалпыңа,
Сен өстүрүп берген үчүн бегимди.

Сыйлап өтөм, кайын журтум, элинди,
Кабыл алган кастарлаймын жеринди,
Кең дүйнөгө аралашып келемин,
Тапкан үчүн мен Алайдан теңимди.

Сен чоңойгон, ыйык болгон ошол жер,
Барктуу көрөм мен Алайдан келини.





## ӨЗ УЯМДЫН ЭШИГИ

Барган кезде өз уямдын мээрими,
Бир башкача курчап алат сезими.
Таттуу күндөн элес берип өзгөчө,
Ачылгандай кең дүйнөнүн эшиги.

Аалам эле өз үйүмдүн эшиги,
Аруу таза, алтын доордун мезгили.
Сагынамын сенде калган күндөрдү,
Келбейт билем кайталанып экинчи.

Арбап турат өз уямдын эшиги,
Сагынычтан ээлеп алып эркимди.
Барганымда мен кылымга жашарам,
Эске салып ошол жаштык кезимди.

Ыйык болгон өз уямдын эшиги,
Эч болбогон, болгон эмес кемтиги.
Дал ошондой турат бүгүн сакталып,
Апакемдин биз чоңойгон бешиги.

Айылыма барган кезде ар качан,
Тосуп алат өз уямдын эшиги.

## СЫРТТА ЖАМГЫР

Сыртта жамгыр токтобостон себелеп,
Олтурганда балам мага эркелеп,
Ушул мээрим түбөлүккө кетпесин,
Бала жыты бир башкача керемет.

Шамал менен дарак коштоп термелет,
Кайда кетет, шуулдап алып жер кезет,
Кучагымдан чыгарбастан баламды,
Бала жыты ушунчалык керемет.

Төшөгүнөн туруп балам эркелеп,
Терезеден жаанды карап элеңдеп,
Сыртта калган оюнчугун көргөзүп,
Өз тилинде сүйлөп мени жемелейт.

Жаай берди жамгыр тынбай себелеп,
Жалбырагын тосуп дарак теңелет,
Терезебиз ным болгондой бозорсо,
Балам калды терезени чиймелеп.





## ЭКИНЧИ ИРЕТ

Экинчи ирет жаралып калсам өмүрдө,
Куш канат мүмкүн сурасам керек өзүмө,
Асманды тиктеп, ааламды карап алыстан,
Айланып учуп саякат куруп өтүүгө.

Экинчи ирет жаралып калсам жашоого,
Жашоонун доорун армансыз сүрүп ойноого,
Ойлонбой учуп кыдырып тиктеп ааламды,
Кызыктуу болмок үстүнөн карап койгонго.

Экинчи ирет жашагым келип жашоодо,
Ээрчишип учуп шериктеш болсоң колдоого,
Балдарым коштоп жашоону сүрүп көкөлөп,
Канатым жаям көтөрүп баарын конгонго.

Экинчи ирет төрөлүп калсам өмүрдө,
Канатым жайсам туугандар батса өзүмө,
Үстүнөн карап ааламдын баарын көргөзүп,
Жомоктой жашап, жомоктой болуп өткөнгө.

Экинчи ирет төрөлүп калсам жашоодо,
Айланып карап болсом мен зоодо, тоолордо,
Төбөдөн коруп эч нерсе жерге жугузбай,
Кетмекмин анан асманга жылдыз толгондо.

Экинчи ирет жашагым келип жашоодо,
Эмнеге билбейм ойлорум чубап ойлоого,
Ыраазы болбой, ушуга дагы каниет жок,
Кайдагы жомок кыялдар келип койгондо.

## БАЛАЛЫК

Эх, чиркин, ойго батам, ойго батам,
Билбеймин ойлорумдан эмне табам.
Тээ алыста калып кеткен балалыкты,
Издедим таппай жатам, кайда барам.

Эх, жашоо, кусаланам, кусаланам,
Ойлоном кусалыктан эмне табам.
Калып кеткен айлымдагы издеримден,
Балалыктын күндөрүн эңсейт санаам.

Сагынам, балалыкты мен сагынам,
Сагынып мен өзүңдү кайдан табам.
Кол булгап калып кеткен ошол күндөр,
Эх, чиркин, жашоодо бул бир арман.

Сагынам, кусаланам,ойго батам,
Бактылуу күндөрүмдү эске салам.
Бал сезим балалыгым кайталангыс,
Сүрөттөрдө сакталган, калып арман.





## ЭГЕР МЕН

Студенттик алтын доорду сүрбөгөн,
Пенде болсом карапайым күн көргөн,
Жүрмөк эле мээримдүү бир аялзат,
Ойлор келди кээ бир кезде күтпөгөн.

Адамдардан тартынып мен сүрдөгөн,
Суроо салса араң гана сүйлөгөн,
Уялчаак бир аялзатын көрмөкмүн,
Шырдагына оймо салып түрдөгөн.

Окубасам көрмөк турсун билбеген,
Көрүп калсам жолдошумду ким деген,
Окубадым тиргиликтин айынан,
Деп өзүмдү жүрсөм керек тилдеген.

Бул өмүрдүн асылдыгын сезбеген,
Досторумдун кадырына жетпеген,
Эң жөнөкөй эне болуп жүрмөкмүн,
Үйүм толо бала бакыт кетпеген.

Ыр жазууну оюма да илбеген,
Акындыкка суктанып мен жетпеген,
Катардагы аялзатын толуктап,
Окубадым деп өзүмдү жектеген.

Студенттик доорум алтын гүлдөгөн,
Ошол мезгил жалындаган, түрлөгөн,
Кайра кайтса окшой албайт а бирок,
Жаштыгымдын бутагы ал бүрдөгөн.

## ЖАН ДҮЙНӨМ

Жан дүйнөмү түтүн каптап алгандай,
Түтөй берип ышка ороп салгандай,
Турам бүгүн эмнегедир суз тартып,
Алоолонгон отко жетпей калгандай.

Жан дүйнөмү жылан ороп алгандай,
Кандай ойдо экеним да байкалбай,
Кыйналамын тушоолорго тушалып,
Турам билбейм эч бир нерсе айталбай.

Жан дүйнөмү ылай сууга салгандай,
Баткак саздан чыга албай калгандай,
Неге билбейм алсыз болуп баратам,
Ойлор келип капалансам ар кандай.

Жан дүйнөмү бирөө тепсеп салгандай,
Тирөөчү жок алсыз канат каккандай,
Толуп турам байкаганга а балким,
Пенделерден кагуу сөздү тапкандай.

Көңүлүмө алдым окшойт аңдабай,
Мамилем түз эч бир пенде тандабай,
Жүргөн окшойм көрүп баарын өзүмдөй,
Жан дүйнөмө чокту салса байкабай.

Бул ааламды кимдер өтөт тандабай,
Айланага, адамдарга карабай,
Жан дүйнөмдүн мынча назик экенин,
Ооруганда бүгүн билдим айталбай.





## МЕН ЫРААЗЫ БОЛОЮНЧУ ТАГДЫРГА

Мен өкүнсөм болбой калат тагдырга,
Өмүр кошуп, жашоо берген кудайга,
Баары жогун аябады жараткан,
Берип мына тилегимдин баарын да.

Мен таарынсам болбойт такыр тагдырга,
Аябастан берип турган чагында,
Өмүрүмө каниет кылып жашайын,
Тээ төбөдө карап турат кудай да.

Мен ыйласам болбойт деймин тагдырга,
Сүйүнүчтөр коштоп турган чагында.
Тобо кылып түз жашайын ар дайым,
Кудайымдын берер күнү алдыда.

Мен сүйүнсөм неге болбойт тагдырга,
Балдарым да, үй бүлөм да жанымда.
Мындан өткөн бакыт барбы жашоодо,
Көңүлүм ток, мен ыраазы кудайга.

Мен кубансам боло берет тагдырга,
Апам менен атам турат жанымда.
Бир туугандар аман болсун ар дайым,
Мен ыраазы жашоо берген кудайга.

Мен ыраазы ушул күнгө, кудайга,
Ден соолугум бекем болсун дагы да.
Бул ааламда мындан артык байлык жок,
Мен ыраазы болоюнчу баарына.

## МЕН УЯЛАМ

Мен уялам жалган сөздү чындык кылып айткандан,
Кудайга да карап койбой аралашкан жалгандан.
Ишендирип адамдарга убадасын беришкен,
Жалган үчүн бул заманда энесин да саткандан.

Мен уялам жакшы сүйлөп аркасынан саткандан,
Көралбастык, ич күйдүлүк, айтор, жаман сапаттан.
Досуңмун деп пайдаланып убактылуу болсо да,
Утурумдук жашоо үчүн не убада айткандан.

Мен уялам көрүнөм деп бирөө үчүн жашаштан,
Жыйнап алган бар дүйнөсүн көрсөтөм деп мактанган.
Баары калат эртеби кеч бараарыбыз бир жай го,
Байлыгым деп, бийлигим деп бул өмүрдө алдаштан.

Мен уялам аткарбастан берет анан убада,
Колдон келет жардам берем, бергениңе жараша.
Үмүт менен күткөн пенде, аткарылып калса деп,
Азгырылып аткарышат, болбогон бир акчага.

Мен уялам кур намыс деп чөнтөгүнө карабай,
Баарын сатып, жалган айтып, айтканынан тажабай.
Андан көрө жашайлычы карапайым адамдай,
Тобо кылып түз жүрөлү өзүбүздү алдабай,





Мен уялам өзүм аман бекер жатып алгандан,
Иштебестен үмүт менен жардам сурап калгандан.
Алты саның аман болсо эмне бекер жатасың,
Адал эмгек жумуш болсо аракеттен жалданган.

Мен уялам оорудум деп таза жүрүп айткандан,
Адамдар бар түркүн кыял, шылтоолорду тапкандан.
Ден соолугуң болсо эгер аракеттен адамзат,
Аракеттин берекети эч бир жерде калбаган.

Бул өмүрдө мен адаммын, адам бойдон каламын,
Жашап өтөм адам болуп, толуктасам катарын.
Көбөйсө дейм кыргызымда не бир асыл сапаттар,
Катарына кошулайын адам болгон адамдын.

## ЖАМГЫРДАГЫ КӨРҮНҮШ

Шыбырттаган үн чыккансыйт тыңшасам,
Жамгыр төгөт айлананы курчаган.
Терезеден тиктеп алдым бир саамга,
Түркүн кыймыл ары бери бараткан.

Өтөт адам кол чатырда жанашкан,
Колтукташып кайдадыр ал бараткан.
Кудай кошкон түгөйлөрдөн өңдөнөт,
Түбөлүгүн бирге берсин жараткан.

Жамгыр жааса суу болгонун аңдабай,
Ойноп жүрөт жаш балдарым байкабай.
Жаанга тосот чачым өсөт дегендей,
Кызым анда эч нерсеге карабай.

Эстеп алдым чоң энемдин сөздөрүн,
Мал карашып жаанда калган күндөрүм.
Чачың өсөт жамгыр болсо башың деп,
Ошондогу жамгырларды күткөнүм.

Өттү бирөө колунда ал жүгү бар,
Олтургандыр, үй-бүлөсү күткөн жар.
Жеткирсе дейм кургак алып алганын,
Керектелчү мүмкүн анда буюм зар.

Ары өтүп, бери өтүп термелет,
Кайда жүрөт, кантип жүрөт ким билет,
Ичип алган жаанда калып бир пенде,
Ойлонгондой туруп калды жол четтеп.

Гүл көтөрүп сүйүнүчкө батпаган,
Кыз келатты бир жигитти жандаган.
Жаанды карап жай баракат басат ал,
Бороон болсо андан дагы кайтпаган.

Эшигимдин каалгасы кагылып,
Жолдошум да кирип келди ашыгып,
Даярдаган тамагымды берүүгө,
Жылдым мен да турган жерде калбымдан.





## КОМУЗУМ

Күүлөнүп чыккан үнүн бир уксам комуздун,
Угулат мында кыргызым сенин добушуң.
Кылымдан кылым сакталып бизде келаткан,
Тарыхта калган аспабы болуп кыргыздын.

Коштосо комуз, чертип турса уул-кызың,
Ырларын ырдап, күүлөрүн чыгар кыргыздын.
Кылымдан келген атыңды бийик таанытып,
Комузум менин, күүлөрүм бүтпөс ырымсың.

Комузум чертип, күүлөрүн айтып мактанам,
Добушуң угуп бөтөн эл сага таң калган,
Тумарым сенсиң, колдоочум болчу ар качан,
Өзүңдү чертип, өзгөгө айтып даңктаган.

## ДОСТОРУМ

Жан дүйнөмдү жакшылыкка бөлөгөн,
Калып калсаң төрт тараптан жөлөгөн,
Бар болгула алтын менин досторум,
Жүгүм артсам колдон алып көтөргөн.

Араладым канча элди көптөгөн,
Асыл досту табалбадым өзгөдөн,
Көз тийбесин ыйык менин досторум,
Канча чөйрө мисал кылып көксөгөн.

Башка жанды мынча артык көрбөгөм,
Күн тийгенде болуп берчү көлөкөм,
Амандыкта жөлөк болуп жүрөлү,
Көрө албадым артык мени жөлөгөн.

Өмүрүмдү кубанычка бөлөгөн,
Түбөлүктүү бир максатты көздөгөн,
Айтып бүткүс, кайталангыс досторум,
Силер барда жумуш бүтөт көптөгөн.





## БАЛА КҮНДҮ САГЫНАМ

Артты карайм, өмүрүмдүн элестери көрүнөт,
Калып кеткен ошол мезгил карегиме төгүлөт.
Ушунчалык таттуу белең, балдай ширин балалык,
Ал күндөрдү эстегенде ар бир пенде өкүнөт.

Сырдашайын өзүң менен ошол доорду баяндап,
Тазартайын жан дүйнөмдү көз жүгүртүп барактап.
Келбес болуп кетсең дагы, сагынамын өзүңдү,
Жүргөн күнүм ошондогу балалыкта сайрандап.

Көңүлүмдө алтын күндөр өзгөчө бир бөлүнөт,
Чыкпаса деп кучагыңдан кыялдарга чөмүлөт.
Эмне мынча сагынамын кайталангыс өмүрдү,
Эстегенде эмнегедир жомок болуп көрүнөт.

# КЫРГЫЗ АМАН ЖАШАСЫН

Көрсөтпөсүн адамзаттын көз жашын,
Кусалыктан акпасын деп тамчысын.
Тилеп келем мен калкыма тынч өмүр,
Жок дегенде журтум аман жашасын.

Аруу, таза ыйман бизди арбасын,
Ар бир адам алга кадам таштасын.
Телегейи тегиз болуп өмүрдө,
Ден соолукта калкым аман жашасын.

Жакшылыгын кудай элге арнасын,
Жамандыгын көргөзбөсүн, салбасын.
Бир бирине жөлөк болуп өмүрдө,
Бул заманда элим таттуу жашасын.

Жаман сөздөн Жаратканым сактасын,
Улуу болгон адамдыкка таптасын.
Кечирели тирүүлүктө жакшылык,
Оомат кетпей журтум аман жашасын.

Ийгиликтен такыр артта калбасын,
Жаман жолду көргөзбөсүн, барбасын.
Таза сезим өчүрбөстөн жалпыга,
Бул ааламда кыргыз аман жашасын.





# МЕКТЕБИМЕ БАРГАНДА

Көргүм келип жүрөк дегдеп ашыгып,
Келдим бүгүн жерим сени сагынып.
Жүрүп жаткан чоң салтанат элимде,
Чакырганда шылтоо мага табылып.

Канча мезгил келе албадым зарыгып,
Көрсөм деген каалоо тилек агылып.
Таазим кылам мен өзүңө мектебим,
Уккан кезде карааныңа кагылып.

Мезгилинде кызыл жагоо тагынып,
Окуганмын бийиктикке талпынып.
Балалыктын элестери келгендей,
Турам бүгүн ошол күндү сагынып.

Балалыктын таттуу күнүн калтырып,
Кадам таштап жол алганмын ашыгып.
Арман кылып өткөн күндү мектебим,
Эми турам ой чабытым чачылып.

## ЖАШООБУЗ БЕРДИ

Жашообуз бизге үй-бүлө берди тартуулап,
Жашоону улап, өмүрдөн сабак ал курап.
Тизгинин алып, жумушту кармап колума,
Үй-бүлөм менен өмүрдө келем жол улап.

Жашообуз бизге ден соолук берди бакубат,
Талыкпай иште берсин дайым күч кубат.
Өкүнбөс болуп өмүрдө жашап өтсөмчү,
Эл менен кошо катарда жашап жол улап.

Жашообуз бизге наристе берди тартуулап,
Балдарым кара бой жетип алга умтулат.
Убакыт өтүп байкалбай күндөр билинбей,
Алар да келет, ордумду басат бир убак.

Жашоодо бирге ата- энем турса бакубат,
Балдарым тосуп астымдан чыкса жадырап.
Керемет жашоо үй-бүлөм менен ар дайым,
Кудайдын күнү биз үчүн болгон аманат.

Жашообуз бизге досторду берди сан курап,
Сырдашып жүр деп, убакыт өтпөйт жол узак.
Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бололу,
Өмүрлөр өтөт, ойлонуп жаша ар убак.

Жашообуз мага сөздөрдү берди ой курап,
Жазамын күндө сапаттуу сөздөн ыр чубап.
Ырларым менин түгөнгүс болгон казынам,
Түбөлүк жазып, кор кылбай сактайм ар убак.





## БАЛАЛЫК

Тээ чокуга чыгып алып карасам,
Өткөн мезгил ар бир күнүн санасам.
Эх, таттуу күн, ошондогу балалык,
Кайра болбойт неге сенде жашасам?

Ал күндөрдү тарак менен тарасам,
Тегиз сулуу чатышы жок жанашсам.
Чаң жугузбай таза тунук балалык,
Кана эми, сенде дагы жашасам?

Балалыгым аруу таза баратсам,
Элес болуп көрүнөсүң карасам.
Сакталгансың асыл таза гаухардай,
Арманым жок кайра сенде жашасам.

Бирок жомок кайрылбайсың садагам,
Сүрөттөрдөн күлүп чыксаң табалам.
Эх, балалык, кеткен элең кыр ашып,
Мен өзүндө бир мезгилде жашагам.

## ЖАШТЫГЫМ

Сүрөлү доорун өкүнүч билбей жаштыктын,
Өмүрүм өтсө сеземин кийин асылын.
Жашоодо жашап, суусунум такыр канбаган,
Жалындап турган өмүрдүн гүлү жаштыгым.

Жаркылдап турса кетиргим келбей асылын.
Өчүрбөй анын сактагым келет жалынын.
Бүрдөгөн дарак эми эле өскөн сыяктуу,
Башаты болуп жашоомдун менин жаштыгым.

Өмүрдө улук, жашоодо тунук жаштыгым,
Кетпесең экен сакталып дайым жалының.
Өзгөрбөй аттиң ушундай сулуу калсаң ээ,
Өчпөсө деймин түбөлүк мүмкүн калыбың.

Калтырбай мени ээрчитип жүрчү жаштыгым,
Тажабай сенде жашагым келет асылым.
Тар жолго таштап карабай качан кетет деп,
Ойлоно берем элестеп сенин кадырың,

Берилип жашайм эч кимге сени кор кылбайм.
Талыкпай карап көңүлүң сенин оорутпайм.
Калтырып кетпе, жаныңдан такыр чыгарба,
Жаштыгым сени жакшылап күтүп толуктайм.





## ЖАМГЫР ТӨКСӨ

Төгүп турса жамгыр тынбай шорголоп,
Карап турдум кол чатырда корголоп.
Жан дүйнөмдү таза жууп салчы деп,
Ыйлайм неге жаанга кошо шолоктоп.

Ыр дүйнөмөн чыгып жатты оболоп,
Жорголордун басыгындай жорголоп.
Табиятым ыйлаганын укканда,
Сезилет бир  обон мага созолоп.

Төкчү жамгыр дагы тынбай шорголоп,
Ырлар чыксын өчпөс оттой алоолоп.
Билинбестен орономун ойлорго,
Кыялымда кеткен өңдүү жайлоолоп.

## ЖАЙЛООДО

Жайлоого келдим кыдырып жерин аралап,
Жөн гана сенде эс алып жүргөн салтанат.
Жашоого келип өзүңдө өсүп чоңойгон,
Жаштыгым өткөн берсеңчи мезгил кайталап.

Жаңырса үнүм тоолордун ичин аралап,
Жайлоону көрүп балдарым мында тандanat.
Жай айы сонун кулпуруп турса өзүңдө,
Жадырап ойноп элестейт жаштык кайталап.

Жаштыктын изин кыдырып таппай аралап,
Жатканым эстейм көк шибер сенде чалкалап.
Жапжашыл болгон табият тартып койнуна,
Жегенбиз терип өзгөчө татуу карагат.

Жүргөнүм эсте кымыздык, ышкын аралап,
Жүгүрүп тосуп уйларга жетпей кубалап.
Жылдыздар чыкса суктанып карап асманды,
Жаштыгым бүгүн элесин берди кайталап.





## ТҮШҮМӨ МЕН ИШЕНИП АЛЫПТЫРМЫН

Өзгөчө жылдыз болуп жаныптырмын,
Санап алып четинен мен байыптырмын,
Аралап учуп кошо жылдыз менен,
Асмандан бир керемет табыптырмын.

Жылдызы Чолпонуна барыптырмын,
Кет десе болбой эле калыптырмын,
Ээрчитип бир четинен көргөзгөндө,
Эң сырдуу нерселерди тааныптырмын.

Ар бирине ат коюп жазыптырмын,
Жүрөккө бекем кармап катыптырмын,
Көксөгөн максатыма жетем деп ай,
Сүрөтүн чиймелеп мен тартыптырмын.

Сураган пенделерге айтыптырмын,
Көрсүн деп бул ааламга жайыптырмын,
Көкөлөп бийиктерге учалы деп,
Көч башын баштап өзүм барыптырмын.

Уйкуга мен ойгонсом каныптырмын,
Үйүмдө төшөгүмдө жатыптырмын,
Бүт баарын тегеренип карап алып,
Түшүмө мен ишенип алыптырмын.

## МЕН КИММИН?

Мен киммин-адам болуп төрөлдүм,
Жаратkандын берген күнүн көрөмүн,
Адам деген ыйык затты туу тутуп,
Адал эмгек актык менен өтөмүн.

Мен киммин- элим үчүн жаралган,
Эң жөнөкөй эне болом катардан,
Үй-бүлөнүн көчүн улап келемин,
Балдарыма апа болуп аталган.

Мен киммин- эне заты замандан,
Бала бакыт, бала үчүн жаралган,
Мээрим төгүп балама да,кызыма,
Эң бактылуу эне болуп аталган.

Мен киммин- баласы ата-эненин,
Жашоо улап, өмүр берген демекмин,
Өзүм эне болуп жашап жатсам да,
Ак сүтүңдү али актай элекмин.

Мен киммин- үйүңдөгү жарыңмын,
Жашоодогу жандап жүргөн жаныңмын,
Керек болсо сураганда кеңешим,
Колдоп келген бул өмүрдө барыңмын.

Мен киммин- катардагы досуңмун,
Окуп келип бир казанга чогулдум,
Студенттик доорду сүрүп бир мезгил,
Ар кай жерден келип анан кошулдум.

Мен киммин- сага тууган жакынмын,
Берип келем жакшы кеңеш акылым,
Колдон келсе жөлөк болуп ар качан,
Туугандыктан аябаймын баарысын.

Мен киммин- жашап жаткан адаммын,
Улуулардан сурап кеңеш, акылын,
Чынчыл жүрүп ак мээнетке умтулган,
Адам деген кудайдын бир затымын,





## КҮНДӨР ӨТӨТ

Күндөр өтүп, мезгил учат сезилбей,
Жылдар улап алга жылат кемибей.
Кечээ жүргөн кичинекей боз бала,
Бүгүн ата байкалбастан, билинбей.

Мезгил жылат улам алга жетелей,
Кең дүйнүнүн ар бир күнүн кенебей,
Секелек кыз эч нерседен бей капар,
Болуп мына апасындай, энедей.

Кадам таштап алга жылып жатсаң да,
Кылчайып сен артка кайра кайтсаң да,
Мезгил деген алга жылат баары бир,
Токтотууга бөгөт коюп тартсаң да.

Убакыттын өткөнүн биз байкабай,
Ушунча жыл кеткенин да санабай,
Кантип жетип калганыңды билбейсиң,
Тээ алыста карылыкка карабай.

## ЖАШТЫГЫМА

Жалындап турган жаштыгым тим эле,
Жашоонун кайталангыс доору беле.
Күн сымал жарык чачкан ушул жылдар,
Дагы да бир жаралып койбойт неге?

Жан дүйнөм жаштыгыма барган кезде,
Алоолонуп күйүп турган оттой беле.
Өчүп калса кокусунан от тутантып,
Отун жагып алоолонтсом болбойт неге?

Көкөлөп асман тиреп учкум келет,
Жашоодо жаштыгыма болуп себеп.
Жаштыктын туусун бийик желбиретип,
Жаштыгым ушул бойдон калгым келет.

Берилип мен өзүңө баргым келет,
Кайталап жаштыгымды берсең белек.
Жашасам ушул күндү өчүрбөстөн,
Жаратканым сен өзүмө болчу себеп.





## АЙТМАКМЫН БУЛ ӨМҮРДӨН ОРДУМ ТАПТЫМ

Билбедим бул өмүрдөн эмне таптым,
Болдубу максат коюп, берген антым.
Сүйүнүп өтүп жаткан күндөрүмө,
Жашадым жаштыгымдын сезбей баркын.

Көргөнгө көрүнөт кооз менин бактым,
Үй-бүлө, балдарыма арнап жаным.
Жалындап турган курак жаштыгымда,
Калкыма кошо албадым эч бир салым.

Ойлоном жаштыгымдын эми артын,
Байкабай өткөрдүмбү күндүн баарын.
Элиме аз да болсо жумуш кылсам,
Айтмакмын бул өмүрдөн эмне таптым.

Эй пенде, жаштыгыңда күйүп жангын,
Колуңдан жумуш келсе алга талпын.
Убакыт өтүп кетсе кеч болобу,
Караба мезгилиңе адам салкын.

## БИР ДОСУМА

Кол сунуп жакшылыгым аябадым,
Мен өзүңө бир жамандык каалабадым.
Досум деп жакшы тилек сага арнап,
Билбеймин мен эмнеге жагалдандым.

Ойлодум досторумдун баарын бирдей,
Билбепмин калаарымды көңүл кирдей.
Артымдан нечен ирет сүйлөсөң да,
Мен жүрдүм канча убакыт сени билбей.

Эх, досум, күндөр өтүп мезгил келет,
Акыйкат бир учурда өзү жеңет.
Кудайга күнөө кылбай түз жашайлы,
Жараткан таразалай, колдой билет.





## СҮЙӨМҮН ДЕП

Сүйөмүн деп тажаткандан алысмын,
Сезимиңди сезе билем, таанышмын.
Акыл менен калчап карап а бирок,
Баалай билем, бул жашоодо калысмын.

Сүйөмүн деп ыйлагандан алысмын,
Коё бербейт бекем кармап намысым.
Ойлономун акылыма баш ийип,
Өткөрсөм да сезимдердин жарышын.

Сүйөмүн деп сыздагандан алысмын,
Күчтүү экен сезимдерден акылым.
Ооруп калсам сүйүү менен а балким,
Колдономун акылымдын даарысын.

Сүйөмүн деп муңайгандан алысмын,
Каалабаймын эч ким азап тартышын.
Жашоо деген сезим жок да уланаар,
Ойлобоймун мен өзүмдөй баарысын.

# АКЫНДЫРМЫН

А балким тунук сөзгө жакындырмын,
Ойлонуп тегиз карап калыстырмын.
Чиймелеп сөз берметин курап келем,
Билгенге мен да мүмкүн акындырмын.

Канчалаган ырларды мен жазыптырмын,
Сапатка маани берип салыштырдым.
Окуган, уккан пенде бардыр деймин,
Ойлоп кетем окурманга акындырмын.

Билбей туруп ыр жазуунун маңызынын,
Сын айтып сындагандан алыстырмын.
Билим алдым беш жыл бирок ырым үчүн,
Алп акынга чабак болгон балыктырмын.

Ордумду бул өмүрдөн табыптырмын,
Ойлорумду курап ырга салыптырмын.
Таразага салып элим окуп көрсө,
Эки сөздү эптеп жазган акындырмын.

Акын деген ыйык затты тааныптырмын,
Аралашып ичине мен бараттырмын,
Бул казанга түштүм бирок чыккым келбейт,
Сөздү курап жазам, элим, акындырмын.

Ийне менен сөздөрдү казыптырмын,
Иргеп алып талыкпай тартыптырмын,
Тартуулап мен ыр курап өтөйүнчү,
Өмүргө балким келген акындырмын.





# БАКТЫЛУУ БОЛДУМ АЛАЙДАН

Абасы таза нукура кыргыз жашаган,
Аскасы бийик, суусу бир тунук кашкадан.
Атам да басып көрбөгөн экен бул жерди,
Айтайын элим сүйүүмдү таптым Алайдан.

Тоосунда түркүн гүлдөрү өсүп, жайнаган,
Торгойдун үнүн уктум мен укмуш сайраган.
Тартып бир жери арбады мени өзүнө,
Таптым деп айтам, үй- бүлө күттүм Алайдан.

Билбеген жерин, сурасам тууган апамдан,
Белеги болду кудайым мага арнаган.
Берилип эми жерине кызмат кылайын,
Бактымды таптым, бактылуу болдум Алайдан.

Калкына бардым кадырман кыргыз аталган,
Каадасы сонун өзгөчө болуп башкадан,
Көргөндө элин ийилип таазим кыламын,
Кайын журт күттүм кыргыздын жери Алайдан.

## КЕЛИНИМИН АЛАЙДЫН

Суктандырып көргөн адам жамалын,
Курчайт бийик тоолор бул төрт тарабын.
Пейли кенен кут конгондой жери бар,
Келинимин билсең эгер Алайдын.

Жолдоштукка мен өзүңдөн тандадым,
Көз жүгүртүп бир уулуңду жандадым.
Кудай бизди насип экен кошкон соң,
Болду балаң өмүрлөшүм, ардагым.

Кызмат кылып мен өзүңө барайын,
Канат байлап тоо үстүнөн карайын.
Келин эмес, өз кызыңдай кабыл ал,
Кучагыңдан жылуу мээрим табайын.

Көз жетпеген бийик тоосун карайын,
Арча жыттуу абасына канайын.
Көндүм сага аралашып мен дагы,
Салтын улап турам бүгүн Алайдын.





## КЕРЕК БОЛУП

Жаратканым тирүүлүккө себеп болуп,
А мүмкүн сүйүнүчкө карек толуп.
Ушул күн тагдырыма буюргандыр,
Келдимби бул өмүргө керек болуп.

Таң нуру жылуу мээрим нурга толуп,
Баа жеткис тагдырыма бакыт конуп.
Талпынып жашоого мен келген окшоймн,
Туңгуюк бул өмүргө керек болуп.

Адамга асыл өмүр келет конуп,
Алладан ата-энеме белек болуп.
Алтындай бул жашоону берип кудай,
Келгенмин мен ааламга керек болуп.

## БАКЫТ УШУЛ ЭГЕР БИЛСЕҢ

Күтүп сени, жоктоп, издеп, эстеген,
Жан дүйнөңдүн тең жарымын ээлеген,
Мазар эмес, базар кылып балдарың,
Билсең бакыт чачып үйүң тепсеген.

Аткарам деп ойлогонун эңсеген,
Ак, караны туюп, билип сезбеген,
Үйдүн ичин үч көтөргөн балдарың,
Ошол бакыт эч нерсеге жетпеген.

Куунак жүрүп, капалыкты илбеген,
Катканыңды кызык көрүп издеген,
Жашырганың билсе айтат балдарың,
Абийириңи ачканын ал билбеген.

Аруу, таза баландай эс бербеген,
Асыл мүнөз, баёо сезим кетпеген,
Уйкусунан апа дешип ойгонсо,
Туюлат, эх, татаал түйшүк келбеген.

Колуңдан кармап алып жетелеген,
Мээримиңе бөлөнүп эркелеген,
Жаңырсын бул ааламда бала үнү,
Бар болуп үйүң чачып тебелеген.





## АДАМ БОЙДОН КАЛГЫМ КЕЛЕТ

Чыдаймын сезимдердин азабына,
Баш ийбейм бирок сүйүү мазагына.
Жөн гана таза жашап өтсөм экен,
Жооп берип бул өмүрдүн талабына.

Мактанбайм байлык топтоп тапканыма,
Мартабам көтөрүлүп жатканына.
Ак пейил адам болуп калсам болду,
Ишенип бул жашоонун жалганына.

Кыйналбайм кайгы капа салганына,
Убактылуу сыноолорду жазганына.
Кубаныч коштойт бир күн ишенем мен,
Сүйүнүч өзү келип маңдайыма.

Ушак сүйлөп, жалган сөздү айтпаймын да,
Акыйкатты, ар намысты сактаймын да.
Болбогон нерсе үчүн адамзатым,
Абийиримди баалап алып сатпаймын да.

Көппөймүн аалам кезип көргөнүмө,
Керемет өмүр сүрүп өткөнүмө.
Адаммын эң жөнөкөй кыргыз болгон,
Акылым айтып келет, өзгөрүлбө.

Муктажмын адамзаттын жардамына,
Дос, тууган, коңшу күтүп алганыма.
Өтөмүн аралашып элим менен,
Жооп берип ар бир кыймыл, басканыма.

Кайгырбайм бул өмүрдүн аздыгына,
Кең дүйнө ушунчалык тардыгына.
Жараткан жакшылыгын аябаган,
Баш ием келген күндүн жазыгына.

# ЫРААЗЫМЫН

Илинип бул өмүрдүн кылдарына,
Себепчи болдум канча жылдарына.
Жараткан мен өзүңө ыраазымын,
Жашоодон ордумду таап сыйганыма.

Айланып убакыт да кымбатыма,
Билинбей мезгил алга жылганына.
Күбөсү болуп келем бул ааламдын,
Калса деп жашоом менин ырларымда.

Ар күнү каниет кылып ыйманыма,
Аллахым сыйынамын урматыңа.
Ак таңды тосконума ыраазымын,
Ааламдан ордумду таап сыйганыма.





# ИШЕНЕМ МЕН ООРУНУ ЖЕҢЕРИМЕ

Ишенем мен ооруну жеңериме,
Ушул дарттан арылып кетериме.
Жүрөгүм согуп турса жашаймын деп,
Умтулам мен өмүрдүн эртеңине.

Кайгырбайм мага дартты бергенине,
Өкүнүбөйм бир сыноонун келгенине.
Утурулап таңды тосуп жашай берем,
Жетем деп ден соолуктун берметине.

Капаланып, кайгыруунун кереги не,
Үмүт кылып жашаш керек эртеңиңе.
Тагдырдын мага берген сыноосудур,
Ишенем мен ооруну жеңээриме.

Суранам башка жанга тийбешине,
Дарт деген тузагына илбешине.
Көтөрөм кандай сыноо берсе дагы,
Ишенем жакшы күнгө жетериме.

## ЫРААЗЫМЫН

Илинип бул өмүрдүн кылдарына,
Себепчи болдум канча жылдарына.
Жараткан мен өзүңө ыраазымын,
Жашоодон ордумду таап сыйганыма.

Айланып убакыт да кымбатыма,
Билинбей мезгил алга жылганына.
Күбөсү болуп келем бул ааламдын,
Калса деп жашоом менин ырларымда.

Ар күнү каниет кылып ыйманыма,
Аллахым сыйынамын урматыңа.
Ак таңды тосконума ыраазымын,
Ааламдан ордумду таап сыйганыма.





## ИШЕНЕМ МЕН ООРУНУ ЖЕҢЕРИМЕ

Ишенем мен ооруну жеңерime,
Ушул дарттан арылып кетериме.
Жүрөгүм согуп турса жашаймын деп,
Умтулам мен өмүрдүн эртеңине.

Кайгырбайм мага дартты бергенине,
Өкүнүбөйм бир сыноонун келгенине.
Утурулап таңды тосуп жашай берем,
Жетем деп ден соолуктун берметине.

Капаланып, кайгыруунун кереги не,
Үмүт кылып жашаш керек эртеңиңе.
Тагдырдын мага берген сыноосудур,
Ишенем мен ооруну жеңээриме.

Суранам башка жанга тийбешине,
Дарт деген тузагына илбешине.
Көтөрөм кандай сыноо берсе дагы,
Ишенем жакшы күнгө жетериме.

## ӨТҮП КЕТСЕМ

Өтүп кетсем бул жашоодон, өмүрдөн,
Калат баары бар тапканым, жыйганым.
Тынчтык бербей оргуп чыккан көңүлдөн,
Түбөлүккө калса деймин ырларым.

Өтүп кетсем жашап жаткан жалгандан,
Калар бекен акыл насаат айтканым.
Ырлар жазып из калтырсам аркамдан,
Айтып, эстеп жүрөр бекен балдарым.

Өтүп кетсем түгөнүп ай таңдарым,
Көрбөй калам бул өмүрдүн калганын.
Ошон үчүн ыйык көрүп ар күндү,
Жашап келем каниет кылып ар дайым.





## БАЛДАРЫМ

Бактым менин байлыгым да балдарым,
Сүйүнгөмүн көрүп кадам басканын.
Кубанычка бөлөп турса ар убак,
Билбейт элем түйшүктөрүн тартканым.

Жашоом менин өмүрүм да балдарым,
Берип мээрим жакшы кебим арнайын.
Алгач айткан апа деген сөздөрүн,
Уккан кезде мен сүйүнүп батпадым.

Үйдүн куту үмүтүм да балдарым,
Үлгү болуп силер үчүн жашайын.
Кылыктарын көрүп такыр тойбогон,
Билбептирмин мезгил артта калганын.

Келечегим кең дүйнөм да балдарым,
Өзүңөргө камдап арнайм тапканым.
Тарбиямды берсем анан татыктуу,
Сыймыктанчу күндөр келет ар дайым.

## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Калгым келди жазгы жамгыр койнуңда,
Нөшөрлөгөн сууңду сепчи боюма.
Жан дүйнөмдү бир тазартып алдым деп,
Жетсем керек мен ошондо оюма.

Жазгы жамгыр, жаачы тоолуу чокуга,
Куштай сызып учкум келди кошула.
Бир заматта дүрбөлөңдү салып сен,
Өткүн өтүп жок болгонуң сонун да.

Бала күндө көп илиндим toруңа,
Далай жолу жаадың сезем жонума.
Эмнегедир ошол күндү сагынып,
Келе бердиң жазгы жамгыр оюмда.

Тайгаланып бийик тоонун боорунда,
Мал издеген күндөр калды жонуңда,
Таттуу экен татаал мезгил андагы,
Кайтып келбейт, бирок калды оюмда.

Жаачы жамгыр, төкчү жамгыр катыра.
Азыр турам балалыкты сагына.
Эске салып бир кубанып алайын
Тосуп жаанды чачтарыма, жонума.





## ЖАРАТКАНЫМ

Үйрөнүп мен жашоонун сабактарын,
Үмүттүү ачам күндүн барактарын.
Үлгүсүн алып келем бул өмүрдүн,
Үй- бүлөм жөлөк болуп, Жаратканым.

Бул өмүр алга жылып баратканын,
Бул күндүн батып кайра таң атканын,
Баалабай убагында өткөрсөм мен,
Баамдаттың бүгүн мына, Жаратканым.

Байлыгым бул өмүрдө бар тапканым –
Балдарым, анан жазган барактарым.
Баркыңды эми билип олтурамын,
Баш ийип мен өзүңө, Жаратканым.

Сен мага жол көрсөттүң, Жаратканым,
Сөз курап ырга толду барактарым.
Сан жылдар мейли өтсүн аралыктан,
Сени айтып, ырлар жазып ардактаймын.

## ОРУН АЛСАМ

Көрүнүп нур дүйнөнүн аралынан,
Көктөгү жылдыздардын катарынан,
Ордумду тапсам деген тилек менен,
Арылгым келди түйшүк санаасынан.

Аралап акындыктын аралынан,
Сөздөрдү терсем кана катарынан.
Кылымга кала турган ырды жазып,
Кетсем мейли ушул жашоо сапарынан.

Сөз уучтап акындыктын казанынан,
Даам татсам, эх, канаке каймагынан.
Ырларды жазган менен тойбой келем,
Орун алсам нур дүйнөнүн аралынан.

Ушул жолду тандап алып баратамын,
Тартсам дагы түйшүк жашоо, азабыңдан.





## КАНТЕЙИН

Бул жолдорду билбесем да анчейин,
Көрүп келем көз жүгүртүп ар четин,
Жан дүйнөмдү ороп алып өзгөчө,
Толкун сымал ыр куралса кантейин.

Бул дайрага сүзбөсөм да анчейин,
Сөз жазууга балким менин бар демим,
Бар бакытым жалгыз калем элестеп,
Билинбестен ыр жаралса кантейин.

Бул сыйкырды сезген менен анчейин,
Сөз куроодо мүмкүн менин бар кемим,
Ырга айланган бир керемет курчаса,
Баш тарталбай жазып келем, кантейин.

Бул дүйнөнү көрсөм дагы анчейин,
Кандай сонун көрүнөт го ар жериң,
Гүл оронгон сөздөр тосуп астымдан,
Бир сыйкыр күч тартып турса кантейин?

## МЕН КЭЭДЕ

Жаңы күн менен таанышып.
Мезгилдер менен жарышып,
Жүрөмүн жашоо кечирип,
Убакыт менен алышып.

Жан дүйнөм менен тартышып,
Көңүлүм менен кагышып,
Ортодо калам бир мезгил,
Ойлорум менен салышып.

Өзүмө өзүм таарынып,
Убакыт даба, жазылып,
Мезгилдер өтөт ушундай,
Өткөндү эңсеп сагынып.

Өмүрдө кээде кагылып,
Кайдагы күнгө зарыгып,
Ойлонгон менен а бирок,
Жашоодо калам жаңылып.

Астыга улам талпынып,
Өмүрдү сүйүп тартылып,
Мезгили келсе жашоомо,
Киргизсем кана жаңылык.





## АКЫЛЫМ

Жетсе дагы көп нерсеге акылым,
Билбептирмин жан дүйнөмүн жакырын.
Түздөп алам оо жараткан бүт баарын,
Көрүп мына табияттын асылын.

Көрсө дагы көп нерсени акылым,
Издеп келген жан дүйнөмүн азыгын.
Курчап турган табиятка тартылып,
Толукталам акырындап, акырын.

Сезген менен бүт нерсени акылым,
Билбей жүрдү эмне мага жакынын.
Табияттын кучагына оронуп,
Байытамын жан дүйнөмү акырын.

## МЕН ЫРААЗЫ БОЛОЮН

Күн чыгат тегиз тийип асманыма,
Жарык нур жол көрсөтүп басканыма.
Адам деп мени кудай жараткан соң,
Ыраазы болоюнчу тапканыма.

Неге мен тырышамын кай жаныма,
Каралбай калабы деп тапканым да.
Билбеймин, билбеймин ай сабырым жок,
Умтулам тобо кылбай тапканыма.

Салып берсе кетпес оокат казаныма,
Кошсо мүмкүн бүт дүйнөнү табагыма,
Жаратканга ошондо да нааразыдай,
Каниет кылбай тагдыр мага жазганына.

Тойбой балким баратамбы тапканыма,
Адам деген касиетти сактаймын да,
Ыйманымды, абийиримди сурап алар,
Сыйынамын оо жараткан Аллахыма.





## ЫСЫК - КӨЛГӨ АРМАНЫМ

Тостум мен да Ысык - Көлдүн таңдарын,
Көзүм тойбой карайм чалкып жатканын.
Тээ алыскы ак кар баскан зоолорго,
Канат байлап учуу болду арманым.

Керемет кооз кандай сонун ак таңың,
Чагылышып күн нуруна жамалың,
Толкунуңдан урунуп мен чыкпаган,
Аккуу болуп жүрсөм деген арманым.

Кетким келбей көлүм сенден ар дайым,
Келип турат коштоп сени жандагым,
Аркы жээктен берки жээкке кыдырган,
Балык сымал сүзүү аттиң арманым.

Арнасам да түгөнбөйт эч саптарым,
Кабыл алчы көлүм сага жазганым,
Төгүп алып жан дүйнөмдү өзүңө,
Алыкулдай сырдашуу бил арманым.

## ДЕН СООЛУК

Күүлөнүп канат кагып токтобостон,
Түйшүктү таштап артка ойлонбостон,
Бет алып алыстарга учкум келет,
Дарт деген бир балээге жолобостон.

Артта калар дарт дагы торобостон,
Жүрөйүн деп алыста оробостон,
А балким күткөн чыгар мени дагы,
Асыл күндөр астыда коробостон.

Алсыздык бүгүн мени тоспо жолдон,
Чыгарып салайынчы деймин ойдон,
Жеңемин, жеңип чыгам ушул дартты,
Ишенем арылуу да келет колдон.

Өмүрүмдүн гүл багына ырыс конгон,
Жан дүйөм жеңип анан алдуу болгон,
Кудайым жакшы күндү буюргандыр,
Туптунук ден соолук да тосуп жолдон.





## ДЕН СООЛУК

Туптунук болбой барат баштагыдай,
Тунгуюк жолго келип таштачудай,
Ден соолук бүгүн алсыз туюлат, эх,
Бийикке тайгаланып ашпачудай.

Байкасам өзүн баалап сатпачудай,
Акчаңа, байлыгыңа таң калчудай,
Баркына, кадырына жетпей койсоң,
Ден соолук дарт дегенге арбалчудай.

Өмүрдө амандыкты тандачудай,
Байлыгың боломун деп айтпачудай,
Ден соолук үн катпастан жүрө берет,
Баалай бил  өкүнүчтө калбачудай.

## БУЛ ЖАШОО

Жанымды жерге койбой,
Түйшүккө такыр тойбой,
Тыным жок эртели кеч,
Эх, жашоо жетпес тоодой.

Кубаныч бирде коштой,
Көрүнөт жарык жолдой,
Жылуу сөз үмүт берет,
Коргогон калкан тондой.

Куу турмуш желе тордой,
Жүгүртөт бирде сойлой,
Жашоого умтуламын,
Суукка да чыдап, тоңбой.

Туруктуу жерге конбой,
Күн, түндү билип болбой,
Жүрөбүз аалам кезип,
Аз аздан тыйын топтой.

Эртеңди ойлоп койбой,
Бөксөрөт көңүл толбой,
Туңгуюк бул өмүргө,
Алышып өтөм ообой.

Ыр күлкү бирде коштой,
Ынтымак, ырыс орной,
Жакшылык болуп турат,
Ар күнү той деп, тойлой.

Тирүүлүк болбойт оңой,
Жүрөмүн баарын ойлой,
Өмүрдөн өтөрүм чын,
Эч кимге түркүк болбой.

Өмүрдөн өтсөм экен,
Эч кимге түркүк болбой.





## ЖӨНӨДҮМ ТООЛОРУМА

Карабай ойлорума,
Жол алдым тоолорума,
Тоскондой элес берет,
Гүл төшөп жолдорума.

Чытырман токоюңа,
Сайраган торгоюңа,
Бүгүн мен баратамын,
Табият чордонуңа.

Кабылып бороонуңа,
Мен басам чаң жолуңа,
Сагынып жөнөп калдым,
Жашыл төр борборуңа.

Күн чыккан тээ чокуңа,
Көз салам зоолоруңа,
Күбөсү болду жерим,
Бактылуу болгонума.

Жан дүйнөм толду мына,
Ыйык жер толкунуна,
Билбейм ай кубанамын,
Тоолук кыз болгонума.

## ЖАШТЫГЫМДЫ САГЫНАМ

Качанкы сүрөтүмдү көз албай тиктей берем,
Окшошпой бараткангa убайым тартып келем.
Курч мүнөз, жалын жүрөк, ажарлуу сулуу жүзүм
Мезгилге сиңирилип уурдалып кеткен белем.
Түгөнбөй ошол учур түбөлүк калбайт экен.

Жалындап турган жаштык ачылган гүлдөй элең,
Жүзүңдөн жылдыз жанган башкача пейлиң кенен,
Шарактап шайыр дагы, шаттыкта болгон мезгил
Тээ артта таптырбай жоголуп кала берген.
Бир гана сүрөттөрдө сакталып калат экен.





## ОЙЛОРУМА

Бүчүр байлап жашоонун бутагына,
Илинип мен өмүрдүн тутамына,
Түркүн жолду аралап баратамын,
Чалынбайын эч бир жерде убайымга.

Эркелегим келди тоолор кучагыңа,
Эрким жетсе алып алып кучагыма.
Кыргызымдын керемет жерлеринен,
Күч кошуп бер табият кубатыма.

Сыр бөлүшкүм келет менин сууларыма,
Баралбаймын бала күндүн булагына.
Баш айланткан ушул күндөн алыс болуп,
Жетким келет тоолорумдун кулачына.

Кетсем кана бийик тоонун кырларына,
Кең ааламга көз жүгүрткөн сырларына.
Жан дүйнөмдүн бөксө жерин толуктайын,
Айлангансың табиятым кымбатыма.

Оронойун жашыл шибер жуурканыңа,
Өмүр улайм жерим сенин кучагыңда.
Жашай берем тоолорума тартылып мен,
Жараткандын жашоо берген бутагында.

Сен айландың табиятым курдашыма.
Ордуң бөлөк чылмалышып ойлорума.

# УБАКЫТ БИЛБЕЙМ МЫНЧА БАТ УЧУУДА

Убакыт тоскоол болбо жаштыгыма,
Баш ием макул мезгил агымына.
А бирок канча жумуш бүтпөй турат,
Болбогон дарт айланып жакыныма.

Эркиме койбой өмүр шаштырууда,
Канатым алсыз араң талпынууда.
Бир мезгил түнүм дагы узун болгон,
Көз ирмеп аткан таңдай жаңырууда.

Мынчалык шашып мезгил жарышууда,
Кайдыгер карагандай жалынууга.
Андагы узун күндөр кайда кеткен,
Убакыт билбейм, билбейм бат учууда.

Акым жок билем мезгил таарынууга,
Акылуу болсом күндү сагынууга.
Алмашкыс асыл болгон убакытым,
Кайдадыр канат күүлөп шашылууда.





# ОШОНДОГУ ОН СЕГИЗ ЖАШ

Калгым келди сүрөттөй мен сакталып,
Жүрөгүңдүн түпкүрүнөн жай алып.
Ошондогу он сегиз жаш бүгүн да
Карагиңден кетпесинчи кадалып.

Билбей калдым кеткениңди жол алып,
Кабарыңды билгизбедиң тор жайып.
Сени сүйгөн он сегиз жаш а бүгүн
Өзгөрүлүп бара жатат улгайып.

Жүрөгүмө консоң дагы канчалык,
Сезимимди айталбадым жар салып.
Кайчы жолдо таанымбасаң мейличи,
Сенде калсын он сегиз жаш сакталып.

Актай барак түс жоготор саргайып,
Көрсөң мүмкүн жат адамдай таңданып.
Жүз көрүшүп жолуга албайм өзүңө,
Кала берсин он сегиз жаш жылмайып.

## ОТУЗ ЖАШ

Мезгил өтөт кагып сааттын жебеси,
Артта калып отуз жаштын белеси.
Узап барат узун жолдон алыстап,
Токтотууга кана чамам жетсечи.

Түш көргөндөй өтүп мезгил кечээки,
Күтүп күндү жашайм улам эртеңки.
Дагы бир аз токтой турсаң аттиң ай,
Кандай сулуу отуз жаштын келбети.

Сага жоктой жаштыгымдын теңдеши,
Көзүм тойбой суктанамын, кетпечи.
Кантип мезгил узап барат билбедим,
Отуз жашым өмүрүмдүн бермети.





## ЖООП БЕРЕМ ТҮБӨЛҮКТҮҮ АЛ ЖАШООДО

Алтындан байлык топтоп камдасам да,
Колума уучтап акча кармасам да,
Кудайым берет мүмкүн баары жогун,
Жашоодо кандай жолду тандасам да.
А бирок ыйманымды сурап алат,
Көргөзбөй мен кудайды алдасам да.

Өмүрдө канча адамды жандасам да,
Бирөөгө жаман сүйлөп сайрасам да,
Кудайым сыноо берип карап турат,
Жашоону мен өзүмө арнасам да.
А бирок жооп берүүчү күн да келет,
Түбөлүктүү ал жашоодо актансам да.

Ушак сүйлөп канча адамды арбасам да,
Үстүнөн кысым жасап кармасам да,
Жараткан сезет бирок карап турат,
Кудайдан ашык болуп баратсам да.
А бирок жооп беремин акыретте,
Сырымды мен билгизбей сактасам да.

## ЖАН ДҮЙӨМ

Жан дүйөмө сыйбаганды батырып,
Кереги жок нерсеге да кайгырып,
Кайдыгер карай албай эч кимге
Кол шилтеп кеталбадым батынып.

Көңүлүнө албайын дейм катылып,
Аярлаймын калбасын деп таарынып.
Колдон келсе жаным үрөп баарына,
Күчүм жетсе калкан болсом кагылып.

Жан дүйөмдү аңтарамын сапырып,
Ар бир өткөн күндөрүмдү сагынып.
Мен киммин деп суроо камдап өзүмө,
Жооп издеймин калган өңдүү жашынып.





## ЖАШАП ЖАТАМ

Колго кармап өмүрүмдүн камчысын,
Жашадымбы мен жашоомдун жартысын.
Байкабастан убакытты утурлап,
Өлчөй албай мезгилимдин тамчысын.

Буйруп мага ар бир күндүн бакытын,
Адамзаттын арасында барым чын.
Эл катары өмүр көчүн уладым,
Жаратканым берип жашоо ачкычын.

Карап кээде мезгил, өмүр жарышын,
Өкүнөмүн өткөн күнгө аным чын.
Билем жаштык түбөлүккө турбайсың,
Каалсам да бир калыпта агышын.

Жаратканым тартуулай бер баарысын,
Көргүм келет өмүр,жашоо баскычын.
Мен да жашап өтсөм кана дүйнөдөн,
Даамын татып тээ карылык бактысын,

## ЖАШТЫГЫМДЫ АЛГЫМ КЕЛДИ КУЛПУЛАП

Ушунчалык суктандырып кулпурат,
Байкаганга түркүн гүлдөй кубулат.
Чыгарбастан кармап алып кетирбей,
Алгым келди жаштыгымды кулпулап.

Берген үчүн боёгу жок сулуулап,
Карабадым күтүп, ороп жылуулап.
Кетпес болуп түбөлүккө турсаң ээ,
Алат элем коё бербей кулпулап.

Тосконума карабастан умтулат,
Кармай албайм билем сени кулпулап.
Кайсыл күнү кетериңди байкабай,
Кала берем ар бир күндү утурлап.

Эрким жетсе Жаратканга жалынып,
Жаштыгымды алгым келди кулпулап.





## ЫРГА АРНАСАМ ӨМҮРҮМ

Калтырсам деп бул заманга атымды,
Сактап ыйык калем деген затымды.
Элим үчүн өчпөс ырлар жаратсам
Деген ойлор курчай берет башымды.

Билбесе да балам менин баркымды,
Жоготпосом ырга болгон антымды.
Поэзиянын тилин жакшы түшүнгөн
Барктап алат деп ойлоном калкымды.

Тосуп жаткан ушул жашоо таңымды,
Арнап ырга келем өмүр жанымды.
Айлантамын сөз кураган калемим
Гүлзарында ыр сайраган багымды.

Арманы жок өтөр элем дүйнөдөн,
Арнап өтсөм поэзияга жанымды.

# ЖАЗЫЛДЫ КООЗ ДҮЙНӨ, ТАБИЯТ, СУЛУУЛУКТУ АДАМЗАТКА ТАРТУУЛАР.





## БУЛ ЗАМАНДА АДАМДАР

Мээнет менен бак дарактай бүрдөгөн,
Өзү менен өзү болуп үйрөнгөн.
Адам жашайт эң жөнөкөй өмүрдө,
Башкалардан жардам муктаж күтпөгөн.

Жалкоо пенде жатып ичип күн көргөн,
Аракетти билбей өтүп дүйнөдөн.
Дагы капа, өмүрүнө наразы,
Арманы жок жашоо сүрчү гүлдөгөн.

Алы жетпей оозу тынбай сүйлөгөн,
Ушак айтып, оозуна ал күйбөгөн.
Бирөөлөрдүн жашоосуна кызыккан,
Пенделер бар ушак сөздөн күн көргөн.

Качат шашып эч нерсени күтпөгөн,
Өмүрүнө наразыдай бүтпөгөн.
Пайдасы жок, пайда бербейт эч кимге,
Пенде өтөт ойлонбостон дүйнөдөн.

Байлык жыйнап түбүнө ким жетпеген,
Муктаж болуп зар болгонго бербеген.
Жыйнап алган дүйнөсүнө каниет жок,
Ким бар экен бул ааламдан өтпөгөн.

Баары калат кетээр күндү билбеген,
Чындык жашоо бар экенин сезбеген.
Жашайлычы адам болуп адамзат,
Бул өмүргө кайра эч ким келбеген.

## КООМДОГУ ЖАТ КӨРҮНҮШТӨН УЛАМ

Эй, кыргызым, дагы кандай жаракат,
Кайдагы бир чуулар чыгып тажатат.
Адал, арам тамак калды ылганбай,
Карапайым элдин башын айлантат.

Акча үчүн дагы нени талашат,
Ушул суроо жүрөгүмдү канатат.
Ачык эле эшек этин сатышып,
Эмне билбейм ичи тарып баратат.

Жүрсүн элим ден соолугу саламат,
Бул жашоого келген болсок аманат.
Жооп берүүчү күн да келет а бирок,
Мезгил келсе сурак берер кайталап.

Бир сүлү курт элди алдап карганат,
Болбогон ал шылтоо менен актанат.
Сабыр кармап элим турат үндөбөй,
Болбосун деп мындай нерсе кайталап.





## ТҮНКҮ АСМАН

Түбү жок көрүнбөй асман чексиз.
Адамзат колу эмес көз да жеткис.
Мемиреп тыптынч жымжырттыктан
Ойлорго чөмүлөсүң киши эрксиз.

Тизип койгон гаухар менен алмаздай,
Көшүлүп уктап бара жаткандай.
Тагып алган седеп болуп көрүнөт,
Жаркыраган жылдыздарын ар кандай.

Түнкү асман. Тиктеп турам суктанып,
Турса дагы караңгылык сузданып.
Тээ алыста чардап жаткан бакалар,
Анда-санда тынчтык бузуп үн салып.

Ай да чыгат бир ажайып суйкайып,
Жылдыздардан сайма салып,чырмалып.
Үндөбөстөн катып баарын өзүнө,
Асман сулуу билинбеген сыр салып.

Түнкү асман күбө болуп өзүмө,
Сырдашкандай мени менен өзгөчө.
Жан дүйнөмдү жалгыз өзүң түшүнүп,
Эргүү бердиң бир башкача көксөөмө.

## БАКЫТ

Бул жалган жашоо менен баратамын,
Издедим ача берип барактарын.
Төбөдө учуп жүргөн ак кушбу деп,
Карадым дагы канча канаттарын.

Издедим канчалаган тунук суудан,
Изиңди ошондо да таппай турам.
Балыктын арасында жүрөбү деп,
Сурадым ишене албай көңүл курган.

Айтканда, үндөбөдү шамал деген,
Шуулдап карабастан кетет экен.
Колумду булгай албай кала бердим,
Туруштук берип араң шамалга мен.

Бакытты сурап көрдүм кудайдан мен,
Бергенмин жаныңда турат деген.
Ошондо издеп калдым айланамдан,
Чынында үй-бүлөм бул бакыт экен.

Дагы издеп туш тарабым карасам,
Тоодой тирек болуп дайым бараткан
Ата-энем, бир туугандар жанымда,
Далай достор, элим турат санасам.

Бакыт деген күндүн жаңы атканы,
Адамзаттын таттуу жашап жатканы,
Аман болуп ден соолукта жашасаң,
Бакыт тура өмүрүмдүн ардагы.





## КЫШ

Сүрөтүн тартам бүгүнкү күндүн жамалын,
Сулуу бир болгон аппак кар курчап тарабын.
Суукта калган бак-дарак башы ийилет,
Суктанам карап кышымдын бүгүн кабагын.

Түнөрөт булут, көргөзбөй тоонун ар жагын,
Түтүндөр чыгып төбөдөн секин тамдардын.
Тоңгонун билбей ойногон жаштар көрүнөт,
Тоодон ылдый чанасын тээп балдарың.

Терезе коздоп тартылган түркүн сайманын,
Таңдана карайм түн бою аяз тартканын.
Табият берген сыйкыры кыштын өзгөчө,
Тынчтыкка бөлөп айлана уктап жатканын.

Үшүгөн кезде үйүмдөн чыкпай каламын,
Үзбөй мен улап отумду улам жагамын.
Үңүлүп тиктеп кагаздан башым көтөрбөй,
Үлгүрүп кышым өзүңө ырды жазамын.

## КЫШ

Кар төгөт бороон болуп, бир нерсе улугандай,
Асманды тиктеп турсам бийикке учургандай.
Туңгуюк бул өмүрдө кыялга чөмүлөмүн,
Оронуп калың карга бак- дарак уктагандай.

Боз тартып бир заматта айлана өзгөрүлгөн,
Бул күндөр кыштын көркү кар жааса нур төгүлгөн.
Колуна чана сүйрөп жаш балдар араң басат,
Кечээки бала күнүм менин да эске түшкөн.

Итимдин үнү чыкпай аны да уйку басат,
Токтосо жааган карды ал дагы күтүп жатат.
Бул көрүнүш убактылуу болсо да табияттын,
Ызгаар суук токтобостон баарына кулач жаят.

Керемет кандай күндөр өткөнүн сагынамын,
Жаштыкты эстеп алып кышында тазарамын.
Жаш балдар карга оонап жүргөнүн көрүп алып,
Балалык калып кеткен эстеймин кайрылбасын.





## ҮМҮТ

Үмүт деген көрүнбөгөн от сыяктуу адамга,
Быкшып түтөйт күйө албай өмүр деген жалганда.
Түтөйт бирок өчүп барат карап койгон пенде жок,
Керек болсо көңүл буруп кайра аны жакканга.

Көрүнбөстөн араң турат, күйөт бирок тутанбай,
Айлаң кетет жаккан менен алоолонуп күйө албай.
Үстү үстүнө отун таштап аракет кылсаң да,
Тээ түбүндө салып койгон суу отунуң кургабай.

Үмүт деген өчүп барат от түбүндө чок болуп,
Кургак отун салсаң эгер алоолонот от болуп.
Кетирбестен кармап алсаң отун такыр өчүрбөй,
Керек болсо ээрчип жүрөт кайда барсаң от болуп.

Үмүттү сен кетирбестен ээрчитип жүр кемитпей,
Суу сепсең да өчпөй күйөт керексиз бир желимдей.
Күйгөн жакшы, өчпөсө дейм бул өмүрдө түбөлүк,
Өзүң менен кошо кетет көрүнбөгөн эгиздей.

Кээде үмүт күчтүү болот таш көмүрдөн жаккандай,
Табына да чыдай албай, бирок сени чаңкатпай.
Өчүрбөстөн жашап өтөм, үмүт менен адаммын,
Байкатпастан өзү келип издеп алып тапкандай.

Үмүт деген кээде алсыз куурай, кашек жаккандай,
Аргасыздан алсыз күйүп табы жетпей калгандай.
Не болсо да өчүрбөстөн кошо алып жүрөмүн,
Үмүт менен жашап өтөм, күндө атчу ак таңдай.

## ҮМҮТ ДЕГЕН

Үмүт деген күн сыяктуу нур бетиңден сылаган,
Акырындап жарык берип сага тоскоол кылбаган.
Тегиз тиет бүт баарына, берет анан жылуулук,
Арасында пенде болот көлөкөдөн чыкпаган.

Үмүт деген кандай жылуу, мээримине суусаткан,
Үшүп турсаң нурга бөлөп, жашоо берип чыңалткан.
Кээде үмүт өчүп барат батып жаткан күн сымал,
Кайра жанат таңдан чыгып тоо башынан келаткан.

Үмүт өчпөй жашай берет түбөлүккө ар качан,
Суу сыяктуу агып турат нугун таап кармасаң.
Соолутпастан кармай билгин арыгын чаап ар качан,
Жоготпостон сактап алчы, аяр күтүп караган.

Үмүт деген бак сыяктуу аны тигип карасаң,
Түшүм берет өскөн кезде, кол тийгизбей кайтарсаң.
Үмүт жашайт адам менен түбөлүктүү өмүрдө,
Жолун тосуп кастарлай бил,изде эгер таппасаң.

Үмүт деген шооло болот караңгыда көрүнгөн,
Ээрчип алсаң жол көрсөтөт нурун чачып төгүлгөн.
Үмүттү сен каталбайсың, алтын эмес, зат эмес,
Кошо ээрчийт көрүнбөстөн, өчүрбөйсүн өмүрдөн.

Үмүттү сен саталбайсың, сатып дагы албайсың
Жардам берсе эгер бирөө кокусунан карайсың.
Өчүрбөстөн, аяр карма, көрүнбөгөн жип сымал,
Үзүп алсаң жоготосуң жашап жаткан жалгандан.

Үмүт деген кыл сыяктуу бирок көзгө көрүнбөйт,
Үзбөй аны аяр сакта, өтө назик үлбүрөйт,
Жашоо менен кошо берди бул өмүрдө үмүттү,
Кудайымдын шооласы бул, карма бекем өчүрбөй.





## МЕН ТИЛЕЙМИН КАЛКЫМА

Адамзатым жакшы жолду тандаса деп,
Жашоосуна көз жүгүртүп караса деп,
Тынч өмүр кечиришип бул өмүрдө,
Тилеймин биримдикте жашаса деп.

Жакшылыктан эч бир пенде калбаса деп,
Кур намысты, сарсанааны тартпаса деп,
Жашоодо телегейи тегиз болуп,
Кааладым бейкуттукта жашаса деп.

Бекеринен ушак сөздү айтпаса деп,
Бирөөлөрдүн убалына калбаса деп,
Тилеймин айкөлдүктү,калыстыкты,
Пенделер кечиримдүү жашаса деп.

Ак сакалдар улуулугун сактаса деп,
Улгайганда үй-бүлөсүн чанбаса деп,
Ойлономун ынсап берип бул турмушта,
Улуу муундун өкүлдөрү макталса деп.

Жаштарыма жакшы сөздөр арналса деп,
Бул заманда күзгү болуп жашаса деп,
Тирүүлүк өтө берет билинбестен,
Кааладым үлгү болуп жашаса деп.

## АТА МЕКЕН

Карегимдей ыйык сактайм, Ата Мекен,
Кемибестен чек араң болсун бекем.
Канат кагып өзүңө кызмат кылсам,
Кайдыгер карабастан сага деген.

Ширетилген чынжырдай болчу бекем,
Шумкар болуп үстүңдөн коргойм десем.
Шаттанамын өзүң үчүн кызмат кылсам,
Шоола берип турасың, Ата Мекен.

Үмүтүңдү өчүрбөстөн актайм деген,
Үлгүлүү уулдар чыксын коргоп элден.
Үшүтпөй кармап мени колдоп алган,
Үйүмсүң, барар жерим, Ата Мекен.

Көз мончогуң болоюн коргоп берген,
Сөз тийгизбей а́сырап канча элден.
Кайдыгер карабастан түбөлүккө,
Колдойм сени ар дайым, Ата Мекен.





## БАКТЫЛУУ БОЛСУН БӨБӨГҮҢ

Бакыт каалайм кичинекей уулуңа,
Өсө берсин ширин болуп кулпура,
Тилек кылып бата алсаң элиңден,
Күбө болсок тушоо кесүү тоюна.

Көз тийбесин кичинекей уулуңа,
Жөлөк болсун чоңойгондо бутуңа
Балалыктын таттуу күнүн өткөрүп,
Эр жеткенде бийик консун тууруна.

Ден соолукту кудай берсин уулуңа,
Кызмат кылган жигит болсун журтуна,
Эр Манастай баатыр болуп чоңойсун,
Бой жеткенде улуулукка умтула.

# ОЙЛОНОЛУ

Утурумдук ойдон жашоо кургандай,
Түбөлүктүү азык болуп тургандай,
Эй, пенделер, ойлонолу эртерээк,
Астыдагы жашоо өзү тумандай.

Баштап алган жумуш калат уланбай,
Жашасакчы канча элден суранбай,
Эмгек менен тапсак болот а бирок,
Өлкө үчүн карыз берсе кубанбай.

Берген акча пайда үчүн жумшалбай,
Чоңдор алат бөлүштүрүп уялбай,
Өлкөм бүгүн сазда калды сүйрөлүп,
Илип карыз көтөрө албай, туралбай.

Келечекти кандай болот туялбай,
Көңүлдөрүн калкым үчүн буралбай,
Убакыттын өткөнүнө кубанып,
Кээ бир чоңдор жашай берет уялбай.

Жашайлычы келечекти булгабай,
Калат окшойт карызыбыз кургабай,
Ойлонушса чоңдорубуз а бирок,
Туула элек баланы да чулгабай.





# КООМДОГУ БОЛУП ЖАТКАН ТЕРС КОРУНУШТОРДОН УЛАМ

Эмне болгон сөз кеткенби кыргызга,
Көз тийгенби түшүнбөдүм чынында.
Эки аяктуу айбан чыгып элимден,
Тамтуң баскан жаш балага кызыга.

Теңегенмин улутумду жылдызга,
Үлгү болгон нечендеген кылымга.
Турат бүгүн бир кумалак чиритип,
Кумар болуп жаш баланын ыйына.

Ыйык көрөм бала үнүн, жытын да,
Тийбесинчи эч бир нерсе, кыпын да.
Коргой билчи өз балаңды адамзат,
Алыс болуп жат көрүнүш кыргызга.

Эли дешет сөз тийгизбе Чыңгызга,
Ойлон пенде доо кетирбе кыргызга.
Ата салтын бийик сактап келаткан,
Кыргыз таза жашасынчы кылымда.

# САЯСАТ

Бизге жашоо эмнелерди үйрөттү,
Өмүр берди, өнөр берип гүлдөттү.
Адам деген заты окшош а бирок,
Мүнөз менен кыял кошуп түрлөнттү.

Сөздү берген, не түркүн кыл сүйлөттү,
Ызалантты, капалантты, сүрдөттү.
Кандай күндөр өтүп жатат билинбей,
Алып бүттү көралбастык жүрөктү.

Ушак сөздөн ышка салып түтөттү,
Утурумдук ойлор менен күн өттү.
Оору кетпей саясат деп элимден,
Бешиктеги баланы да жүдөттү.

Билимсизди саясатта сүйлөттү,
Криминалга бийлик берип бүрдөттү.
Карапайым элди салып ортого,
Туткасы жок күрөк менен күрөттү.

Эх, саясат, баарыбызды жүдөттү,
Тартса болот таза тунук сүрөттү.
Калкан болсом пайдам тийип элиме,
Өлкөм үчүн тоскум келет жүрөктү.





# ЖАШОО ӨЗҮ ТАБЫШМАК

Келечегим эмне күтөт табышмак,
Өткөн өмүр болуп берет жандырмак.
Утурумдук мезгил кандай болорун,
Айтуу өзү татаал экен бул убак.

Келээр күндү күтүп неге сагынмак,
Артты карап өткөн күнгө таарынмак.
Кандай учур болуп кетет айталбайм,
Жашайлычы жакшы маанай тартуулап.

Эртеңки күн бүрдөп турган бак- дарак,
Кечээки күн жерге түшкөн жалбырак.
Мына ушинтип кайталанып өмүрүм,
Көрүнгөнсүйт бир керемет жалтырап.

Келечегим туңгуюк да, табышмак,
Токтобостон жүрө берсин жол улап.
Кечээки күн көз манчоктой тизилип,
Жылмаюуну берсең экен тартуулап.

## КААЛАЙТ ЭЛЕМ ЭЛИМЕ

Эркин учкан куштун дагы сынбасынчы канаты,
Жерде баскан кумурсканын болбосунчу жараты.
Оо, тирүүлүк, алып келдиң ыйык болгон жашоону,
Бул заманда адамзаттын артсын жакшы сапаты.

Көктө жанган Айымдын да эч болбосун санаасы.
Жерде өскөн гүл багымдын көбөйсө дейм калаасы.
Жакшылыгын аябаган бул тирүүлүк баарынан,
Бейкут жашоо, тынч өмүрдүн кеңейсинчи талаасы.

Алыстаган туугандардын жакындасын арасы,
Арасында болбосунчу ниети жаман карасы.
Тирүүлүктө мейман болуп убактылуу келгенбиз,
Ынтымактуу жашасынчы ата менен баласы.

Ушул жашоо тирүүлүктүн түбү такыр түгөнбөй,
Биримдикте жашай берсин келин, кызы, апасы.





## КЫРГЫЗЫМ

Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй,
Жан дүйнөсү таза тунук көлүмдөй.
Эр Манастын урпактарын улаган
Жашайт элим биримдикте бөлүнбөй.

Жолобосун кайгы, капа көрүнбөй,
Тынчтык болсун чачырабай, төгүлбөй.
Кылымдардан кылымдарды улаган
Жашайт элим түбөлүктүү өмүрдөй.

Кыргыз жерим бейиш жердин төрүндөй,
Ыйык сактайм карегимдей, көзүмдөй.
Кандай күндү буюрса да тагдырым
Жашап келген, жашап келет өркүндөй.

## АВТОРДОН

Ырларымдын ыр жыйнак болуп чыгышына өз салымын кошуп, себепчи болгон Гүлпар Сүйөркулова, Назирхан Шерматова эжекелериме терең ыраазычылыгымды билдирем.

Гүлпар эжекем ырларымдын маанисин, түзүлүшүн, курулушун жалпы жолунан талдап, өз сын пикирин айтып поэзияга болгон кеп кеңешин берсе, Назира эжекем ырларымды колуна алган соң, мендеги чоң каталык « Сүйүү» темасына басым жасай албаганымды айтып, сүйүү ырларымдын жаралышына психолог жана педагог катары чоң салымын кошту десем туура болот.

Анткени «Сүйүү» темасы жок ыр жыйнагым көрксүз, супсак болоруна ынандым. Мага жол көрсөтүп, поэзияга аралашып, поэзия жашоомдун бир бөлүгү катары кабыл алуума түрткү болгон эжекелериме дагы бир жолу терең ыраазычылыгымды билдирем.





## ӨМҮР БАЯН

Калмаматова Нуржамал Алимбековна

Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Көлдүк айлында туулган. Айылдагы №12 Рысбай Конкошев атындагы орто мектепти бүткөн соң, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филология жана журналистика факультетин аяктаган.

Кыргызстан жазуучулар союзунун алдында түзүлгөн «Кыздар ай» адабий клубунун жана Кыргыз акын жазуучулар коомдук фондунун мүчөсү.

Үй бүлөлүү. 2 уул, 1 кыздын энеси.

## МАЗМУНУ

Баш сөз...3

**Бар байлыгым бакыт жашоо ырларым, башка жанга айта албаган сырларым**

Ырга айланган арзуулар...7
Ырлар жазсам...8
Эски дептер...9
Ырларым...10
Өчпөсүнчү ырларым...11
Ырларыма кааларым...12
Ырларымды уурдаба...13
Байлыгым...14
Тандайм сени кайрадан...15
Тоскоолдукка карабайм...16
Мен өмүрдө...17
Бактылуумун...18
Куржунум...19
Жаралгандай ыр үчүн...20

**Сиз жөнүндө бүтпөй ырлар жазылар, далай, далай алтын сөздөр табылар**

Жашай берем сен бар үчүн...22
Куттуу болсун...23
Мен деп гана сого берсиң жүрөгүңүз...24
Түшүнсөң мен жазайын...25
Ордуң бөлөк садагам...26
Мен болоюн...27
Менин бактым...28
Алып кетчи...29
Шам чырак...30
Менин жүрөгүм...31
Сизге...32
Бактылуу болуп кетем...33
Жашоом бирге...34
Бир өзүңсүң...35
Кымбатым...36
Келгенсиң...37
Бир өзүңө...38
Сагынам да...39
Сен менин бакытымсың...40

**Сүйүү, сүйүү бир башкача керемет сыздап жүрөк жан дүйнөң да термелет**

Сени сүйөт периште...42
Мен сени сүйгөн жокмун...43
Чыгаралбайм жүрөгүмдөн...44
Сүйүү...45
Сүйүү эпкин...46
Акыркы катым...47
Мен сүйүүнүн курманы...48
Алыстадың...49
Суранам сүйүү сенден...50
Деги кандай...51





Жашаймын бирок сени унуталбай...52
Мен сен үчүн...53
Алмаштырып жатамбы?...54
Каалап турам...55
Сага болгон сүйүүм өчпөй жашасын...56
Өкүнгөндө эмне деймин айтканыма...57
Суроо бербе кыйнабай...58
Ардагым менин...59
Элесиңди сагынам...60
Жашоом бөлөк...61
Таппадым мен сүйүүнүн улукманын...62
Ооруп турам...63
Ала-арчанын жамгыры...64
Жамгыр мени ыйлатып...65
Багындырып алды сүйүү...66
Билесиңби, сезесиңби, туясыңбы?...67
Тосуп алчы...68
Балким мага ушундай сезилеби?...69
Ойлономун...70
Кеттиң бирок...71
Каалайдым неге?...72
Быйылкы жаан...73
Кыйнабачы кабарыңды билгизбей...74
Кызганамын...75
Биз экөөбүз...76
Кандай сезим...77
Жүрөгүмдүн эркеси...78
Издеп келем...79
Мен сен үчүн бийлейинчи...80
Кеч аңдадым сүйүүмдү...81
Кылымга тете бир күнүм...82
Бир күн жашайм бактылуу...83
Сүйүү мага...84
Эч ким айтпас деп ойлоном...85
Келесиңби кусалыктан куткарып...86
Билсең экен...87
Кыялымда жашайсың...88
Кусалыгым сыйбай барат...89
Айттырып кой, билгизип кой кабарың...90
Кайсыл күнү кубанат?...91
Билип кой...92
Калыстык...93
Сезимиң...94
Экинчи...95
Азыр неге сагынам?...96
Сүйө берем...97
Суранамын...98
Билгизбеймин сени сүйгөн азабымды...99
Айта көрбө жакшынам...100
Түшүнөөрсүң бир күн менин абалыма...101
Менин сүйүүм...102
Дебечи...103
Тойбойм, канбайм үнүңө...104

**КАЛМАМАТОВА НУРЖАМАЛ**

# ЫРГА АЙЛАНГАН АРЗУУЛАР

*Редактор* Гүлпар Сүйөркулова
*Корректор* Айтурган Алимбек кызы
*Компьютерде калыпка салган* Нурлан уулу Эрмек

Терүүгө 20.07.2016-ж. берилди.
Басууга 01.08.2016-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$. Көлөмү 20 б.т.
Нускасы 500 даана.

---

"Абыкеев А.Э." жеке менчик басмасы.
Бишкек шаары, Абдумомунов көч., 193

*Өмүрдүн дайрасын мен сүзгүм келет,*
*Ыймандын туусун бийик кармап алып.*
*Жашоодо таза жашап өткүм келет,*
*Үй-бүлө, балдарымды жандап алып.*